# ОКУЯГА НЕГИЗДЕЛГЕН ИЛИКТӨӨ:

## ЖУРНАЛИСТТИК ИЛИКТӨӨ ҮЧҮН КОЛДОНМО


КИТЕПТИН АВТОРУ: МАРК ЛИ ХАНТЕР / MARK LEE HUNTER

АВТОРЛОШ: НИЛЬС ХАНСОН / NILS HANSON
РАНА САББАХ / RANA SABBAGH
ПИА ТОРДСЕН / PIA THORDSEN
ЛЮК СЕНГЕРС / LUUK SENGERS
ФЛЕММИНГ ТЕЙТ СВИТ / FLEMMING TAIT SVITH



Долбоорду каржылагандар

Европа Биримдиги менен Норвегия Өкмөтү

Долбоорду ишке ашырган

INSTITUTE FOR WAR & PEACE REPORTING

IWPR

Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту

# STORY-BASED INQUIRY:
A manual for investigative journalists

* * *

# ОКУЯГА НЕГИЗДЕЛГЕН ИЛИКТӨӨ:
журналисттик иликтөө үчүн колдонмо

УДК 070
ББК 76.12
М 27

Китептин автору: Марк Ли Хантер / Mark Lee Hunter

Авторлош: Нильс Хансон / Nils Hanson, Рана Саббах / Rana Sabbagh,
Пиа Тордсен / Pia Thordsen, Люк Сенгерс / Luuk Sengers,
Флемминг Тейт Свит / Flemming Tait Svith

Редактор: Кумар Бекболотов

Котормочу: Алмазкан Акматова

**Марк Ли Хантер**

М 27 Story-Based Inquiry: A manual for investigative journalists. - Окуяга негизделген иликтөө: журналисттик иликтөө үчүн колдонмо. – Б.: «V.R.S. Company», 2015. – 148 б.

ISBN 978-9967-27-712-0

«Окуяга негизделген иликтөө»: журналисттик иликтөө үчүн колдонмо Европа Биримдиги жана Норвегия Өкмөтүнүн каржылык колдоосу менен Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү тарабынан жүзөгө ашырылуучу «Демократиялык реформаларды алгалатуу үчүн, журналисттик иликтөө тажрыйбасын калыптандыруу: укук коргоо уюмдарынын, мамлекеттик институттардын жана ММК өкүлдөрүнүн ортосундагы кызматташтыкты жөнгө салуу» долбоорунун алкагында даярдалды.

Долбоор адам укуктарына байланышкан түрдүү темаларда журналисттик иликтөө жүргүзүүдө көз карандысыз массалык маалымат каражаттарынын беделин жогорулатууга багытталган. Бул колдонмо Борбордук Азия мамлекеттеринин журналисттери үчүн журналисттик иликтөө боюнча өз тажрыйбаларын өстүрүүдө пайдалуу жана маанилүү каражат болуп эсептелет.

Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту долбоорду ишке ашырууда жана бул колдонмону даярдоодо колдоо көрсөткөн Европа Биримдигине жана Норвегия Өкмөтүнө терең ыраазычылыгын билдирет. Бул колдонмонун өзү Борбордук Азия аймагында журналисттик иликтөө жанрынын өнүгүшүнө баа жеткис салым кошот.

Басылманын мазмуну үчүн IWPR толук жооптуу жана ал Европа Биримдиги менен Норвегия Өкмөтүнүн көз карашын чагылдырбайт.

«Story-based inquiry: manual for investigative journalists» алгачкы колдонмо 2011-жылы ЮНЕСКО тарабынан англис тилинде чыгарылган.

Бул басылмадагы материалдарды колдонууга CC-BY-SA лицензиясынын негизинде гана уруксат берилет.

М 4502020000-15
ISBN 978-9967-27-712-0

УДК 070
ББК 76.12

© Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту (IWPR), 2015

## УРМАТТУУ КЕСИПТЕШТЕР,

Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту (IWPR) 15 жылдан ашуун убакыттан бери Борбордук Азиядагы медиа–ландшафтты бекемдөөгө жана өнүктүрүүгө жардам берип келүүдө. Ал үчүн бул уюм аймактагы өлкөлөрдүн журналисттерин окутуу учурунда дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбаны жана ыкмаларды колдонуп келет. Биздин көздөгөн максат бул Борбордук Азиядагы ММКлардын өзүнө таандык ордуна толук кандуу ээ болуусу, жана өздөрүнүн негизги миссиясы - коомдун өсүп өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүсү.

Биздин пикирибизде, ар бир коом үчүн билгиликтүү, күчтүү, көз карандысыз жана сапаттуу журналистика мыйзамдын бийиктиги, жарандык укуктардын сакталышы, туруктуу экономикалык өнүгүү, натыйжалуу мамлекеттик башкаруу, конфликттерди жоюу сыяктуу мүдөөлөргө жетүүдө чечүүчү фактор болуп келет.

Журналисттик иликтөө боюнча бул колдонмо Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун(IWPR) күчтүү жана сапаттуу журналистиканы өнүктүрүүгө багытталган көп жылдык ишмердигинин уландысы болуп эсептелет. Ушул максатта IWPR өз беделин өнүктүрүүгө умтулган журналисттер үчүн маанилүү колдонмолорду даярдап жана таркатып келүүдө.

«Окуяга негизделген иликтөө: Журналисттик иликтөө үчүн колдонмо» журналисттик иликтөөнү пландаштырып, жүргүзүп жана коомчулукка жарыялоонун жолдорун сунуштайт. Журналисттик иликтөө – бул коомдогу курч көйгөйлөрдү чечүүгө олуттуу таасир берүүчү жанр. Натыйжалуу иликтөөлөрдү жүргүзүү боюнча өздөрүнүн эл аралык тажрыйбаларына таянуу менен, бул колдонмонун авторлору иликтөө процессинин ар бир кадамын сүрөттөп жазышкан жана иликтөөнүн ар бир этабына так сунуштамаларды көрсөтүшкөн.

Авторлордун методикасынын маанилүү өзгөчөлүгү – бул иликтөөгө алынган негизги тезистерди текшерүүгө карата текши, сын мамиленин болгондугунда. Бул журналисттердин маалымат менен тыкыр иштөөсүнө жардам берип, коомдук пикирди, күн тартибин түзүү аркылуу чечим кабыл алуучу кызмат адамдарына таасирин тийгизип, кырдаалды жакшы нукка өзгөртө ала турган материалды даярдоого көмөктөшөт. Мындай материалдар узак мөөнөттүү, институционалдык өзгөрүүлөргө шарт түзөт.

Ар кандай себептерден улам, журналисттик иликтөө коомдук деңгээлдеги маанилүү маалыматтарды берүүдө натыйжалуу ыкма болгонуна карабастан, биздин аймактагы өлкөлөрдө сейрек колдонулуучу жанр болуп кала берүүдө. Бул колдонмо иликтөө жүргүзгөн журналисттерге, иликтөө топторуна, жана редакторлорго иликтөө процессин аягына чыгарууда жардам берген пайдалуу курал болуп калат деп ишенебиз. Колдонмонун окурмандарына адистик ийгиликтерге жетүүнү каалоо менен, кызыккан тараптар менен кеңешүүгө жана кызматташууга дайыма даяр экендигибизди билдиргибиз келет..

**Урматым менен,**
**Абахон Султоназаров**
**IWPRдын Борбордук Азиядагы Аймактык Директору**

# МАЗМУНУ

1-глава. ПРЕДМЕТ ..... 10
Журналисттик иликтөө – бул адаттагы кабарчылык иш эмес ..... 10
Иликтөө үчүн тема тандоо ..... 16
Тема иликтөөгө татыктуубу? ..... 18

2-глава. ГИПОТЕЗА ..... 20
Гипотеза – бул окуянын өзү жана аны текшерүүнүн ыкмасы ..... 20
Иликтөөнү гипотеза аркылуу башкаруунун артыкчылыгы ..... 23
Гипотеза коркунучтуу болушу мүмкүн ..... 26
Гипотезалар кандай иштешет? ..... 27
Гипотеза катары расмий версияларды колдонуу ..... 31
Стратегиядан баштаңыз! ..... 33
Кичинекей Доунун трагедиясы аталган гипотезага негизделген иликтөөнүн алкагында белгилүү бир учурду талдайлы ..... 34
Иликтөөнү натыйжалуу жүргүзүү үчүн гипотезаны туура колдон ..... 40
Көңүлүңүздүн баарын окуяга буруңуз ..... 43

3-глава. ТЕКШЕРҮҮ ..... 44
Кириш сөз: Жабык эмес ачык эшикке кириңиз ..... 44
Кандай булактар ачык булактар деп аталат? ..... 47
Ачык булактарды иликтөөдө колдонуунун стратегиясы ..... 52
Ачык булактар бийликтин булагы катары ..... 54
Ачык булактарды издейбиз ..... 56
Өз булактарыңызды натыйжалууу колдонуу үчүн эксперттерди тартуу ..... 59
Тез арада ишке киришиңиз... бирок жөнү жок шашкалактабаңыз! ..... 61

4-глава. АДАМ – МААЛЫМАТ БУЛАГЫ ..... 62
Маалымат булактарын табуу картасы ..... 63
Маалымат булактарына алар менен сүйлөшүүнүн себептерин түшүндүрүңүз ..... 65

Алгачкы жолугушуу: даярдануу жана чыкыруу ..................................... 67
Карым-катнашты түзүү: максаты жана ролу ........................................... 71
Интервью өткөрүүнүн тактикалык ыкмалары ......................................... 77
Басылмагабы, басылмага эмеспи же анонимдүүбү? ............................ 82
Эмоцияларды колдонобуз .......................................................................... 85

**5-глава. УЮШТУРУУ ......................................................................89**
Өз документтериңизди уюштуруңуз ......................................................... 90
Маалыматтарды бир түзүмгө келтирүү: башкы архивди түзүү .............. 94
Маалыматтар ортосундагы өз ара байланышты иреттештирүү .......... 100

**6-глава. ЖАЗУУ ...............................................................................103**
Маалымат берүүнүн элементтери ......................................................... 104
Өз стилиңизди иштеп чыгыңыз: моделдерди колдонобуз ................. 107
Баяндоонун түзүмүн аныкта: хронология же одиссея түрүндөбү?...... 108
Хронологияны түзөбүз жана өзгөртөбүз............................................... 110
Башкы архивди колдонобуз.................................................................... 112
Атайын композициялык ыкмалар ......................................................... 116

**7-глава. КӨЗӨМӨЛ ........................................................................128**
Фактыларды текшерүү деген эмне?........................................................ 129
Этикалык жагдайларын текшерүү ......................................................... 132
Фактыларды текшерүү үчүн негизги архивди пайдалануу.................. 137
Фактыларды текшерүүнүн алдын-ала белгилүү психологиялык кесепеттери ............................................................................................ 139

**8-глава. ЖАРЫЯЛОО ....................................................................142**
Жарыялоо................................................................................................. 144
Жарыялоого камылгалар ........................................................................ 145
Жайылтуу................................................................................................. 145
Аягында .................................................................................................... 146

# STORY-BASED INQUIRY:
## A manual for investigative journalists

* * *

# ОКУЯГА НЕГИЗДЕЛГЕН ИЛИКТӨӨ:
## журналисттик иликтөө үчүн колдонмо

Бул окуу курал журналисттик иликтөө жүргүзүүнүн негизги методдорун жана ыкмаларын өзүнө камтыган колдонмо жана ал бул багытта жазылган адабияттардагы боштукту толтуруу максатында чыгарылды. Журналисттик иликтөө жүргүзүү боюнча жазылган окуу куралдарынын көбүндө, маалыматты кайдан табуу керек деген маселеге көп орун берилген. Алар бул жерде тигил же бул журналист өзү издеп жаткан маалыматты табаары менен мыкты материал жаза алат деп эсептешет. Бирок, биз бул көз караштан алыспыз. Биздин оюбузча, маалымат табуу – бул негизги маселе эмес. Тескерисинче, негизги милдет окуяны айтып берүү. Ушундан улам колуңуздардагы колдонмонун негизги методологиялык жаңычылдыгы төмөндөгүдөй:

Окуяны, биз иликтөө процессинин, концепциядан баштап иликтөө, жазуу, сапатын көзөмөлдөө, жарыялоо сыяктуу ар бир этабын бири-бири менен байланыштырып бир бүтүмдүктө кармап туруучу нерсе катары колдонобуз.

Бул ыкманы гипотезага негизделген иликтөө деп да атайбыз, анткени биз айта турган окуяны алгач далилдөөнү же четке кагууну талап кылган гипотеза түрүндө билдиребиз. Бул көп тармактуу процесстин биринчи кадамы болуп эсептелет:

Окуянын негизинде жаткан гипотезаны анализдөө аркылуу журналист кандай маалыматты издөө керектигин ачык көрө алат. Редактор же журналист иликтөө долбоорун жүргүзүүнүн мүмкүндүгүн жана ага байланышкан чыгымдарды, көздөгөн пайданы, аны ишке ашыруунун жолдорун оңой эле баалай алат.

- Иликтөөнүн жүрүшүндө кабарчы же иликтөө тобу макаланын бүткөн вариантынын атайын бөлүктөрүн жазуу үчүн өздөрүнүн материалдарын чогулта башташат. Бул, макаланын сапатын көзөмөлдөөнү жеңилдетип, анын юридикалык жана этикалык

критерийлерге жооп берээрин жакшылап түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

- Иликтөө процессинин жыйынтыгында чыгып келген окуя өтө курч бир нече сүйлөмдөр менен чагылдырылып, жайылтууга мүмкүн болгон, далилдүү, эсте калаарлык калыпка келет.

Гипотезага негизделген иликтөөнү ойлоп табуучуларданбыз деп ишендиргим келбейт. Ушундай эле ыкмалар бизнес боюнча кеңеш берүүдө, коомдук илимдерде жана аскер иштеринде колдонулат. Биз бул ыкмаларды деги эле журналистикада, ошондой эле журналисттик иликтөөнүн максатына жетүү үчүн колдонууга боло тургандыгына көзөмөл жүргүздүк. Журналисттик иликтөөнүн максаты – ашыкча жапа чегүүлөргө алып келген көйгөйлөрдү чечүүгө бөгөт койгон коомду өзгөртүп кайра түзүү.

Бул узакка созулган жана коллективдүү иш болду. Мен ага 1990-жылдан баштап кошулдум, ал мезгилде Френсис Балдын жетекчилиги алдында француздар менен америкалыктардын тергөө методдорун салыштырган доктордук ишимди ортолоп калган элем. Бул менин илимий ишимди улантууга өтө ыңгайлуу шарт түзүп, ошол эле кезекте Пантеон-Асса Париж Универститетинин Малымат институтуна кызматка орношууга мүмкүндүк берди. Ал жерде иштеген 12 жылым, өз иштерине айкөлдүк менен берилген кесиптештердин жана студент-магистрлердин арасында болуу, кошумча көп пайдалуу нерселерди алууга мүмкүндүк түздү. Эки топ тең ушул колдонмодо жазылган методдордун ичинен көптөгөн жеке журналисттин ишмердүүлүгүнө кирбеген башка методдорду да тандоого жол берди.

2001-жылы, өзүм мурда ойлонгондой эле, INSED эл аралык бизнес мектебинде академиялык тыныгуум башталды. Убактылуу илимий кызматымдан кийин штаттан сырткары мугалим болуп иштеп калдым. Бирок, ал жерде эң негизгиси Ив До (Yves Doz), Людо ванн дер Хайден (Ludo Van der Hayden), Кевин Кайзер (Kevin Kaiser) жана башка кесиптештерим менен жанаша иштеп алардан чоң тажрыйба жана терең билим алууга мүмкүндүк алгандыгымда болду. Алар бул колдонмонун жазылышына кыйыр да, ошол эле учурда күчтүү да таасир беришти. Бул окумуштуулар мени ММКнын методдору жөнүндө бир топ абстрактуу ойлонууга жана ишти кыйла жогорку деңгээлге чыгаруу үчүн, аны кантип өнүктүрүп жаңылоо керектигин карап чыгууга түрткү беришти

Мен да өзүмдүн авторлошторум сыяктуу эле бир эле мезгилде практикант катары журналисттик иликтөө менен алектендим. Ошол эле 2001-жылы Журналистиканын Глобалдык Иликтөө Тармагы (Сети) ишке киргизилди.

Аны негиздөөгө Журналистикадагы компьютердик техналогия боюнча Дания институтунан Нильсон Мулвада (Nils Mulvad) жана АКШнын журналист-иликтөөчүлөр менен редакторлорунун Ассоциациясынан Брент Хюстон (Brant Houston) башында турган топ менен биргеликте биздин көпчүлүгүбүз катыштык. Бул андан кийинки, алдынкы тажрыйбаларды алмашуу үчүн өзгөчө форумдун түзүлүшүнө алып келди. Ошону менен катар, Гипотезага негизделген иликтөөнү окуп үйрөнүү менен бир эле мезгилде бир нече өлкөлөрдө өз алдынча алектенише тургандыгы белгилүү болду. Бул, маселенин – масштабдуулугун дагы бир жолу кынтыксыз тастыктап тургансыйт.

Бул окуу куралы жогорудагы иликтөө тармагынын түздөн-түз катышуусу менен чыгарылды. Анткени, дал ошол иликтөө тармагында биз өз авторлорубузду таптык. Колдонмонун негизги авторлошу Нильс Хансон (швециялык) биринчи күндөн баштап ошол иликтөө тармагында сабак берген. Нильс Хансон бул колдонмонун ар бир бөлүмүнүн сөз башын жазууда негизги ролду ойноду. Ал эми Люк Сенгерс (голландиялык) гипотезага негизделген иликтөө жүргүзүү методун долбоорлорду ишке ашырууда да колдонууга боло тургандыгын аныктады. Дагы бир голландиялык Флеминг Свит иликтөө жүргүзүүнүн жөнөкөй жана функционалдык компьютердик ыкмаларын иштеп чыкса, Дрю Салливан (Балканда иштеп жашаган америкалык) уюшкан кылмыштуулук чөйрөсүндөгү иликтөө практикасын системалаштырды. Эң негизгиси, Иликтөө Тармагынын эки жылда бир өтүүчү жыйынынын катышуучулары бул окуу куралына карата өздөрүнүн оң бааларын жана сындарын айтышып, бул окуу куралындагы материалдарга чындыгында талап бар экендигин бир добуштан билдиришти.

Биздин коллективдуу ишибиз Лондон журналисттик иликтөө борборунун жана анын жайкы мектептеринин түзүлүшү менен бир топ чыңдалды. Бул Борбордун негиздөөчүсү Гэвин Макфадйен (Gavin McFadyen) жана анын командасы бизге бир нече жыл бою макала жазуунун окутуунун жаңы ыкмалары менен таанышууга мүмкүнчүлүк беришти. Ошондой эле, Араб журналисттери уюмунун (ARIJ) араб мамлекеттеринде өткөргөн семинарлары да бул китепте жазылган идеялар боюнча

практикалык презентацияларды өткөрүүгө мүмкүндүк берди. Бул процесс, ARIJ сыяктуу эле, «Эл аралык Массалык Маалымат каражаттарын колдоо» уюму жана Дания Парламенти тарабынан каржыланды.

Андреа Кайрола долбоорду ЮНЕСКО уюмуна тапшырууда чечүүчү ролду ойноду, ал эми ЮНЕСКО уюмунда иштеген Могенс Шмидт жана Сяньхун Ху болсо, биз менен ачык жана түшүнүү менен кызматташкан орчундуу адамдардан болушту.

Колдонмо 2009-жылы ЮНЕСКО уюму тарабынан чыгарылганда, 200 дөн ашык интернет сайттары байланышка чыгышып, **«Окуяга негизделген иликтөө: *Журналисттерге арналган колдонмо*»** журналистиканын тарыхындагы эң мыкты таркатылган эмгек болгондугун кабарлашты.

Жуналистикада иликтөө жүргүзүү – бул өзүнчө бир кесип жана белгилүү бир тажрыйба жана билим топтоо. Андан сырткары бул бир үй-бүлө десек жаңылышпайбыз. Мен дал ушул үй-бүлөдө чоңойдум жана анын өсүп өнүгүшүнө өзүм күбө болдум. Бул китеп – ошол үй-бүлөгө алып баруучу сиздин эшигиңиз. Биз сиздерди ушул үй-бүлөнүн мүчөсү болууга чакырабыз жана сиздердин адистик даражаңызды, этикалык принциптерди бийик тутууңуз менен дайыма сыймыктангыбыз келет.

**Марк Ли Хантер**
Редактор жана башкы автор
Париж – Орхус – Лондон – Лиллехаммер

# 1-глава. ПРЕДМЕТ

## ЖУРНАЛИСТТИК ИЛИКТӨӨ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Журналисттик иликтөө – бул кадимки эле маалымат берүү деген түшүнүктү билдирбейт.

Авторлор: Марк Ли Хантер жана Нильс Хансон

Биз эмнени карайбыз:

**Биз кандай иш жасаарыбызды жана эмне үчүн жасаарыбызды аныктайбыз.**

---

## ЖУРНАЛИСТТИК ИЛИКТӨӨ – БУЛ АДАТТАГЫ КАБАРЧЫЛЫК ИШ ЭМЕС

**Журналисттик иликтөө деген эмне? Ал кантип жүргүзүлөт? Иликтөө жүргүзүүнүн зарылчылыгы эмнеде? Бул жанрдын тарыхында чукул бурулуш жасаган Уотергейттин мезгилинен дээрлик жарым кылым өтсө да бул маселе боюнча коомчулук да, журналисттердин жеке өздөрү да бирдиктүү бир пикирге келише алышкан жок.**

Журналисттик иликтөө – бул, кайсы бир кызмат адамы тарабынан атайылап жашырылып коюлган же баш аламан көптөгөн фактылырдын арасынан көрүнбөй калган маселелерди элге алып чыгып, аны талдап, тиешелүү фактылырдын бетин ачып коомчулукка билдирүү.

Иликтөөнү жүргүзүү үчүн жашыруун жана ачык булактарды, ошондой эле документтерди колдонуу зарыл.

Жаңылыктарды традициялык мааниде чагылдыруу көпчүлүк учурда, кээде толугу менен башка адамдар берген материалдарга байланган (мисалы, полиция, мамлекеттик бийлик органдарынын, компаниялардын өкүлдөрүнүн материалдарына). Өзүнүн маңызы боюнча бул процесс реактивдүү. Ал эми журналисттик иликтөө тескерисинче, журналист-

тин жеке демилгеси менен чогултулган же чыгарылган материалдардан башталат. Ушул себептен, бул ыкма көбүнчө «демилгечи журналистика» (enterprise journalism) деп аталат.

Жаңылыктарды чагылдыруу дүйнөнүн объективдүү элесин түзүүгө багытталган. Журналисттик иликтөө объективдүү так материалды, демек фактыларды колдонот. Ал фактылардын тактыгына, дүйнөнү реформалоо боюнча өзүнүн субъективдүү максаттарына жетүү үчүн умтулган ар бир акыл эстүү адам ынанат. Бул бийик максаттар үчүн жалган нерселерге жол берүү дегенди түшүндүрбөйт. Бул дүйнөнү өзгөртүү үчүн чындыкты орнотууга болгон жоопкерчилик дегенди түшүндүрөт.

Кээ бир адистер, журналисттик иликтөө – бул журналистиканын эски мыкты салттарынын нугунда эле жогорку деңгээлде аткарылган иш деп айтканды жакшы көрүшөт. Ооба, журналисттик жумуштун эки формасы тең көңүлдү негизинен «ким», «эмне», «кайсыл жерде» жана «качан» деген элементтерге бурат. Бирок салттуу журналистиканын «эмне үчүн» деген бешинчи элементи журналисттик иликтөөдө «кантип, кандай жол менен» деген аталыштагы элементке айланат. Ал эми калган элементтери сандык жагынан гана өспөстөн, сапаттык жактан да өсүүгө дуушар болушат. «Ким» деген элемент адамдын аты же кызматынын аталышы эле болбостон, ал өзүнүн кулк мүнөзү жана журум-туруму менен айырмаланган инсан. «Качан» – бул жаңылыктарда белгиленген убакыт эмес, ал баяндоонун тарыхый мезгили. «Эмне» – көпчүлүк окуялардын ичинен кадимки окуя эмес, өзүнүн себептери жана натыйжалары болгон көрүнүш. Ошондой эле «Кайсыл жерде» – жөн гана дарек эмес, бул – тигил же бул көрүнүштүн орун алышы мүмкүн болгон абал. Дал ушул элементтер жана деталдар журналисттик иликтөөнү мыкты сапатта аткарууга шарт түзүп, анын эмоционалдык таасирин күчөтөт.

Кыскача айтканда, журналисттер өз карьерасынын алкагында күндөлүк жаңылыктарды чагылдыруу менен катар эле, иликтөө менен да алектене алышат. Бул эки рол тең өз ара өзгөчөлөнгөн жөндөмдүн, иш тажрыйбанын, ыкмалардын жана максаттардын болушун талап кылат. Алардын ортосундагы айырмачылык төмөндө келтирилген таблицада көрсөтүлгөн. Бул айырмачылыктарды бири-бирине келишкис карама-каршылык катары түшүнбөш керек. Бул маалыматтар, баарынан мурда, төмөндөгүдөй маалымат берет: мисалы, таблицанын сол мамычасын-

да берилген критерийлерге шайкеш келген учурда журналист кадимки кабарчынын ролун аткарат, ал эми таблицанын оң мамычысында көрсөтүлгөн критерийлерге жакындаган сайын журналисттин аракети иликтөөгө жакындай баштайт.

| САЛТТУУ ЖУРНАЛИСТИКА | ЖУРНАЛИСТТИК ИЛИКТӨӨ |
|---|---|
| **ИЗИЛДӨӨ** | |
| Маалымат белгилүү бир темпте чогултулат жана берилет (күн сайын, жума сайын, ай сайын). | Маалымат ич ара байланыштуу жана толук болмоюнча чыгарылбайт. |
| Изилдөө ыкчам жүргүзүлөт. Материалды түзүп бүткөндөн кийин, аны илгерилетип изилдөө жүргүзүлбөйт. | Окуя такталмайынча изилдөө жүргүзүлө берет, балким аны жарыялагандан кийин да улантылышы мүмкүн. |
| Материал зарыл болгон минималдуу маалыматка негизделип, ал өтө кыска болушу мүмкүн. | Материал мүмкүн болгон максимум маалыматка негизделип, ал өтө узун болушу мүкүн. |
| Маалымат булагынын билдирүүсү документти талап кылбашы мүмкүн. | Материал маалымат булагынын билдирүүсүн тастыктоого же жокко чыгарууга жөндөмдүү болгон документтин болушун талап кылат. |
| **МААЛЫМАТ БУЛАГЫ МЕНЕН ӨЗ-АРА МАМИЛЕ** | |
| Маалымат булагынын аныктыгын далилдеген фактыга ишенүү менен эле аны текшерүүсүз эле колдоно алат. | Маалымат булагынын аныктыгын далилдеген фактыларды биринчи орунга коет, аны тактап текшерет; маалымат булагынын кайсы бири болбосун жалган маалымат бериши мүмкүн; эч бир маалыматты текшербестен туруп колдонууга болбойт. |
| Расмий булактар өз кызыкчылыгын көздөп журналистке маалыматты чектөөсүз беришет. | Расмий маалыматтар – журналисттен жашырылат, анткени анын ачылышы бийлик органдарынын же институттарынын аброюн кетирүүгө негиз болушу мүмкүн. |

| САЛТТУУ ЖУРНАЛИСТИКА | ЖУРНАЛИСТТИК ИЛИКТӨӨ |
|---|---|
| Журналист теманын расмий версиясын башка булактардын комментарийлери менен ырастоолоруна салыштыра алса да, аны кабыл алууга милдеттүү. | Журналист көз карандысыз булактардан түшкөн маалыматтарга таянып, теманын расмий версиясын ачык эле күмөндөп же аны четке кага алат. |
| Башка булактарга караганда журналистте маалымат аз болот. | Башка бардык булактарга караганда журналистте маалымат көп болот. |
| Маалымат булактарынын аты дээрлик дайыма аталат. | Көбүнчө маалымат булагынын коопсуздугун камсыздоо максатында алардын атын аташпайт. |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫ** | |
| Информациялык мүнөздөгү кабарлар коомдогу болуп жаткан нерселердин чагылышы катары каралат. Журналист маалыматты коомчулукка жайылтуунун оң жыйынтыгына ишенбейт. | Журналист коомдогу нерселерди болгонун болгондой кабыл албайт. Материал белгилүү бир абалдын маңызын түшүнүү же аны ачуу максатында жасалып, аны кайра өзгөртүүнүн алтернативдүү жолдору сунушталат. |
| Информациялык мүнөздөгү кабарлар журналисттин өзүнүн катышуусун талап кылбайт. | Журналист өзү киришип жумушка тартылбаса материал эч качан бүтпөйт. |
| Журналист объективдүү, калыс болууга аракеттенип, маалыматтын катышуучуларынын эч бирине жан тартпоого умтулат. | Журналист окуянын фактыларына карата калыс жана кылдат мамиле кылууга аракеттенет. Ошондуктан ал өз иликтөөсүнүн чегинде жабырлануучуну жана күнөөлүү адамды аныктай алат. Андан сырткары, журналист өз иликтөө темасы боюнча жыйынтык чыгарып, өз пикирин сунуштоого укугу бар. |

| САЛТТУУ ЖУРНАЛИСТИКА | ЖУРНАЛИСТТИК ИЛИКТӨӨ |
|---|---|
| Кабардын канчалык натыйжалуу түзүлгөнү маанилүү эмес, окуянын аягы болбойт, анткени жаңылыктар бири-бирин тынбастан алмаштырып турушат. | Бүтүндөй материалды натыйжалуу жайгаштыруу теманын таасирдүү болушун шарттап, журналист же маалымат булагы тарабынан даярдалган окуянын жыйынтыктуулугуна алып келет. |
| Журналист кээде катачылыктарды кетириши мүмкүн, бирок ал нерсе өзгөчө деле ролду ойнобойт. | Журналист тарабынан кетирилген катачылыктар анын ар кандай расмий же расмий эмес санкцияларга кабылышына же журналистке жана ММКга ишенимдин жоголушуна алып келиши мүмкүн. |

Бул таблицаны карап традициялык журналистикага караганда иликтөө журналистикасында чоң көлөмдөгү иш жасалаарын баамдагандай болдук. Чынбы? Чындыгында иликтөөнүн ар бир этабында бир топ чоң жумуш аткарылат, бирок бул ишти ийгиликтүү аткарып анын үзүрүн көрсөк болот. Себеп дегенде, журналисттик иликтөө коомчулук үчүн, сиздин мекеме үчүн жана сиздин жеке өзүңүз үчүн эбегейсиз зор пайда алып келет.

**Коомчулук үчүн:**

Көрүүчүлөр кошумча баалуулуктары болгон, тактап айтканда эч жерде жок маалыматты камтыган, ошондой эле өздөрүнүн жеке турмушуна таасир эткен ишенимдүү материалды жакшы көрүшөт. Бул саясат, финансы тармагындагы же күндөлүк турмушта пайдаланылган тамак-аш тууралуу маалыматтар болушу мүмкүн. Эң негизгиси, тигил же бул маселе боюнча биздин айткандарыбыз алардын жашоосун бир аз болсо да жакшы жакка өзгөртсө болду. Ошондуктан, журналисттик иликтөө – бул иликтөө материалы гана эмес, бул элдин турмушун бир топ коопсуз кылууга жана аны жакшы нукка бурууга багытталган тейлөө кызматы болуп эсептелээрин эстен чыгарбаңыз.

**Сиздин мекемеңиз үчүн:**

Журналисттик иликтөө массалык маалымат каражаттарынын жаңылыктары үчүн ашыкчалык кылган курал деп айткандарга кулак салбаңыз. Көпчүлүк массалык маалымат каражаттары көп каражат жоготушат, бирок иликтөөнү мыкты деңгээлде жүргүзгөн ММКлар аны өз позициясын бекемдөөдө оптималдуу пайдаланышып кирешелүү иш жүргүзүшөт (мисалы, жума сайын жарык көргөн Франциядагы «Канар Аншене» жана Улуу Британиядагы «Экономист груп» басылмалары). Андан сырткары, мындай массалык маалымат каражаттары коомчулукта бир топ кадыр барк топтошот, бул алардын маалымат табуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтип, атаандаштык жөндөмүн чыңдайт.

**Өзүңүз үчүн:**

Биз журналисттик иликтөө жүргүзүүнүн ыкмаларын он жылдан ашык убакыттан бери окутуп келе жатабыз. Ушул убакытта биздин көптөгөн шакирттерибиз «Биз ушул иш аркылуу өзүбүзгө душман табабызбы?», деген суроолорун беришти. Чындыгында, эгер сиз туура иш жасасаңыз, душманга караганда көп досторду табасыз. Андан сырткары, сиз өз атыңызды адистик чөйрөңүздөн сырткары башка чөйрөлөргө да бир топ таанымал кыласыз. Сиздин тажрыйбаңыз, сиз журналист адистигинде каласызбы же жокпу баары бир жогору бааланат. Бул тажрыйбасыз журналисттерге тиешелүү эмес, аларды оңой алмаштырса болот, алардын билими менен кесиптештердин арасында көп нерсеге жетүүгө болбойт.

Бирок, эң негизгиси – өзүңүздүн болуп көрбөгөндөй өзгөргөндүгүңүздө. Сиз мурдагыдан да күчкө киресиз, анткени башка бирөөлөрдүн жасаганын күтпөстөн, чындыкка өз күчүңүз менен жетүү мүмкүнчүлүгүңүздү сезе баштайсыз. Өз шектенүүңүздү аңдап билүү менен корккон нерселериңизди жеңип чыгууга үйрөнөсүз. Сиз дүйнөгө жаңы жана терең көз караш менен карай баштайсыз. Журналистика көпчүлүгүн эч нерсеге жарабаган циниктерге жана жалкоого айландырат. Иликтөө тажрыйбасы сизди андай багыттан сактап калат. Бир сөз менен айтканда, эгер сиз журналистикага жана өзүңүзгө көңүл кош болбосоңуз, анда өзүңүздү, өз аудиторияңызды жана өз кесиптештериңизди журналисттик иликтөө алып келген кошумча артыкчылыктардан айырбаңыз.

## ИЛИКТӨӨ ҮЧҮН ТЕМА ТАНДОО

**Журналисттик кесипти жаңы эле аркалай баштагандар «Иликтөөнүн темасын кантип тандоо керек?», деп көп суроо беришет. Теманы издөө аларга чоң түйшүк жаратат. Бирок, бир кезде менин бир студентим айткандай, «материалды бардык жерден тапса болот». Көйгөй аны көрө билүүдө. Тигил же бул теманын иликтөө жүргүзүүнү талап кылаарына ынануунун көптөгөн жолдору бар.**

Ушундай ыкмалардын бири, массалык маалымат каражаттарында жарыяланган маалыматтарга кунт коюп байкоо жүргүзүү. Негизинен, белгилүү бир тармакта болуп жаткан окуяларга байкоо жүргүзсө да жакшы, анткени убакыттын өтүшү менен окуялардын өнүгүшүнүн кандайдыр бир типтүү сценарийин көрүүгө болот. Ушундан улам качан адаттан тыш бир нерсе болуп кетээрин дароо эле түшүнүүгө болот. Эгерде сиз материалды жазууну бүткөнүңүздө, өзүңүздөн «Эмне үчүн мындай болду?», деп сурасаңыз, демек бул жерде сиз дагы да иликтей турган маселе бар.

Дагы бир ыкма – өзүңүздүн айланаңызда болуп жаткан өзгөрүүлөрдү адаттагы көрүнүш катары кабыл албастан ага тереңирээк көз чабыңыз. Атактуу белгиялык иликтөөчү Крис де Ступ өзүнүн аялдарды сатуу темасына арналган иликтөөсүн, дал ошол өзү жашаган райондогу белгиялык сойкуларга байкоо жүргүзгөндөн кийин баштаган. Ал демейде жумушуна барчу жолдогу белгиялык сойкулардын ордун чет жердик сойкулар баса баштаганын көрүп, анын себебин билгиси келген.

Үчүнчү ыкма – бул элдердин арыз муңун угуу. Эмне үчүн ушундай болуп жатат? Кантип эч нерсе жасоого болбосун? Элдер көп топтолгон кайсыл жер болбосун – айылдагы базарларда, интернет форумдарында, чакырылган кечки конокто – күндөлүк практикага жатпаган, таң калычтуу жана кызыктуу нерселерди угасыз.

Акырында, теманы издөөдө жалаң эле терс көрүнүштөгү окуяларга гана көңүл буруунун кереги жок. Көбүнчө, бардык эрежелерди сактоо менен ойдогудай болгон окуяларды мыкты деңгээлде чагылдыруу бир топ кыйын. Мисалы, жаңы чыккан талантты же көздөгөн максатына ийгиликтүү жетишкен долбоорду, же элдин жашоосун жакшыртып, жаңы жумуш

орундарын түзгөн компанияны түшүнүү бир топ кыйын. Ийгиликтин негизги элементтерин же мыкты тажрыйбаларды ачыктоо менен сиз өз аудиторияңызга өтө баалуу кызмат көрсөтөсүз.

Өзгөчө, сиз жаңы эле ишке кирише баштаганда, «бул майда иликтөө» деген түшүнүктүн болбой тургандыгын эске тутуңуз.

Алыскы айылда иликтөө жүргүзүүгө зарыл болгон билим – бул кийинчерээк сиздин борбордо иштөөңүзгө керек болот. Муну теория эмес, биздин өз тажрыйбабыз көрсөттү. Өзүңүздө ушул билимди өнүктүрүү үчүн, учурда өзүңүз жашаган жерде пайда болгон теманы иликтөөдөн баштаңыз. Сиз иликтөө жүргүзүүгө өзүңүздүн толук даяр болгон учуруңузду күтпөстөн, иликтөө ишиңизди баштай бериңиз, анткени процесстин жүрүшү менен билбеген нерселериңизди үйрөнөсүз.

**Биринчи жана акыркы кеңеш: өз позицияңызды сактаңыз. Бул принциптин эки аспектиси бар.**

Биринчиси, биз бул принципти «Сынган бут синдрому» деп атадык. Анткени, өзүбүз бутубузду сындырып алмайынча айланабызда канча адам аксап жүргөнүнө көңүл бурбайбыз. Деги эле өз башыбыздан өтмөйүнчө, андай көрүнүштөргө көңүл бура бербейбиз. Ошондуктан кимдир бирөөлөр капарына ала бербеген нерселерге кызыгып көңүл бурууга аракеттениңиз.

Экинчи аспект кайсы учурда пайда болушу мүмкүн: Эгер тема сизди өтө деле суктандырбаса, өзгөчө каалооңузду жаратпаса же сиз ал теманын артынан кандайдыр бир өзгөрүүлөрдү көрө албасаңыз, анда ал теманы башка бирөөгө берип салганыңыз оң. Эгер сиз редактор болсоңуз, анда өз журналисттериңиздин иликтөөгө катардагы иш тапшырмасы катары мамиле кылышына жол бербеңиз. Эгер андай мамилени байкасаңыз, ал журналисттен теманы алып башка журналистке тапшырганыңыз оң.

Эмне үчүн? Иликтөө кошумча эмгекти талап кылаарын эстен чыгарбаңыз. Эгер теманы иликтөөгө каалооңуз болбой жатса, анда сиз бул ишти аткара албайсыз. Албетте, иликтөөнү аягына чыгаруу үчүн, өзүңүздүн акылыңызды кошушуңуз керек, сиздин иш-аракетиңиз кандай шартта болбосун адистик талапка жооп берүүсү зарыл. Бирок, тема сиздин ички кызыгууңузду жаратпаса, анда иликтөө темаңыз ийгиликке жете албайт.

## ТЕМА ИЛИКТӨӨГӨ ТАТЫКТУУБУ?

**Туура эмес себептерден улам көптөгөн иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Каалоонун болушу чоң мааниге ээ, бирок ошого карабастан, кээ бир журналисттер же басылмалар жеке өздөрүнө упай топтоо максатында иликтөө жүргүзүшөт. Иликтөө жүргүзүү оңой иш болбогондуктан, кээ бир учурларда жеңил темаларды гана иликтөөгө алышат. Ошондой эле, иликтөө жүргүзгөн журналисттердин көпчүлүгү изилденип жаткан тема өз аудиториясы үчүн маанилүүбү, эгер маанилүү болсо, эмне үчүн мындайча деген суроону коюшпайт.**

Ошондуктан, темаңыздын иликтөөгө татыктуулугун билүү үчүн, өзүңүзгө төмөндөгүдөй суроолорду берип көрүңүз: Окуя канча адамга таасир тийгизип жатат? (Биз аны «жырткычтын каары» деп атайбыз). Таасири канчалык күчтүү болду? (Бул жерде окуянын сапаты анын саны сыяктуу эле өтө маанилүү. Бир эле адамдын өмүрү кыйылып, же бир эле адамдын жашоосу бузулса да, анда мындай темалар маанилүү).

Эгер окуя элге оң таасирин тийгизсе, анда мындай окуяны башка жерлерде кантип кайталоого болот?

Же адамдар ал окуянын курмандыгы болуштубу?

Алдын ала аларды ар кандай жапа чегүүлөрдөн сактаса болот беле?

Кантип сактануунун жолдорун көрсөтө алабызбы?

Жазасын алууга татыктуу болгон, же жок эле дегенде айыбы ачылган күнөөкөрлөр барбы?

Болгон окуянын келечекте кайталанбашы үчүн, ал окуя жөнүндө айтып берүү канчалык маанилүү?

Бул суроолорго биздин кесиптештерибиздин бирөө төмөндөгүдөй жооп берүүгө аракет жасады: Жашоодо жапа чегүүлөр көп, мындай жапа чегүүлөр адамдардын өз катачылыгынын жыйынтыгы болгондуктан, анын эч бир пайдасы жок. Иликтөө аркылуу ар кандай азап чегүүнүн, ырайымсыздыктын жана акмакчылыктын деңгээлин азайткан шарттардын баарына кол кабыш кылууга болот.

Биринчи орунга элге кызмат кылууну коюңуз, алардын жардамы менен өз карьераңызда алдыга жылууну көздөбөңүз. Иликтөө – бул курал экендигин, ал курал менен сиз башкаларга билип же билбей зыян келтирип алышыңыз мүмкүн экендигин унутпаңыз. (Мисалы, Вудворд менен Бернштейндин, белгилүү Уотергейт чуулгандуу окуясын иликтөөсү бир нече күнөөсүз адамдардын карьересынын ойрондолушуна алып келип, жана ал адамдар Ричард Никсондун артынан эле өз кызматтарын таштоого мажбур болушкандыгына көптөрү маани бере беришпейт чыгаар). Бул кесипте иштеп жатып, сиз кээ бир адамдардын жашоосунда жакшы нерселерди жаратсаңыз, ал эми башкалар үчүн зыян кесепеттерди алып келишиңиз мүмкүн. Өзүңүздүн башка бирөөлөргө тийгизип жаткан таасириңизди кунт коюп баамдаңыз. Башкаларды иликтөөнү баштоодон мурда өзүңүздөгү жеке мотивдерди акыл эс менен карап чыгыңыз. Тема өзүңүздөн башка адамдарга анча деле маанилүү болбосо, анда ал теманы иликтебей эле койгонуңуз оң. Биз өз кесибибиздин алкагында жүздөгөн иликтөөлөрдү жүргүзүүгө туура келди. Ар бир иликтөөнүн жүрүшүндө бизге «Эмне үчүн сиздер ушул суроолорду бизге берип жатасыздар? Бул маалыматтар менен эмне жасагыңыздар келип жатат? Сиздердин буга укугуңуздар барбы?», деген сыяктуу ар кандай суроолор менен кайрылган адамдар болду: Ушул берилген суроолорго туура жооп таба албасак – бул иликтөөнүн ийгиликсиз бүтүшүн шарттамак. Ал эми «Коомчулук билүүгө акылуу» деген фраза менен жооп берсек – бул туура эмес жооп болмок. Адатта, «болуп жаткан окуялар биз үчүн да, башкалар үчүн да маанилүү. Мен бул теманы чагылдыргым келип жатат жана мен өз макаламдын чындыкка үндөш болушун каалайм. Ошондуктан сиздер мага жардам бересиздер деп ишенем», деп жооп беребиз.

Ушундай учурларда эмнени айсаңыз да, сиз ага терең ишенишиңиз керек. Андан да маанилүүсү – кандай адамга кайрылбаңыз сиздин айткандарыңыздын ошол адамдардын колдоосуна ээ болуусу. Адамдар журналистти жек көрүшөт, мындай жек көрүүнүн себептеринин бири, биздеги мотивдерге болгон ишенбөөчүлүктөн келип чыгат. Сиз аркылуу ушундай абалды өзгөртө алабыз деген ишеничтебиз.

# 2-глава. ГИПОТЕЗА

## ГИПОТЕЗАНЫ КОЛДОНУУ: ИЛИКТӨӨ МЕТОДУНУН МАҢЫЗЫ

Авторлор: Марк Ли Хантер, Люк Сенгерс жана Пиа Тордсен

Биз эмнени карайбыз:

**Изилдөө предмети эмнеден турарын аныктайбыз.**

**Кийинки текшерүүлөр үчүн гипотеза сунуштайбыз.**

---

### ГИПОТЕЗА – БУЛ ОКУЯНЫН ӨЗҮ ЖАНА АНЫ ТЕКШЕРҮҮНҮН ЫКМАСЫ

**Журналисттер көп учурларда материалдын темасына байланышкан алардын эң сонун идеяларын редакторлор четке кагышат деп наразы болушат. Ооба, албетте, ушундай учурлар болот. Бирок, көбүнчө редакторлор окуяны иликтөөдөн эмес башка нерседен баш тартышат. Бул баш тартуу ишке ашпай турган убарагерчиликке катышуудан баш тартуу деп түшүнсөк болот. Анткени начар пландаштырылган иликтөөнүн натыйжасы күмөн болгон учурда, көп акчаны жана убакытты талап кылган иликтөөнү улантуунун кажети деле жок. Биз да жаңыдан журналисттик ишти аркалай баштаганыбызда, ушуга окшогон чийки материалды редакторго алып барган учурлар болгон, бирок бизди ашыкча түйшүккө салбай пайдасыз материалды эртерээк кыркып салганы жакшы болгондугун түшүндүк.**

Мисалы, «коррупцияны иликтегим келет» деген билдирүү редактордун көз карашында мыкты сунуш эмес. Албетте, коррупция бүт дүйнөдө, бардык жерде орун алган. Эгер аны издөөгө жетиштүү убакыт бөлсөңүз аны бардык жерден таба аласыз. Бирок, коррупция окуя эмес, ал предмет болуп жатпайбы. Ал эми журналист окуяны баяндап бериши керек да. Эгер сиздин максатыңыз окуяны эмес, предметти изилдөө болсо,

анда ошол предмет боюнча сиз эксперт болсоңуз болот, бирок бул учурда сиз өзүңүздүн өтө көп убакытыңызды жана акча каражатыңызды текке кетиресиз. Ошондуктан, мунун баарын алдын ала көрө билген тажрыйбалуу редактор сизге «жок» деп айтат.

Эгер сиз «мектеп системасындагы коррупция ата-энелердин өз балдарынын келечектеги жакшы жашоосуна болгон үмүтүнө доо кетирди», деп билдирсеңиз, бул жерде сиз конкреттүү бир окуя үчүн күрөшөсүз дегенди билдирет. Мунун өзү бир топ кызыгууну жаратат.

Сиз каалайсызбы же жокпу, бул жерде сиз кайсы бир гипотезаны алып чыгып жатасыз, себеби сиз өзүңүздүн баяныңыздын чын экенине ырастоо бере элексиз. Сиз коррупция мектепте бар экендиги, ал жок дегенде эки топтогу адамдарга – ата-энелерге, балдарга, тескери таасир берип жаткандыгы тууралуу болжолду айтып жатасыз. Балким, бул чындык, балким андай эмес чыгаар; кандай болгон күндө да сиз фактыларды чогултушуңуз керек.

Азырынча сиздин гипотезаңыз бир катар конкреттүү суроолорду аныктайт, эгер сиз анын маңызы бар же жок экендигин тактагыңыз келсе, анда ага жооп беришиңиз керек. Гипотезанын өзүн кунт коюп карап чыгып, ал өзүнө кандай өзүнчө, так ырастоолорду камтып тургандыгын талдоо зарыл. Андан соң бул ырастоолордун ар бирин кезеги менен текшере алабыз. Мындан тышкары биз теманы чагылдырууда колдонулуучу сөздөрдүн маанисин түшүндүрөбүз, себеби коюлган максатка жетүү үчүн биз алардын маанисин тактоого жана так жазууга милдеттүүбүз.

## БУЛ ПРОЦЕССТИ ГРАФИКАЛЫК ТҮРДӨ БЕРҮҮГӨ БОЛОТ:

**Адегенде гипотезаны алып чыгабыз**

↓

**Андан соң аны өзүнчө ырастоолорго ажыратабыз**

↓

**Андан кийин ар бир ырастоону кылдатттык менен карап, анда кандай маселе жатканын тактайбыз**

**«Коррупция» дегенде биз конкреттүү эмнени түшүнөбүз? Паракорчулукпу, фаворитизмби, жумушка кабыл алуудагы тууганчылыкпы? Ал дегеле бар болсо, анда мектепте кантип орун алган?**

**Ата-энелердин ичинен кимиси коррупцияга туш болду? Алар эмнени үмүттөнүшөт? Алардын пикири боюнча билим берүү алардын үмүтүн жана каалоосун ишке ашырууга көмөктөшөбү?**

**Чындыгында эле билим берүү балдардын жашоосун жакшы жакка өзгөртөбү? Кантип өзгөртөт?**

**Мектептеги билим берүү системасында орун алган коррупция ата-энелердин балдарынын келечектеги жакшы жашоосуна болгон үмүтүнө доо кетирди**

**Кайсыл жана канча мектеп тууралуу сөз жүрүп жатат? Коррупция бардык мектептерде бирдей байкалып жатабы? Коррупцияны жоюу үчүн кандай ыкмалар бар? Эмне себептен алар иштебейт? Бул системада кандай адамдар иштейт жана алардын арасында макамдар кандай бөлүштүрүлгөн?**

**Болуп жаткан нерселер тууралуу балдар билишеби? Эгер билишсе, анда аларга кандай таасирин тийгизип жатат?**

Сиз бул суроолорго өзүңүз каалаган тартипте жооп берсеңиз болот, бирок кайсы жагынан баштасаңыз жеңил болсо, ошол жагынан баштаганыңыз оң. Кандай гана иликтөө болбосун эртеби-кечпи татаалдашат, анткени ал өзүнө көптөгөн фактыларды жана көптөгөн булактарды камтыйт. Материалдарды топтоп уюштуруу да чоң жумушту талап кылат, өзүңүздүн репутацияңызды тобокелге салып жаткандан кийин теманы туура ача алдымбы деген санаага батышыңыз да мүмкүн.

Биздин гипотетикалык мисалыбызды ишке ашырууну ата-энелердин жана балдардын алардын келечектеги үмүттөрү жана кооптонуулары тууралуу болгон маектен баштоо алда канча жеңил.

Сиз мектепте коррупциянын орун алгандыгын ырастаган, болбоду деген-де төрт булак тапсаңыз эле (булактардын төрттөн аз болушу иликтөөнүн келечеги үчүн өтө эле тобокелдүү), андан соң орто билим берүү системасы кантип иштеп жаткандыгын карап чыгууга киришсеңиз болот. Сизге билим берүү системасынын эрежелери, процедуралары, жазылган идеалдары жана миссиясы менен таанышып чыгуу зарыл.

Система кантип иштеп жаткандыгын окуп билген соң, коррупция орун алышы мүмкүн болгон боз жана кара тилкелерди (зоналарды) көрө аласыз.

Андан соң уккандарыңыздын жана өзүңүз тактаган нерселерлердин реалдуулугун системада берилгендер менен салыштыра аласыз.

## ИЛИКТӨӨНҮ ГИПОТЕЗА АРКЫЛУУ БАШКАРУУНУН АРТЫКЧЫЛЫГЫ

**Жогоруда келтирилген мисал сизге чоң эмгекти талап кыла тургандай сезилдиби? Сизге сезилгендей эле, бул көпчүлүк жаңылык материалдарын түзүүгө, тагыраак айтканда бир же эки булак менен маектешүүгө же пресс-релиз жазууга салыштырганда чындыгында чоң эмгек. Эгер сиз гипотезанын методун иликтөө жүргүзүүнүн ыкмалары менен салыштырып көрсөңүз анда күч-аракетти үнөмдөөнүн артыкчылыгы кайсы методдо экендигин ачык көрөсүз.**

### 1. ГИПОТЕЗА КАНДАЙДЫР БИР СЫРДЫ АЧУУГА ЭМЕС ТЕКШЕРҮҮГӨ БОЛГОН АРАКЕТТИ КӨРСӨТӨТ

Олуттуу себеби болбосо адамдар өз сырларын башка бирөөлөргө ача беришпейт. Алар көбүнчө сизде болгон маалыматты тастыктоого дээрлик даяр, анткени көпчүлүк адамдар калп айтканды жактырышпайт. Гипотезанын болушу сизге мурда белгисиз болгон маалыматты кабарлоонун ордуна тиги же бул кабарды ырастоо сунушу менен кайрылууга мүмкүндүк берет. Мындан тышкары гипотезанын жардамы менен сиз теманын мурда каралбаган аспекттерин ачыкка чыгарууга аракеттене баштайсыз жана башынан эле сиз ойлогондой фактылардын болушун таанууга даяр экендигиңизди билдиресиз.

## 2. ГИПОТЕЗА ТҮЗҮҮ ЖАШЫРУУН СЫРДЫ АЧУУДАГЫ СИЗДИН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮҢҮЗДҮ ЖОГОРУЛАТАТ

Биз «жашыруун сыр» деген түшүнүк бул көпчүлүккө белгисиз эч ким кызыгып сурабаган фактылардын топтому деп айтсак болот. Гипотеза психологиялык таасирге ээ. Анын таасири астында сиз материалга көбүрөөк сезимтал боло аласыз жана ушул өңдүү суроолорду бере аласыз. Француз журналист-иликтөөчү Эдви Пленель айткандай: «Эгер сиз бир нерсени тапкыңыз келсе, ошону издешиңиз керек». Биз, эгер сиз чындап эле бир нерсе издесеңиз, анда издегениңизден да көбүрөөк нерсе табасыз, деп кошумчалагыбыз келет.

## 3. ГИПОТЕЗА ДОЛБООРУҢУЗДУ БАШКАРУУНУ ЖЕҢИЛДЕТЕТ

Эмнени иликтей тургандыгыңызды жана ал үчүн эмнеден баштай турганыңызды аныктап алуу менен иликтөөнүн баштапкы этабына канча убакыт сарпталарын болжолдуу эсептөөгө болот. Бул өзүңүздүн колуңузда турган иликтөөңүзгө долбоор катары карап, аны башкара баштоонун алгачкы кадамы. Главанын аягында биз бул пунктка кайрадан кайрылабыз.

## 4. ГИПОТЕЗАЛАР – КАЙРА-КАЙРА КОЛДОНУУГА БОЛО ТУРГАН КУРАЛДАР

Качан сиз метод менен иштей баштаганыңызда, сиздин кесиптик турмушуңуз өзгөрөт. Андан да маанилүүсү, сиз өзүңүз өзгөрөсүз. Сиз жумушуңузда дайыма жетекчинин катышуусуна муктаж болбой каласыз. Сиз бул дүйнөдөгү хаос жана азап чегүүнүн жок эле дегенде бир бөлүгүн жеңүү үчүн эмне кылуу керектигин өзүңүз көрө аласыз жана аны жасай аласыз. Сиздин журналист болуп калышыңыздын башкы себеби да ушунда эмеспи?

## 5. ГИПОТЕЗА ЖӨН ГАНА КАБАРЛАРДЫН ЖЫЙЫНДЫСЫ ЭМЕС, АЛ ТОЛУК МАТЕРИАЛДЫН ЧЫГЫШЫНА КЕПИЛДИК БЕРЕТ

Редакторлор белгилүү бир убакыттан кийин – белгилүү бир ресурстарды жумшагандан кийин – жарыялоого даяр материал пайда боло тургандыгына ишенгилери келишет. Гипотезанын болушу мындай жыйынтыктын болушун көп ирет шарттайт. Гипотеза сизге өз ишиңиздин минималдуу

жана максималдуу оң жыйынтыгын, андан тышкары эң жаман болгон учурда да эмне боло тургандыгын көрүүгө мүмкүндүк берет.

- Эң жаман учур – гипотезаны текшерүү бат эле эч кандай окуя орун албагандыгын ачыктап, жана олуттуу каражатты текке кетирбей долбоорду токтотуу зарылдыгын көрсөтөт.
- Минималдуу оң жыйынтык адегенде көтөрүлгөн гипотеза туура болуп чыгып, аны тезинен текшерүүгө болот.
- Максималдуу жакшы жыйынтык – эгер берилген гипотеза туура болуп чыкса калгандары логикалык түрдө андан келип чыгат, жыйынтыгында бири-бири менен байланышкан материалдардын сериясы түзүлүп же жалгыз өтө көлөмдүү материал жазылат.

Чындыгында артыкчылыгы мындан да көп, бирок теманы андан ары улантуудан мурда, биз сизге эскертүү катары бир нече сөз айткыбыз келет.

## ГИПОТЕЗА КОРКУНУЧТУУ БОЛУШУ МҮМКҮН

**Жаш журналисттер окуянын чындыгын ачышса эмне болуп кетет деп кабатырланышат. Балким бирөөлөр алардан өч алгысы келет? Балким аларды сотко берет? Тажрыйбалуу журналисттер жарыяланган материал чындыкка шайкеш келбеген учурда эң жаман нерсе боло тургандыгын билишет? Албетте, алардын күнөөлүү же күнөөсүз экендигине карабастан, аларды сотко бериши мүмкүн, кээде түрмөгө жөнөтүшү мүмкүн. Чындыкка коошпогон материалды жарыялоо коомго адепсиздикти жана капачылыкты алып келе тургандыгы ачык.**

Ошондуктан, төмөндөгүлөрдү дайыма эсиңизге тутуңуз: эгер сиз далилдөөгө мүмкүн эместигине карабай гипотезанын чын экендигин кандай баа менен болсо да далилдегенге аракет жасасаңыз, анда сиз күнөөсүз адамды айыптаган адилетсиз полиция, согуш менен соодалашкан саясатчылар сыяктуу дүйнөдөгү адистешкен алдамчылардын катарына кошуласыз. Иликтөө деген өзүңдүн актыгыңды далилдөөдөн дагы жогору турат. Анын маңызы чындыкты табуу. Гипотезага негизделген иликтөө чындыкты казып чыгуучу курал. Бирок ушул эле курал эч күнөөсүз адамдарга ор казышы мүмкүн.

Ачык айтканда, коомго залакам тийбесин десеңиз анда сиз айрым учурларда өз гипотезаңызды четке кагуучу фактыларга көңүл бурбай койгонуңуз оң болот, же кайдыгерликке жол берип бул абалдын чыгуу зарыл ( анткени айрым учурда карандай калпка караганда олуттуу ката кетирүү коомго абдан көп зыяндуулукту, баш-аламандыкты жана кайгыны алып келиши мүмкүн). Кандай болсо да, сиз өзүңүздүн жумушуңузду жеңилдетип, эртеби кечпи жасала турган ишти башка бирөөгө калтырып жатасыз. Күн сайын көптөгөн адамдар ушундай кадамдарга барышат, бирок бул дайыма эле ушундай практиканы колдоого болот деген-ге жатпайт. Биздин теорияга ылайык, көпчүлүк журналисттер тозокко түшө тургандай күнөө кылышат, анткени алардын көпчүлүгү мындай абалга гипотезаны колдонуудагы кетирилген катачылыктан улам дуушар болушат. Ошондуктан гипотезаны колдонууда адилет жана кылдат болгонуңуз оң. Гипотезаны тастыктоо менен эле чектелүүгө аракеттенбестен, аны четке кага да билүү керек. Бул тууралуу кененирээк 7-главада – «Сапатты текшерүү» бөлүмүндө сөз кылабыз.

## ГИПОТЕЗАЛАР КАНДАЙ ИШТЕШЕТ?

### 1. БИРИНЧИ ГИПОТЕЗАНЫН ТУУРАЛЫГЫ ЭМНЕГЕ МААНИЛҮҮ ЭМЕС?

Иликтөөнү гипотеза катары түзүү процесси илимден башка тармактарда да ийгиликтүү колдонулуп келүүдө. Мисалы бул ыкма полиция же бизнес-кеңешчилер тарабынан кеңири колдонулаары белгилүү. (Ачыгын айтсак, бул ыкма журналистикада жыкынкы күндөрдөн баштап эле колдонула баштады деген чындыкка коошпойт). Чындыгында, бул ыкма ар тараптуу ойлонулуп кабыл алынган. Сизге белгилүү болгон бардык маалыматтардын негизинде, сиз үчүн реалдуу болушу мүмкүн болгон маалыматты табасыз жана андан соң гана өзүңүздүн оюңуздун чындыгын далилдөөчү же четке кагуучу башка маалыматтарды издей баштайсыз. Бул текшерүү процесси болуп эсептелет. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, эгерде гипотеза толугу менен ырасталбаса да, анын айрым компоненттери ырасталышы мүмкүн. Андай болбой калса, сиз өзүңүздүн алгачкы позицияга кайтып же башка жаңы гипотезаны алып чыгууңуз керек. Толугу менен же жарым жартылай ырасталбаган гипотеза калптан башка эч нерсе боло албайт.

Эгерде ырастоолор далилдер аркылуу бышыкталса, бул өтө жакшы: анткени сизде жарыялоого тема бар. Тескерисинче, ырастоо жалган болгон учурда да, бул жакшы жыйынтык, себеби, сизде алгач элестеткен темадан да жакшыраак теманы табуу мүмкүнчүлүгү пайда болот.

### 2. ИЙГИЛИККЕ ЖЕТҮҮ ҮЧҮН ГИПОТЕЗАНЫ ТҮЗҮҮ ЗАРЫЛ

Алгачкы гипотеза үч сүйлөмдөн көп турбашы керек. Анын эки негиздүү себеби бар. Эгерде, сиздин гипотезаңыз үч сүйлөмгө сыйбаса, сиз аны башка бирөөгө түшүндүрө албайсыз. Эң маанилүү нерсе, эгер сиздин гипотезаңыз үч сүйлөмдөн көп болсо, анда сиз аны өзүңүз да түшүнбөй калышыңыз мүмкүн.

Гипотеза окуя сыяктуу эле түзүлөт. Бул окуяны кайсыл жерден баштасаңыз, ошол жерден аяктайсыз дегенди түшүндүрөт. Биз жөн гана фактыларды топтоо менен алектенбейбиз, биз дүйнөнү өзгөртүү үмүтү менен окуяны баяндап беребиз. Гипотеза сизге өз темаңызды редактор менен басылмадан баштап кеңири коомчулукка чейинки башка адамдарга жайылтууга жардам берет.

Окуянын эң жөнөкөй формасы төмөндөгү үч сүйлөмдүн вариантында болушу зарыл:

- «Биз атуулдардын кыйналуусунун башкы себеби болгон нерсеге дуушар болдук ( аны жакшы мисал катары коомчулукка кенен чагылдыруу керек);
- «Ошентип биз кантип ушундай абалга дуушар болдук»;
- «Эгерде эч нерсе өзгөрбөсө, ушундай нерселер улана берсе... анда биз кантип бир нерсени жакшы жакка өзгөртө алмакпыз».

Төмөндөгү формулировкаларга көңүл бурсаңыздар: алар баяндоонун кандайдыр бир хронологиялык тартиби. Мүмкүн, бул тартип басып өткөн доордон келечекке карай тартылган түз сызык эместир. Иш жүзүндө ал бизге төмөнкүлөрдү кабарлайт:

- Учурдагы көйгөйлөргө байланышкан жаңылыктарды;
- Өткөн мезгилдеги көйгөйдүн себептерин;
- Бул көйгөйдү келечекте токтотуу үчүн эмнени өзгөртүү керектигин.

Ошентип, биз гипотеза түзгөн учурдан тартып эле белгилүү бир аймакта жана мезгилде жашаган адамдардын тарыхын баяндай баштайбыз. Иликтөөдөгү эң кыйын учурлардын бири, топтолгон фактылардын астына көмүлүп калбастан көңүлүңүздүн баарын баяндоого буруу. Сиздин гипотезаңыз өзүңүзгө жардам бериши мүмкүн. Сиз бардык маалыматтарды чогулткандан кийин фактыларды тинтүүнү токтотуңуз жана көңүлүңүздү сиз топтогон фактыларды ачыктоочу окуяга буруңуз. Эгерде алар, баштапкы гипотезага дал келбей жатса, аны өзгөртүңүз. Анткени бул жөн гана гипотеза эмеспи!

Айтмакчы, кээде тигил же бул теманын кантип бүтүшүн көрсөтүү өтө кыйын болушу мүмкүн. Кээде, адилетсиздиктин бетин ачкан жакшыраак. Бирок, көбүнчө иликтөөгө байланышы болгон кимдир бирөө көйгөйдү чечүүнүн жолдорун табууга аракет кылган учурлар кездешет. Андай адамды табуу мүмкүнчүлүгүн эстен чыгырбаңыз.

## 3. ГИПОТЕЗАНЫ НАТЫЙЖАЛУУ КЫЛУУНУН ТӨРТ АЧКЫЧЫ

Гипотезаны колдонуу – бул өтө деле кыйын ыкма эмес, андыктан биз сизге төмөнку ыкманы колдонууну сунуштайбыз. Баары ойдогудай болсун үчүн, төмөндөгү төрт эрежени унутпаңыз:

### Элестетүү эркиндигин бериңиз

Журналисттер негизинен ар түрдүү окуяларга көңүл бурушат. Алар көргөн, уккан, окуган нерселерин чагылдырышат же бир күн мурда болгон жаңылыктарды талдашат. Иликтөөчү болсо эч кимге белгилүү болбогон нерсени таап чыгууга аракеттенет. Мындай журналист окуяны жөн гана чагылдырбастан, аны жаратат. Ушул себептен ал али бүдөмүк келечекке секирик жасайт. Бул жок эле окуянын элесин түзүүгө болгон аракет, демек чыгармачылык иш десек болот.

### Өтө так болуңуз

Эгерде сиз өз гипотезаңызда «үй» деген сөздү колдонсоңуз, ал кандай үй, – виллабы, пентхауспу же алачыкпы? Мунун жообу өтө маанилүү. Сунуштаган фактыңыз боюнча оюңуз канчалык так болсо, аны текшерүү ошончолук оңой болот.

### Өз тажрыйбаңызды колдонуңуз

Эгер сиз коомдо болуп жаткан тигил же бул кубулушка көз салып жүргөн болсоңуз, анда бул сиз далилдөөгө аракет кылып жаткан темага көмөгү тийиши мүмкүн. Сиздин тажрыйбаңыз гипотезаны камсыздоого жардам бериши ыктымал. Эң тажрыйбалуу деген адамдар да мурда эч бир жолу көрбөгөн нерсесин көргөндө таң калышаарын, ал тургай өзүн терең сыйлаган инсандар да өз тажрыйбасын жеткиликтүү баалабаган учурлар болоорун эсиңизден чыгарбаңыз.

**Мисалы:**

Компаниянын билдирүүсүнө караганда (бойкоттун объектиси), – Франциядагы керектөөчүлөр жарыялаган массалык бойкот жеңилүү менен аяктаган. Массалык маалымат каражаттары компаниянын версиясын кабыл алышкан. Качан биздин бардык тааныштарыбыз бул компанияга бойкот жүргүзүп жатканын байкаганыбызда, өзүбүздүн иликтөөбүздү баштадык. Биздин иликтөөбүз карама-каршы далилдерди таап чыкты.

Ушулардын баары эч себепсиз болбойт эле да?

### Объективдүү болуңуз

Биз белгилүү бир үч учурду объективдүүлүк деп көрсөткүбүз келет.

- Биринчи: Бизге жагабы же жокпу, биз далилдөөгө мүмкүн болгон фактылардын реалдуулугун таанууга милдеттүүбүз. Башкача айтканда, фактыларга болгон мамилебиз объективдүү болушу керек. Эгер, фактылар гипотезанын туура эместигин айтып жатышса, анда гипотезаны алмаштырабыз. Биз фактыларды жок кылууга аракет жасабайбыз.
- Экинчи: биз ишти баштап жатканда, мүмкүн биздин оюбуз туура эмес чыгышы мүмкүндүгүн түшүнүшүбүз керек. Эгерде ар дайым өзүбүзгө бул нерсени эстетип турбасак, айланабыздагы инсандардан муктаж болгон жардамды ала албайбыз. Кантип эле алдын ала бардык суроолордун жообун билген же өзүнө айтылган нерселерге кулак төшөгүсү келбеген адамга бирөө жардам бергиси келсин.
- Эгерде сиз фактыларга объективдүү мамиле кылсаңыз да (сиз ага милдеттүүсүз), бул иштин субъективдүү негизи эч жакка жок болуп кетпейт. Дүйнөнү жакшы жакка өзгөртүүгө болгон умтулуу – бул субъективдүү максат. Иликтөөнүн жүрүшүндө биз каттоочу эмес, реформатор катары иштейбиз. Биз объективдүү фактыларды колдонобуз жана максатыбызга жетүү үчүн фактыларга объективдүү мамиле кылабыз, анткени дүйнөнү өзгөртүүгө багытталган ар бир аракет чындыкка негизделбесе, ал ишке ашпайт деп ишенебиз. Башкача айтканда, биз өзүбүздүн субъективдүүлүгүбүздү далилдерге карата мамилебизде бейтарап болууга стимул катары жана бардык далилдерди эске алууга түрткү болгон мотив катары колдонобуз.

## 4. ФАКТЫЛАР СИЗДИН ГИПОТЕЗАҢЫЗГА КАРАМАНДАН КАРШЫ КЕЛСЕ ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Баары жөнөкөй: фактыларды болгонун болгондой кабыл алып, жаңы гипотезаны алып чыгыңыз.

Бул жерде, болгон күч аракетиңиз менен туура эмес божомолго жармашууга аракет кылып же карама-каршылыктуу алгачкы фактыны табаарыңыз менен эле жаңы багытка секирбеңиз. Качан сиз жетиштүү

маалымат топтоп, бирок аларды бирдиктүү бир биримдикке келтире албай жатсаңыз, бул бир нерсенин жаңылыш болуп жаткандыгынын чыныгы белгиси. Мындай абалдын пайда болушу сиздин туура эмес маалыматты карап жаткандыгыныздан кабар бериши мүмкүн, эгер ушундай болсо, өз гипотезаңызды алмаштыргандан кийин баары өз ордун табышы керек.

## ГИПОТЕЗА КАТАРЫ РАСМИЙ ВЕРСИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ

**Гипотезаны түзүүнүн зарылчылыгы дайыма эле боло бербейт. Кээ бир учурда журналист расмий билдирүүлөргө же анонимдүү айтууларга текшерүүнү талап кылган гипотеза катары карай алат жана ал таң калтырган жыйынтыкты бериши мүмкүн.**

Маанилүү принципти эсиңизге тутуңуз: Көпчүлүк иликтөөлөр берилген убадалар менен реалдуу турмушта аткарылган же аткарылбаган нерселердин ортосундагы айырмачылыкка арналган. Ошентип, расмий деңгээлде жасалган убадалар көбүнчө гипотезанын ролун аткарса, ал эми анын аткарылып же аткарылбашы текшерүүнү көрсөтөт.

**Мисалы:**

Журналисттик иликтөөнүн тарыхында атагы чыккан мыкты репортаждын бири «Оору жугузулган кан» ишинин бетин ачуу мындай башталган: Анн-Мари Кастере аттуу кабарчыга гемофилия менен ооругандардын укуктарын коргогон коомдук уюмдун өкүлү кайрылган. Бул адамдар тукумдан берилген кандын уюусунун жетишсиздигинен улам кан токтобоочулук оорусу менен жапа чегишкен.Терини бир аз кесип жаралап алуунун өзү токтобогон кандын агышы менен коштолуп, кан жоготуунун аягы өлүм менен бүтүшү ыктымал. Оорулуулардын биринин айтканына караганда, Франциянын мамлекеттик агентстволорунун бири гемофилия менен ооруган адамдарга жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө СПИД вирусу жугузулган кан препаратын атайылап сатышкан.

Кастере ошол органдын жетекчилигине барып жолукканда, ал жетекчилик мындай деген: «Ооба, чындыгында гемофилия менен ооругандар биздин дарыларыбыздан СПИД вирусун жуктуруп алышкан. Бирок...

- «Ошол учурда препартты чыгарууда колдонулган чийки затта СПИД вирусунун болгонун эч ким билген эмес.

- «Эч ким коопсуз препаратты кантип даярдоону билген эмес, анткени рынокто мындай препарат болгон эмес».
- «Эң жакшысы вирусту андан ары таркатпоо чараларын көрүү керек эле, демек вирусу болгон препаратты таза адамдардын колдонушуна бөгөт коюу керек эле.

Расмий версия ушундай болгондугун, ал ирети менен логикага негиздеп айтып берген. Бирок качан Кастере аны гипотеза катары текшере баштаганда, жогоруда айтылган фактылардын бири да так эместиги билинген. Тескерисинче,

- Илимий адабияттар көрсөткөндөй, кан препараттарында СПИД вирусунун болгондугу тууралуу көйгөй ошол учурда эле белгилүү болгон. (Иш жүзүндө ошол иамлекеттик агентствого өздөрүнүн иштеткен чийки затында вирустун болгондугу жөнүндө эскертүү алган).
- Бир катар фармацевтикалык компаниялар жана башка мамлекеттик агентстволор коопсуз препаратты кантип даярдоо боюнча жакшы билишкен, бирок аларга көңүл бурулган эмес.
- Вирус жугузулган препаратты таркаткан агентство препартты колдонгон адамдардын ден соолугу таза же оорукчан экенин билишкен эмес. Агентстводо СПИД вирусун аныктоочу тест бар болсо да, ал колдонулган эмес. Кандай болгон күндө да, оорудан азап чегип жаткан адамдарга вирусту жуктурган мындай медициналык тажрыйбанын өзү үрөйдү учурган көрүнүш.
- Акырында, бардык продукцияда СПИД илдети болгондугун тастыктаган төгүндөлгүс далилдердин болгонуна карабастан, бул орган бардык материалдын запасы түгөнмөйүнчө аны сатууну улантуу чечимин кабыл алган.

Ушул окуянын бардык элементтерин бир бүтүндүккө бириктирүү үчүн Кастере бул маселени төрт жылдан ашуун иликтеген. Төрт жылдык эмгегинин жыйынтыгы өз үзүрүн бердиби? Өзүңүз жыйынтык чыгарыңыз: материал басылмаларга чыккандан кийин, бир нече жогорку кызмат адамдары темир торго камалышкан. Жабырлануучулардын көпчүлүгү өздөрүнүн жалгыз эместигин сезишип, бир аз болсо да жеңилдешкен. Жаңжалды жашырууга аракеттенген өкмөт шайлоодо жеңилүүгө дуушар болгон. Андан сырткары, ошол мезгилде өлтүрүүчү машинага айланган саламаттыкты сактоо тармагында реформалардын башталышына алып келген. Мындай эмгек канча убакытты талап кылсо ошончо убактыңызды сарптоого даяр болбосоңуз, албетте сиз журналист болуп калсаңыз болот, бирок иликтөөчү болуп кала албайсыз.

Мүмкүн сиз, эмне үчүн Кастереден башка журналист мындай узак мөөнөттүү долбоорду жүргүзүүгө убактысын короткусу келген жок деп таң калып жаткан чыгаарсыз. Мунун башкы себеби, аталган журналисттин атаандаштарынын бирөө дал ошол кылмыш кылгандар тарапта иштегендигин айтпасак дагы эч ким мындай кадыр-барктуу адамдардын андай ишке барышына ишенмек эмес. Биз силерге бир нерсени бир нече жолу кайталап айткыбыз келет жана аны дагы бир жолу айтууга ыңгайлуу убакыт келди: көптөгөн иликтөөлөрдү журналисттер өздөрү үзгүлтүккө учуратышат, анткени алар биринчи кезекте өздөрүн коргоо максатында ачыкка чыккан фактылардын реалдуулугун моюнга алуудан баш тартышат.

## СТРАТЕГИЯДАН БАШТАҢЫЗ!

**Өз иликтөөңүздүн стратегиясын ойлоп чыгууга убакыт бөлүңүз. Бул бири-бири менен байланышкан белгилүү маселелерди аткаруунун эрежесин карап чыгуу дегенди билдирет. Ушунун эсебинен, акырында өзүңүздүн өтө көп убактыңызды үнөмдөшүңүзгө ишене бериңиз. Алгач, жооп берүүнү талап кылган маанилүү суроолордун тизмесин түзүү керек. (Мисалы: кан препаратын ким чыгарат? Чыгаруучулар препараттын коопсуздугун кантип аныкташат?)**

Иликтөөнү эч кандай адамдар менен маектешүүнү талап кылбаган, өзүңүздөгү маалыматтын жардамы менен жооп бере алган эң оңой суроолордон баштаганыңыз жакшы.

Жаңылык кабарчысында болгон алгачкы умтулуу – телефондун трубкасын алып, суроолорду бере баштоо. Албетте биз сиздерге адамдар менен маектешпеш керек деп айтпайбыз. Биз иликтөөнү чуу көтөрбөй, акырын баштоонун артыкчылыгы бар экендигин айтып койгубуз келип жатат. Качан иликтөөңүздүн бир топ бөлүгүн басып өткөнүңүздөн кийин, көп адамдар сиздин эмне менен алектенип жатканыңыздан кабардар болушат.

Ошондуктан, сиз өз гипотезаңыздын элементтерин тастыктай ала турган ачык булактардын бардыгы же жоктугу тууралуу билишиңиз керек. Алар расмий документтер, жаңылык маалыматчалары ж.б. болушу мүмкүн. Эгер сизде ушул булактар бар болсо, биринчи кезекте ошолор-

го кайрылыңыз. Элдер менен маектешкенге чейин сизде өз темаңыз боюнча түшүнүгүңүз кеңейет жана ал адамдар тарабынан сөзсүз бааланат.

Америкадагы Коомдук интеграция борборунда жаш журналисттерден иликтөөлөргө алдын ала бир нече апта жумшоо талап кылынат. Ошондон кийин кана телефон аркылуу маалымат булактарына кайрылууга уруксат берилет. Мүмкүн сизге мындай көп убакыт талап кылынбайт чыгар. Бирок, эгер сиз бизге жана иликтөө жүргүзүүнүн методикасы боюнча биз окуткан жүздөгөн адамдарга окшош болсоңуз, анда маалымат табууда башка адамдарга ишенген адатыңызды жок кылышыңыз керек. Кийинки бөлүмдө ачык маалымат булактарын кантип табабыз жана колдонобуз деген суроолорду кеңири карайбыз.

## КИЧИНЕКЕЙ ДОУНУН ТРАГЕДИЯСЫ АТАЛГАН ГИПОТЕЗАГА НЕГИЗДЕЛГЕН ИЛИКТӨӨНҮН АЛКАГЫНДА БЕЛГИЛҮҮ БИР УЧУРДУ ТАЛДАЙЛЫ

**Гипотезага негизделген иликтөөнүн кантип иштегендигин кеңири мисалдар менен карап көрөлү. Бардыгы качан редактор бизге бир көйгөйдү иликтөөнү тапшыргандан башталды. Бул теманы иликтөөнү редакторго анын бир досу сунуш кылган. Ал досу мындай деген: *«Адамдар ар кандай кемтик жана майыптуулук менен өспөсүн деп, врачтар ара төрөлгөн ымыркайларды өлтүрүүгө барышат»*. Жетекчибиз болсо эгер биз бул окуяны иликтей албасак, анда өз жумушубуздан айрылаарыбызды ачык эле кыйытты.**

### 1. ӨЗҮНЧӨ ЭЛЕМЕНТТЕРДИ БӨЛҮП АЛЫП, АЧЫК МААЛЫМАТ БУЛАКТАРЫН ТАБАБЫЗ

Тема эмнеси менен жагымсыз? Башталышында айтыңызчы: Адам өмүрүн сактоону окушкан дарыгерлердин бир тобу, кокусунан эле ымыркайларды өлтүргөн келесоо жырткычка айланышына чынында сиз ишенесизби? Сиз качандыр бир убакта көкүрөгүнө «Ымыркайларды өлтүрүү – менен кесиптик милдетим» деген жазуусу бар таблица кадалган врачты көрдүңүз беле? Биз дагы көргөн эмеспиз. Андайлар чындыгында болушса, анда аларды кайдан издөө керек деп айтасыз.

Сиз ооруканага телефон чалып, «сиздерде адам өлтүргүч кокусунан иштебейби?» деп сурайт белеңиз? Биз дагы антпек эмеспиз.

Бул теманын өзүнө тарткан жагы, ал текшерүүгө боло турган бир нече элементтерди өзүнө камтыгандыгында:




Жогоруда көрсөтүлгөндөрдү карап чыгып, ымыркайдын төрөт залында өлтүрүлүшүнө ишенүү кыйын. (Сиз түз эле төрөтканага телефон чалып «Сиздер соңку мезгилдерде, ымыркайларды өлтүргөн жоксуздарбы? Кантип?» деп сурай албайсыз). Ошондуктан, биз бул маселени четке коюп, анын ордуна алдыңкы медициналык адабияттарды окуп үйрөнүүгө мүмкүндүк берген медициналык адистикти, ошондой эле кемтик менен ара төрөлгөн ымыркайлар боюнча сандык көрсөткүчтөрдү издей баштадык. Булардын баарын жергиликтүү китепканадан эле, башкача айтканда ачык булактардын классикалык үлгүсүнөн эле таба алдык.

## 2. БИРИНЧИ ТАЛДОО: БУГА БИЗДИН ГИПОТЕЗАБЫЗ ТУРУШТУК БЕРЕ АЛАБЫ?

Кийинки этабында биз маалыматтарды бир бүтүндүккө бириктире баштадык. Муну менен биз маалыматтардын биздин гипотезабызды тастыктоосун текшергибиз келди.

Ара төрөлүүнүн стандарттык көрсөткүчүнүн негизинде, жаңы төрөлгөн ымыркайдын салмагы боюнча жүргүзүлгөн улуттук статистикага, ошондой эле, мындай ымыркайлардын тубаса кемтик менен төрөлүү деңгээли боюнча жүргүзүлгөн илимий изилдөөгө таянып биз төмөндөгү тенденцияны байкадык.




Башкача сөз менен айтканда, 1970-жылдан тартып 1984-жылга чейин ара төрөлгөн балдардын саны кескин төмөндөгөн. Тубаса кемтик жана жүрөк оорулары көбүнчө ара төрөлгөн балдарда кездешээрин эске алганда, тубаса майып ооруларына чалдыккан балдардын саны да кыскарган. 1984-жылдан баштап ара төрөлгөн балдардын саны кескин өсө баштаган.

Бул биздин гипотезабызды ырастайбы же четке кагабы? Ырастабайт жана четке да кага албайт. Бул маалыматтар кайсы бир жерде кимдир бирөө ымыркайларды өлтүрүп жатат дегенди билдирбейт. Мүмкүн 1984-жылдан кийин тубаса кемтик менен ара төрөлгөн ымыркайлардын санынын өсүшү кайсы бир акылсыздарды бул көрүнүшкө каршы турууга

түрткөндүр. Биз аны азырынча билбейбиз. Биз, ошондой эле бул акылсыздар 1970-1984жж. иштегендигин, мүмкүн өздөрүн билдирип албоо максатында кийин ал практиканы токтотушкандыгын да билбейбиз. Биз болгону 1984-жылда кандайдыр бир өзгөрүүнүн болгондугун гана билебиз.

## 3. КИЙИНКИ ТЕКШЕРҮҮ

Биз, тубаса кемтик оорусу менен ара төрөлгөн балдарга арналган илимий макалаларды көбүрөөк топтоо максатында, кайрадан китепканага келдик. Макалалардын биринде кайсы бир «Кичинекей Доу» жөнүндө айтылган маалыматка көңүлүбүз түштү. Макаланын авторуна телефон чалып *«Кичинекей Доу»* деген эмнени билдирээрин сурадык.

Ал, *«Бул, бизди ара төрөлгөн ымыркайдын өмүрүн, тубаса кемтик оорусуна же ата-энесинин каалоосуна карабастан, сактап калууга милдеттендирген мыйзам»*, деп жооп берди.

Эгер мыйзам күчүнө кирген болсо, бул биздин гипотезабызды жокко чыгара алчу бирден бир факт. Ошондуктан, дарыгерлер бул мыйзамдын эрежелерин сактап жатышабы?, – деп сурадык. *«Биз сактоого милдеттүүбүз. Ар бир ооруканада ишеним телефондору бар жана ал аркылуу прокурор менен байланышууга болот. Эгер кимдир бирөө сиздин өз кызматтык милдетиңизди аткарбай жаткандыгыңызды сезсе, анда ал ишеним телефону аркылуу маалымдай алат, жана сизди кармап кетишет»*, – деди ал. Биз андан ушундай көрүнүштөр орун алып жаткан жерлер бар экендиги жөнүндө маалыматыңыз барбы, деп сурадык. Ал маалыматы болгонун айтты. (Кийинчерээк, федералдык агентстволордун биринен, бул мыйзамдын сакталышын көзөмөлдөө боюнча отчетту алдык). Качан биз, мыйзамдын качан күчүнө киргендигин сураганыбызда, биз ойлогондой ал мыйзам 1984-жылы күчүнө киргендиги белгилүү болду.

Алгачкы гипотезабыз өз маанисин жогото баштаганы менен, ушунун негизинде эле жаңы гипотеза түзүлө баштады: *«1984-жылы кабыл алынган мыйзам, дарыгерлерди тубаса кемтик оорусу менен же ара төрөлгөн ымыркайлардын табийгый өлүмүнө жол берүүгө тыюу салды. Натыйжасында, майыптардын жаңы популяциясы пайда болду».*

Соңку бир нече күндөн бери, ушул популяциялар боюнча документалдуу далилдерди издөөгө бир нече күн короттук. Анткени биз теманын масштабын тактагыбыз келди. Алгач, биз 1984-1995-жылдар аралыгында ушул мыйзамдын таасири менен тирүү калган ара төрөлгөн балдар боюнча кошумча сандык маалыматтарды чогулттук. Муну жөнөкөй эле жол менен эсептеп чыктык. Мыйзам чыкканга чейинки акыркы 1983-жылдагы ара төрөлгөн балдардын санын андан кийинки ар бир жылдагы сандык көрсөткүчтөрдөн алып салуу жолу менен эсептедик. Андан кийин илимий изилдөөнүн негизинде тубаса кемтик оорусу менен канча баланын төрөлүшү мүмкүндүгүн эсептеп чыктык.

Андан соң, биз эпидемиологко кайрылдык, анткени биз дарыгер же математик болбогондон кийин, айрым катачылыктарды кетиришибиз мүмкүн эле. Эң башкысы эсептеп чыккандан кийин сандык көрсөткүчтүн жыйынтыгына ишене бербедик. Жыйынтыгында, бул мыйзам кабыл алынгандан кийин жарык дүйнөгө дээрлик чейрек миллион ымыркай оор тубаса кемтик оорусу менен төрөлгөн (сокур, шал, же акыл эси кем).

Эксперттер бул сандык көрсөткүчтүн чындыкка жакын экендигин айтышты. Ал эми биздин иликтөө ишибизде кайрадан жаңы гипотезаны талап кылган жаңы критикалык абал түзүлдү. Ушунун баары бизди процесстин негизги бөлүгүнө алып барат.

## 4. ТЕМАНЫН ТҮРДҮҮ АСПЕКТИЛЕРИН ЭСКЕ АЛУУ ҮЧҮН ЖАҢЫ, КОШУМЧА ГИПОТЕЗАНЫ АЛЫП ЧЫГЫҢЫЗ

Терең жүргүзүлгөн иликтөө негизинен дайыма, иштин башталышында белгисиз болгон, теманы өнүктүрүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачат. Көбүнчө алар текшерүүгө мүмкүн болгон жаңы гипотезаны алып чыгууну талап кылат. Эгер алар сиздин алгачкы иликтөөңүз менен байланышпаса, ага кайсы бир убакытка чейин көңүл бурбай эле койгонуңуз оң.

Бирок, кээде жаңы ачылыш сиз алгач иликтегиңиз келген темадан да маанилүү болуп калышы мүмкүн. Ошондой эле, жаңы гипотеза алгачкы гипотезаны ойго келбеген башка өңүттө чагылдырып ага нур берип калышы ыктымал. Эгер ушундай болсо жана сиз ага көңүл бурбасаңыз, анда маанилүү материалды түзүү мүмкүндүгүн жоготосуз.

Жогоруда келтирилген мисал боюнча, сизде кайсы бир түшүнүксүз кабыл алынган мыйзамдын кесепетинен өнгүүсүнөн артта калган балдардын саны чейрек миллионго жеткендигин далилдеген статистикалык маалымат бар эле. Ушундан улам, бул балдарга эмне болду?, деген суроо туулат.

Биз ошол учурларды Америкада социалдык мыйзамдарда реформа жүргүзүлгөндүгүн, анын жыйынтыгында жөлөк пул алуу кыйындагандыгын баамдадык. Жөлөк пул алган калктын катмары – жакыр жашагандар жана ак рассага кирбегендер – ай күнүнө жетпей төрөгөндөн абдан көп адамдар жапа чегишкен. Ошондуктан, биз гипотезабызды «Социалдык коргоо системасын реформалоо тубаса кемтик оорусу менен төрөлгөн жана ара төрөлгөн балдарга кам көрүүнү кыйындатты» деп атадык. Бат эле бул гипотезабызга ачык булактардан ырастоолорду таба алдык.

Дагы көптөгөн, көптөгөн фактыларды тапсак болот эле, бирок биз иликтегибиз келген тема толук бир картинаны бере алды.

Биз редакторубузга барып: *«Босс, биз сиздин темаңыздын чындыгын далилдей албайбыз. Эгер кааласаңыз бизди иштен кетириңиз. Ал эми биз төмөндөгүдөй темада иликтөө жүргүзө алабыз: «1984-жылы кабыл алынган мыйзам, дарыгерлерди тубаса кемтик оорусу менен же ара төрөлгөн ымыркайлардын табигый өлүмүнө жол берүүгө тыюу салды».*

*«Бир мыйзам жашоого майып балдарды алып келсе, ал эми экинчи мыйзам аларды көчөгө кууп чыкты»*

*«Сиз ушул мыйзамды өзгөртүүгө жардам бергиңиз келеби, босс?».*

Эсиңизге тутуңуз: Ушундай кырдаалда, сиздин жетекчиңиз «жок» деп жооп берсе, анда жаңы жетекчи издей бергениңиз оң. Сиздер өнүктүргөн алгачкы гипотезаны жетекчиңиз сунуштаган. Начар журналисттер фактыларды гипотезага ылайыктап иштеп чыгууга умтулушат. Ал эми мыкты журналисттер гипотеза фактыга шайкеш келиши үчүн, фактылар аларга жагабы же жокпу, эч нерсеге карабай гипотезаны өзгөртүшөт.

Жок, ал бизди иштен бошотуп жиберген жок. Биз материалды жарыкка чыгарып жана ал үчүн эки сыйлыкка татыктуу болдук. Бирок мыйзам мурдагыдай эле иштеп жатат. Биз буга өкүнөбүзбү? Ооба. Бирок, айтылган көйгөй боюнча билдирбей койсок андан да жаман өкүнмөкбүз.

## ИЛИКТӨӨНҮ НАТЫЙЖАЛУУ ЖҮРГҮЗҮҮ ҮЧҮН ГИПОТЕЗАНЫ ТУУРА КОЛДОН

**Биз төмөндөгүдөй сунушту айтат элек: Гипотезаны алып чыгып жана аны ырастаган далилдерди алаарыңыз менен, долбоордун төмөндөгүдөй параметрлеринин тизмесин түзүп чыгыңыз:**

### 1. АКЫРКЫ ПРОДУКТ:

Даяр материалды берүү максатында сиз умтула турган минимум жана максимум максаттар кандай?

*Биздин кеңешибиз: минимум алгачкы гипотезага же текшерүүнүн жүрүшүндө ачыкталган башка гипотезага негизделген оргиналдуу бир материал болсун дейли. Эгер гипотеза жеткиликтүү маңызга ээ болсо, анда аны сериялуу материал же кеңири баяндама катары чыгарса болот. Өз чамаңыз жетпеген нерсеге убада бербеңиз, ал эми долбоорго жеткиликтүү ылайык болбогон нерсеге да макул болбоңуз.*

### 2. ДОЛБООРДУН ЭТАПТАРЫ:

Алгачкы ачык маалымат булагы менен кеңешүү үчүн канча убакыт талап кылынат? Сиз качан маалымат булагына – белгилүү бир адамга кайрылып аны менен маектешесиз? Сиз качан материалдын алгачкы чийки вариантын түзүүнү баштоого даяр болосуз?

*Биздин кеңешибиз: журналист жана иликтөөгө катышып жаткан кесиптешиңиз ар жума сайын жасалган иштин жыйынтыгын чыгарып турсун. Негизги маселе – гипотезаны текшерүү жана жаңы маалыматты табуу, бирок долбоордун иши берилген убакыттын алкагында жана бөлүнгөн каражаттын чегинде жүргүзүлүшүнө көзөмөл жүргүзүү. Долбоордун келечегине коркунуч келтирген кечеңдөөлөр болбош керек. Өз милдетин аткарбаган адамдар топтон чыгарылышы зарыл.*

### 3. ЧЫГЫМДАР ЖАНА КИРЕШЕЛЕР:

Сиздин убактыңыз менен катар, иш сапарыңыз, мейманкана жана сүйлөшүү акылары сыяктуу чыгашаңыз бир топ каражатты талап кылат.

Дагы кандай чыгашалар болушу мүмкүн? Бардык чыгашаларыңызды толук эсептеп чыгууга аракеттениңиз.

*Эгер журналист иликтөөнү өз алдынча жүргүзүп жаткан болсо, анын иликтөө үчүн кетирген кошумча чыгымдары ал журналисттин иликтөөнүн алкагында кошумча билимге, жаңы байланыштарга ээ болушу жана кадыр-барк топтоосу менен толуктанабы же жокпу, деп кылдат ойлонгону жакшы.*

*Ал эми өз мезгилинде бул жаңы долбоорду турмушка ашырып жаткан ишкана болсо коротулган чыгымдар долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында ишкананын репутациясынын, кадыр-баркынын жогорулашы жана сатыктын өсүшү менен кайрадан толукталып акталабы же жокпу ошону так эсептеп чыгышы зарыл. Ал эми иликтөөнүн бардык катышуучулары, коомго кызмат кылуу көз карашынан алганда, долбоор өзүн-өзүн актадыбы, деп ойлонушу керек. Ошентип, ар кандай долбоорду ишке ашырууда мына ушундай параметрлерди кылдаттык менен эске алуу абдан маанилүү.*

### 4. ЖАЙЫЛТУУ:

Бул материал кимди кызыктырат? Коомчулуктун калың катмарына материалдын маңызын кантип жеткирүү керек? Бул кошумча чыгашаларды талап кылабы (сиздин өзүңүздүн жана кесиптешиңиздин убактысы)? Мындай каражат сарптоо менен сиздин өзүңүзгө жана ишканаңызга кандай пайда алса болот?

*Иликтөөнү массалык маалымат каражаттарына жарыялоого бергенден кийин, анда ага каражат сарптоонун деле кереги жок. Андан сырткары, материалды жарыялоо иликтөө объектиси тарабынан болуучу коркунучту азайтат, анткени иликтөө жеткиликтүү көңүл коюлуп жүргүзүлгөндүктөн күчтүү союздаштардын көңүлүн дароо эле өзүнө бурушу мүмкүн. Жайылтуу газетанын аталышы сыяктуу эле эң эле жөнөкөй болушу мүмкүн. Мүмкүн, бул ушул теманын айланасында талкууну жаратуу же чуу көтөрүү үчүн интернет форумдарды колдонууга чейинки өтө татаал процесс болушу мүмкүн. Бул маселени 8-главада кеңири карайбыз.*

*Бул процесстен кыянаттык менен пайдалангандар да болот. Мисалы, редактор жашыруун өз журналистинин ишин үзгүлтүккө учуратуу максатын көздөп, билип туруп ага аткарылгыс тапшырманы берет.*

*Качан баары ойдогудай ишке ашырылганда гипотеза жана анын ырастоосу өнүгүүнүн башкы критерийи болуп келечекте кандай иш-аракет жасоо керектигин көрсөтөт.*

*Ийгиликке жетүү үчүн макаланын деңгээлинен чыгып өзүңүздү аудиторияда мына ошол сиз даярдаган материалды угуп отурган адамдын ордунда элестетип көрүү зарыл.*

*Эң башысы сиздин гипотезаңыз бир нече сүйлөмдөн туруп, иликтөөнүн башкы маңызын чагылдырып угуучуларды өзүнө кызыктырып тартып туруусуна жетишүү маанилүү.*

## КӨҢҮЛҮҢҮЗДҮН БААРЫН ОКУЯГА БУРУҢУЗ

**Журналист тарабынан көтөрүлгөн гипотеза окуя сыяктуу эле баяндалышы керек. Ал өзүнө жаңылыкты, анын себебин жана чечүү жолдорун камтыйт. Бул гипотезаны көз жаздымында кармоо менен, журналист болгон оюн өзүнчө фактыларга эмес, окуяга бурушу керек.**

Фактылар сиздин темаңыздын негизи болуп бериши мүмкүн, бирок аны өз алдынча баяндап бере албайт. Окуя фактыларды айтып берет. Даректерди жазуу дептерчесинен үч сапты эч ким эсте тутуп кала албайт, бирок бул дептерчеде көрсөтүлгөн адамдардын аты менен байланышкан кайсы бир окуяны ар бири эстеп калышат. Башынан эле өз иликтөөңүздү окуя катары карасаңыз (ал чын же жалган болушу мүмкүндүгүн эстен чыгарбаңыз) анда өз окурмандарыңыздын же көрүүчүлөрүңүздүн жеңил эске тутуусун камсыздайсыз. Сиз өзүңүз да оңой эске тута аласыз. Иликтөөдөгү эң татаал нерсе, бардык жаңы фактылардын пайда болушу менен окуяны эсте тутуу болуп эсептелет.

Бул ыкманы колдонууга жетиштүү убакыт бөлүп, аны ар бир иликтөөңүздө колдонуңуз. Бул сизге ийгилик алып келип, ал ийгиликтердин кайталанышына мүмкүндүк берет.

Ал эми азыр ачык булактарды кайдан табуу боло тургандыгын карап чыгалы. Биз аларды **«ачык эшиктер»** деп атаганды жакшы көрөбүз.

# 3-глава. ТЕКШЕРҮҮ

## «АЧЫК ЭШИКТЕРДИ» КОЛДОНОБУЗ (ПАЙДАЛАНАБЫЗ): КОНТЕКСТ ЖАНА ДЕДУКЦИЯНЫ ИЗИЛДӨӨ

Автор: Марк Ли Хантер

Биз эмнени карайбыз:

**Иликтөө предмети эмнеден турарын аныктайбыз**

**Кийинки иликтөө үчүн божомолду сунуштайбыз**

**Божомолдорду текшерүү үчүн ачык булактардан маалыматтарды издейбиз**

---

## КИРИШ СӨЗ: ЖАБЫК ЭМЕС АЧЫК ЭШИККЕ КИРИҢИЗ

**«Харпер» аттуу тасмада актер Пол Ньюман өз өжөрлүгүн далилдөөгө умтулган жаш баланын жолун торогон жеке детективдин ролун ойнойт. Жаш бала: «Өткөрүп жибериңизчи», – деп өтүнөт. »Мейли, өтүп кет», – дейт детектив. Жаш бала күч менен күүлөнүп алдыга умтулуп, өзүнүн ийинин сындырып ала жаздайт. Харпер акырын эшиктин жанына басып келип, эшикти ачат.**

Өзүмдүн жеке жашоомдо жана иликтөө иштерин жүңгүзүүнүн ыкмаларын окутууда жогорудагы жаш балага окшогон адамдарды көп учураттым. Алар өз жолун торобогон тоскоолдуктарды жеңүүгө аракет жасашып, ал эми болгон тоскоолдуктарды айланып өтүү жолдорун байкашпайт. Адатта, бул кишилер жаңылуунун туткуну болуп калышкан: алардын оюу боюнча, жашыруун болбогон нерсени билүүнүн кажети жок. Ошондуктан, алар адамдарды кайсы бир сырды ачууга мажбурлап, өз убактысын текке кетиришет. Андыктан мындай учурда бул тармакта

ишин мыкты билген адистер да (акылыма Сеймура Херша жана Жаңы Зеландиядан Никки Хагара келди) буга окшогон түз эмес жолдо жай жана абайлап иш жүргүзүүсү шарт.

Тилеке каршы, биздин арабызда да жалган менен сырды айырмалай албаган адамдар көп. Мындан сырткары, биз кимдир бирөөдөн бизге бир нерсе айтып берүүсүн суранып жатканыбызда, ал кишини кудуреттүү, ал эми өзүбүздү алсыз кылып көрсөтүп бечаранын кейпин кийебиз.

Өз ишинде пенсия курагына чейин иштеп туруугa ак эткенден так этип аракет жасаган адискөй чалгынчылар түрдүү божомолго таянышып, ар кандай ыкмаларды колдонушат. Ал божомолдор төмөндөгүлөр:

- «Жашыруун сыр» деп атаган нерселердин көпчүлүгү – бул биз күндөлүк турмушта өзгөчө көңүлгө албаган катардагы фактылар болуп эсептелет.
- Бул фактылардын көпчүлүгү – орточо эсеп менен 90 пайызы – ачык маалымат булактарынан изилденет, анткени аларды эркин алууга болот.

Биз, тигил же бул мамлекетте, ачык булактардан алынган маалматтар толук эмес жана сапаты начар болот деп көп угабыз. Балким, кайсы бир деңгээлде мунун чындыгы бардыр. Бирок, ачык булактарда журналисттер колдонбогон көп маалыматтар бар экендиги чындык. Мындай маалыматтарды колдонуу менен материалды оңой даярдоого болот, ал эми биздин атаандаштар адатта мындай иштер менен алектенишпейт. Алар башка нерселер менен алектенишет, башкача айтканда кайсы бир жашыруун сырды ачуу максатында сурамжылоо жүргүзүүгө аракеттенишет.

**Көптөгөн мисалдардын ичинен бирөөнү алып көрөлү:**

1980-жылы «Канар Аншен» жумалыгынын Эрве Лиффран аттуу жаш француз журналистине Париждин мэринин ишмердүүлүгүн чагылдырган макала даярдоо милдети тапшырылган. Бирок ал чиновниктерге журналист менен сүйлөшпөөгө буйрук берилгендигин билген. Анын эч кандай тоскоолдуксуз, жападан-жалгыз барчу жери, ички отчеттордун жана келишимдердин көчүрмөсү сакталган шаардын административдик документтеринин китепканасы эле. Ал мына ошол жердеги ачык булактардан пайдаланып эле

шаар башкармачылыгы ири суу түтүктөр компанияларын эбегейсиз байыткан жана салык төлөөчүлөрдүн чөнтөгүнө чоң зыян алып келген келишимге кол койгондугун бетин ачып, өзүнүн алгачкы чуулгандуу материалын даярдаган. Бул окуядан кийин аткаминерлер Лиффранды токтотуу мүмкүн эмес экендигин түшүнүп, ал менен сүйлөшүлөрдү жүргүзө башташкан. Кийинчерээк ал шайлоо добуштарынын жыйынтыгы боюнча коомчулукка ачык берилген маалыматтарды пайдаланып, шайлоочулардын тизмесин, алардын чынында эле расмий катталган даректери боюнча муниципалдык имараттарда жашаарын текшерип, Париждеги шайлоо учурунда добуштарды бурмалоо орун алгандыгынын бетин ачкан.

Биз эмнени айткыбыз келип жатканын түшүндүңүздөр окшойт. Кайсы бир жерде жазылган жана жалпы коомчулукка ачык болгон кандай далил болбосун, ал сиздин мыйзамдуу табылгаңыз. Маалымат коомчулукка ачык болсо, аны эскирген, анча деле мааниге ээ болбогон, же коомго белгилүү деп ойлобоңуздар. Кээде мындай маалыматтар мурда эч кимдин оюна келбеген, жарылган бомба сыяктуу натыйжа бериши мүмкүн. Тигил же бул маселе боюнча белгилүү бир маалыматты издөөгө болбойт. Мындайды тажрыйбасыз журналисттер жасашат. Анын ордуна сиз бир нече жолу кайрылып, кайра-кайра колдоно алчу маалымат булагын табууга жана аларга өзгөчө мамиле кылууга аракеттениңиз. Сиздин бул материалдарды колдоно билүү жөндөмүңүз, сиздин кадыр баркыңыздын калыптанышында чечүүчү фактор болуп эсептелет.

**Эсиңизде болсун:**

Өзүңүздө жок маалыматты сизге кимдир бирөөнү өз каалосу менен айттырууга караганда, бирөөнү сиз билген маалыматты тастыктоого мажбурлоо оңой. Биз бул маселеге «ачык маалымат булактары – бул бийлик булактары» аттуу бөлүмдө кайрылабыз.

# КАНДАЙ БУЛАКТАР АЧЫК БУЛАКТАР ДЕП АТАЛАТ?

**Азыркы дүйнөдө ачык булактардын саны дээрлик чексиз. Алар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:**

## МААЛЫМАТТАР:

эч бир тоскоолдуксуз алууга мүмкүн болгон, Массалык маалымат каражаттарында жарыяланган бардык маалыматтар. Мындай маалыматты коомдук китепканалардан, ММКдын тиешелүү архивдеринен ала алабыз:

- Жаңылык ММКнан (гезиттер, журналдар,ТВ, радио, Интернет);
- Адистештирилген басылмалардан (союздар, саясий партиялар, тармактык ассоциациялар ж.б.);
- Илимий мекемелерден;
- Кызыккан тараптын ММКнан (интернет колдонуучулардын форумдары, финансылык аналитиктер, жаңылык бюллетендери жана ар түрдүү уюмдардын журналдары, нааразычылык топтор ж.б.).

**Мисалдар:**

- каза болгондугу тууралуу кабар сиз кызыккан адамдын туугандарын табууга жардам берет;
- нааразылык билдирген топтор соттук иштериндеги жана мыйзамдагы түрдүү өзгөрүүлөрдү көзөмөлдөө менен алек болушат.
- саясий партиялардын баш кеңселери партиялык адабияттарды гана эмес, ошондой эле жаңылык бюллетендерин, брошюраларды, партия мүчөлөрүн эркин басылмаларын ж.б жарыялай алышат.
- маалыматтардын жыйындысы маектешүүнүн жүрүшүндө маектешип отурган адам менен байланыш түзүүгө жана ага суроо берүүгө жардам берет; журналист маалымат булагынан бул билдирүүдө жазылган маалыматтын тууралыгын тастыктоону өтүнүп, кийинки маекти ушундан кийин улатса болот.

## БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРЛОРУНУН КИТЕПКАНАЛАРЫ,

ошону менен катар мамлекеттик жана менчик университетттердин, медициналык колледждердин (медициналык окуу жайларынын базасын-

дагы ооруканалардын), бизнес-мектептердин китепканалары ж.б.у.с. Бул мекемелер коомдук китепканаларга караганда заманбап жабдууларга жана жетиштүү каражатка ээ. Бул мекемелерде жаңы маалымат базасы (Фактива же Нексис-Лексис тууралуу), ошондой эле компания тууралуу маалымат базасы бар (мисалга алсак, «Дан энд Брэдстрит»). Мындан сырткары бул мекемелерде мыкты адистер эмгектенишет. Бул мекемелерден кантип маалымат алса болот (деги эле маалымат алууга болобу).

**Мисалы:**

Компания өкүлдөрүнүн маалыматына караганда, керектөөчүлөрдүн нааразылык акциясы натыйжасыз болуп, үзгүлтүккө учураган, ал эми INSEAD бизнес мектебинин китепканасынын базасындагы финансалык талдоочулардын отчетторунда болсо аталган акция кампаниянын рыноктук капитализациясына олуттуу зыян келтиргендиги тууралуу жазылган.

**МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР** башка булактарга караганда маалыматтарды көбүрөөк чыгарышат, ал тургай биздин пикирибиз боюнча маалымат эркиндиги тууралуу мыйзамдар жетишерлик иштебеген авторитардык өлкөлөрдө да ушундай эле көрүнүш орун алган. Иш жүзүндө, алардан сиз ойлогондон да көп маалымат алууга болот.

**Айрым мисалдар:**

- **Болгон окуялар жөнүндө докладдар:** мамлекеттик органдар такталган эрежелердин негизинде иштөөгө милдеттүү. Бирок, кызматкерлер ар кандай катачылыктарды кетиришет. Ушул сыяктуу ката кетирген фактылар жана инциденттер боюнча отчет жазылышы керектиги тигил же бул органдын уставында же укуктук кодексинде так көрсөтүлгөн. Ушундай отчетторду талап кылсаңыздар болот.
- **Текшерүүлөр боюнча отчеттор:** баарына жоопкер болгон көпчүлүк органдар ресторандардан тартып авто жол көпүрөлөрүнө чейин тиги же бул процедура же көрсөтмө боюнча отчет түзүшөт. Эгер өзгөчө бир окуялар болуп калса, ушул отчетторду жана ал отчетторду жазган адамдарды издесеңиз болот. Эгер отчет жок болуп калса, анда бул сизге даяр репортаж: Эмне себептен бул орган ушундай катачылык кетирген? Эгер отчет бар болсо жана жаман окуянын болоорун алдын ала билдире алса, эмне себептен аны болтурбоо үчүн эч нерсе жасалган жок?

- **Арыз-даттануулар:** жарандар арызданышат жана алардын арыздары негиздүү болуп чыгат. Бул арыздануулар кимге жолдонот? Ушуга байланыштуу бир нерсе алдын ала жасалабы? Тагыраак эмне жасалат?

## МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН КИТЕПКАНАЛАРЫ

Улуттук жана муниципалдык деңгээлдеги мамлекеттик башкаруу органдарынын, ошондой эле парламенттин өздөрүнүн жеке китепканалары жана архивдери болот. Ушул эле нерсе көпчүлүк министрликтерге да тиешелүү. Мындай китепканаларда парламенттик жарчылар же расмий бюллетендер сакталат, ал жерде башка материалдар да бар.

**Мисалдар:**

- Атайын кызмат берүүдөн баш тарткан отчетту сириялык журналист Улуттук китепкананын жардамы аркылуу таба алган.
- Франциядагы алкоголдук лоббини иликтөө иши Journal Officiel расмий бюллетенине кайрылуудан башталган, анда шайлоо кампаниясын каржылоо тууралуу отчетту текшерүү үчүн өкмөттүн ишмердиги тууралуу отчет жарыяланган эле. Андан соң парламентте добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу маалыматтар иликтенди. Алкоголдук лоббинин мүчөлөрүнүн пайдасы үчүн мыйзамга оңдоолорду киргизүүнү сунуштаган расмий адамдар ал топтон – алкоголдук лоббинин мүчөлөрүнөн каржы алышкан..

## СОТТОР

Соттордо болбоду эле дегенде токтомдор жана соттук чечимдер сакталат. АКШ сыяктуу айрым өлкөлөрдө, сот ишине тиркелген бардык далилдердин материалдары ачык. Сиздин иликтөө объектиңизге тиешелүү каалаган соттук документтериңизди ал жүргөн бардык өлкөлөрдөн издесеңиз болот. Күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү эрежеге жараша, ар кандай кысымдан корголгон. Эгер сиз сот процессине катышсаңыз, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн толук жазып алыңыз. Өзгөчө соттук стенографист катышпаган учурларла бул өтө маанилүү.

**Мисалы:**

Ида Тарбелл ишке ашырган «Стэндарт Ойл» нефти трестинин ишмердиги боюнча классикалык иликтөө кайсы бир деңгээлде аталган компания боюнча соттук териштирүүлөрдүн архивине таянган.

## ЭКОНОМИКАНЫН ӨНҮГҮҮСҮНӨ КӨМӨК КӨРСӨТКӨН МЕКЕМЕЛЕР

Жергиликтүү соода-өндүрүш палатасы өзүнүн аймагы жана округу боюнча толтура материалдарды жарыялайт, анда калктын жумуш менен камсыз болушу, экономиканын, өндүрүштүн тармактары ж.б. боюнча ар түрдүү маалыматтар берилет.

**Мисалы:**

Ооруканада каза болгон ымыркайдын өлүмүн иликтөөдө, журналист Соода палатасынан алынган жарнама баракчада ооруқананын төрөт бөлүмүндөгү саясатына каршы чыккан адамдардын тизмесин алган. Сот доосу ушул оорукана тууралуу манилүү маалыматтар камтылган мамлекеттик бир мекеменин отчетунун жаряланышына алып келди.

## КАДАСТРДЫК МЕКЕМЕЛЕР

Бул мекемелер жана аны менен байланыштагы бюро менчик мүлктөр жана ушул мүлктөргө карата төлөнгөн кредиттер тууралуу маалыматтарды чогултат.

**Мисалы:**

Францияда саясатчыларга таандык мүлк тууралуу мааалымат, алар жарыялаган киреше декларациясында көрсөтүлгөн маалыматтарга караганда бир топ көп байлык жыйнагандыгын жарыялоо үчүн колдонулган.

## АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КОМПАНИЯЛАРДЫН ОТЧЕТТОРУ,

ошондой эле пресс-релиздери. Жылдык отчеттор, милдеттүү отчеттордогу маалыматтар жана ушул сыяктуу документтер компания тууралуу өтө көп маалыматты камтыйт. Пресс-релиздерде да компаниянын стратегиялык ишмердигинин негизинде жаткан принциптер кабарланат. Эгер фирма тышкы экономикалык ишмердик менен алектенсе, анда бул фирманын чет өлкө үчүн жасалган милдеттүү отчеттору көбүрөөк малыматты камтышы мүмкүн жана аны алуу да өз өлкөсүнө караганда жеңил болот.

**Мисалы:**

Франциялык жашыруун финансист тарабынан АКШынын баалуу кагаздар жана биржалар боюнча Комиссиясына тапшырылган милдеттүү жылдык жана башка отчеттор, талаштуу кырдаалда алынган, жалпы суммасы бир нече миллиард долларга барабар облигациялардын портфелин реконс-

трукциялоого мүмкүндүк берген. Отчеттогу маалыматта эмитент-компаниянын директорлор кеңешине кирген адамдын аты аталган.

## ТРИБУНАЛДАР ЖАНА КОМПАНИЯЛАРДЫН РЕЕСТРЛЕРИ

Ар бир өлкөдө компания ээлеринин эсебин жүргүзүшкөн мекемелер бар, ал компаниялар баалуу кагаздарды сатабы же жокпу, бул аларды кызыктырбайт. Фирманын ээлери элге жарыялай турган маалыматтардын көлөмү сиз ойлогондон да көп. Бирок, бул ресурстар эч качан колдонулбайт. Мисалы, Францияда элге жарыяланган маалымат өзүнө кызматкерлердин саны, кирешеси, карызы, тапкан пайдасы ж.б. жөнүндөгү маалыматты камтыйт. Мындан тышкары компаниялардын директорлорунун аты-жөндөрү да берилет.

**Мисалы:**

Бул маалыматты колдонуу менен биздин арабыздан бирөөбүз, өзүн керектөөчүлөрдүн укугун коргоо боюнча уюм катары тааныштырган веб-сайт чындыгында ири компаниянын пайдасына өндүрүш тыңчылыгын жүргүзгөн фирмага тиешелүү болуп чыккандыгын жарыялаган.

Белгилүү бир мамлекеттерге техникалык жардам көрсөткөн же кырдаал жөнүндө маалымат берген **ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАР** (Европа биримдиги, БУУ сыяктуу ж.б.).

**Мисалы:**

Кот-д’Ивуар Республикасында(Батыш Африкадагы мамлекет) басылып чыгуучу газета Европа Союзунун аудитин колдонуу аркылуу бул мамлекеттин башкаруу органы эл аралык жардамга деген ондогон миллион долларды белгисиз себептер менен короткондугун көрсөткөн. Мындай тизмени уланта берсек түгөнбөйт. Чыныгы адис ачык булактардын тизмесин түзүп, аны эч бир долбоордун талабысыз эле маал-маалы менен жаңыртып турат. Бул булактар сиздин маалымат булактарыңыз – адамдар – сыяктуу эле маанилүү.

## АЧЫК БУЛАКТАРДЫ ИЛИКТӨӨДӨ КОЛДОНУУНУН СТРАТЕГИЯСЫ

**Биздин ыкмабыз үчүн ачык булактардын мааниси төмөндөгүдөй: купуя нерсени ачууга аракеттенип булактарды издөөнүн ордуна, өзүбүздө болгон фактыларга таянып, логикалык жол менен сырды чечүүгө аракеттенебиз. Ал процесс төмөндөгүдөй:**

Дагы бир жолу, кыскача:




Биз бир канча фактыдан же илинчектен баштайбыз.

Өзүбүзгө белгисиз болгон фактыга карата гипотезаны сунуштайбыз.

Ачык булактардан гипотезабызга далилдерди издейбиз.

Ачык булактардан тапкан маалыматты толуктоо максатында адамдардан сурамжылоо жүргүзөбүз.

**Мисал:**

Франциянын ультраоңчул Улуттук фронту саясий партиясы биринчи кезекте Франциянын өзүнүн жарандарын жумуш орду менен камсыздоо, аларга мамлекеттик жөлөк пул ж.б. укуктарын камтыган «Улуттук артыкчылык» программасын сунуштады. Бул Франциядагы легалдуу иммиграннттардын укугун да артка таштагандык болуп саналат. Мындай саясат Франциянын, ошондой эле Европанын да мыйзамдарына каршы келет эле. Бирок Фронттун бир расмий өкүлү бизге айтканына караганда кыймылдын стратегдеринин ою боюнча, бул нерсени Франциянын башкаруу муниципалитетиндеги чала такталган мыйзамдардын жолу аркылуу мыйзамдаштырууга болмок. Качан биз андан кененирээк айтып берүүнү сураганыбызда, ал ошол замат унчукпай калды.

1-кадам:

Биз Улуттук Фронтко таандык мэр тарабынан көзөмөлгө алынган шаарларда мыйзамга каршы келген «Улуттук артыкчылык» программасы мыйзамдаштырылып жаткан учурлар бар деген гипотезаны сунуштайбыз.

2-кадам:

Биз Улуттук артыкчылык» программасынын тиешелүү көрсөткүчтөрүн тактоо максатында Улуттук Фронттун шайлоо алдындагы платформасына кайрылуу жасайбыз.

3-кадам:

Биз жетекчилери Улуттук фронттон тандалып алынган шаарлардын жашоосуна бул программанын жайылып жаткандыгына тастыктоо алуу үчүн ММКнин кабарларына, муниципалдык бюллетендерге, Интернет-форумдарга, маалымат бюллетендерине жана жарандардын отчеттук тобуна кайрылабыз.

4-кадам:

Биз жогорудагы кадамдарды аткарууну улантабыз. Аны маалымат булактарынан, башкача айтканда Фронттун жана оппозициянын өкүлдөрүнөн интервью алуу жолу менен ишке ашырабыз. Ошондой эле Фронттун бул программасын эч бир мыйзам бузууларсыз кантип жүзөгө ашырууга боло тургандыгын ачыктоо менен укук таануучулардан интервью алабыз.

Жыйынтык:

Биз гипотезанын тууралыгын гана текшерип тим болболстон, жогорудагы тизмелеп көрсөтүлгөн кадамдардын тууралыгын текшердик; Фронттун расмий өкүлдөрүнөн биз ачыктаган фактыларды тастыктоону сураганыбызда, алар эмнегедир башка нерселер тууралуу да айта баштады. Эмнеге? Бул суроонун жообу төмөндөгүчө.

## АЧЫК БУЛАКТАР БИЙЛИКТИН БУЛАГЫ КАТАРЫ

**Качан кимдир бирөөдөн кайсы бир фактыны маалымдосун сураганыбызда, ачык булактар адаттагы абалга караганда бизди салыштырмалуу бийлик менен камсыздайт. Бул кимдир бирөөдөн кайсы бир фактыны тастыктоону сурагандан айырмаланат. Бул «Эмне болуп өттү?» жана «Ушундай нерсе болуп өттү, туурабы?» деген эки суроо сыяктуу эле бири биринен айымаланат.**

Албетте, экинчи суроону берген адамды адаштыруу кыйын. Бул жерде биз анын кандай экенин так билбейбиз, бирок, билими жок адамга караганда маалыматтын баалуулугун түшүнгөн жана ага терең маани берген адам менен баарлашуу кызыктуу. Балким так ушул себептен улам Фронттун расмий өкүлдөрү бизге «Улуттук артыкчылык» саясатынын биз билбеген нерселери тууралуу кабарлаган көрүнөт. Сыягы биз алардын ишин баалай алаарыбызды билгендей.

Ачык булактарды колдонуу аркылуу сиз өзүңүздүн маалымат булагыңызга:

**1**

**Сиз бул темага абдан кызыгаарыңызды жана ага өз убактыңызды жана күчүңүздү жумшоого даяр экендигинизди көрсөтөсүз**

**2**

**Сиз өзүңүз жасай алчу жумушту сиз үчүн башкалардын жасоосун күтпөйсүз**

**3**

**Сиз маалымат алууда аларга көз каранды эмессиз**

**4**

**Сизде башкалар менен бөлүшө турган маалымат бар**

**5**

**Кимдир бирөө мени менен сүйлөшпөй коет деген ой сизди баштаган ишиңизден баш тартууга мажбурлай албайт**

Бирөөгө телефон чалып суроонун ордуна, ачык эшиктерге маалымат издеп баруу тажрыйбасын өзүңүздө калыптандырыңыз.

(АКШдагы Коомдук адилеттүүлүк борборунда иликтөөчүлөргө ачык буклактар менен иштеген өздөрүнүн алгачкы алты аптасында телефон колдонууга тыюу салынган). Маалымат булагы болгон адамдарды сиз менен сүйлөшүүгө көндүрүү жана алардын өз айткандарынын баалуулугун түшүнүүсү үчүн сиз өзүнүз да татыктуу күбө болууңуз зарыл.

# АЧЫК БУЛАКТАРДЫ ИЗДЕЙБИЗ

## 1. ИЛИКТӨӨГӨ АЛЫНГАН ПРЕДМЕТТИН БОЛЖОЛДУУ АЙМАГЫН АНЫКТАҢЫЗ

Сиздин биринчи милдетиңиз иликтөө аймагын карап чыгуу. Биринчи планда иликтөө предметинин артындагы жана тегерегиндеги фактыларды табуу милдети болгондуктан, бул процессти предметтин контекстин иликтөө десек болот. Бул төмөндөгү милдеттерди өзүнө камыйт:

- Окуяга тиешеси бар адамдарды аныктоо (индивиддер жана уюмдар);
- Окуяга тиешелүү делген адамдарга берилүүчү негизги суроолорду тактоо;
- Окуя болгондон бүгүнкү күнгө чейинки манилүү даталарды жана окуяларды түшүнүү.

Сиздин мисалыңыздагы башкы дата өзүңүздө болгон фактылардын негизинде түзүлөт. Эгер сиз темаңызды окуяга катышкан каармандын аты же уюмдун аталышы менен баштасаңыз, анда ошол элементтерге байланышкан матерал издеңиз. Андан соң, ушул материалдагы көрсөтмөлөрдү же белгилерди колдонуу менен башка материалды окшоштурууга аракет кылыңыз.

**Мисал:**

Бир жандарм адам өлтүрүүгө байланышкан бир окуянын жападан жалгыз күбөсүн издеген. Ага күбөнүн аты жөнү жана окуя болгон учурда анын кош бойлуу экендиги белгилүү болгон. Ал жаңы төрөлгөн ымыркайларды каттоочу муниципалдык бөлүмгө кайрылып болжолдонгон мезгилде төрөгөн аялдардын тизмесинен ага белгилүү болгон аялдын ысмын издеген. Ушундай жол менен ал окуянын күбөсүн тапкан жана ушул фактыга таянуу аркылуу бул кылмыштын бетин ачкан.

Качан сиз өзүңүздүн тунгуюкка капталганыңызды сезсеңиз, анда ошол жолуңуздагы таскоолдукка көңүл буруп, ал тоскоолдукка байланышкан маалыматы издеңиз. Өзүңүздү бул туңгуюктан алып чыгуу үчүн талыкпай аракет жасаңыз. Анткени, иликтөөңүздү андан ары улантуу үчүн болбоду эле дегенде жалгыз маалымат булагынан болсо да белгилүү

бир маалымат алышыңыз зарыл. Мындай абалга кептелүү менен сиз бардык бийликти өзүңүздүн маалымат булагыңыздын колуна өткөрүп бересиз.

Анын ордуна, сиздин иликтөө предметиңизден бир кадам алыста болгон адамдар, мекеме уюмдар же окуялар жөнүндө маалымат жыйнаңыз. Мындай маалымат абалдын келечекте кандай болоорун көрүүгө жана жаңы булактарга жол ачууга мүмкүндүк берет. Сиз менен байланышууну каалабай жаткан «өзгөчө» маалымат булагыңыз өзүнөн башка окуяга тиешеси болгон булактардын сиз менен болгон мамилесин көрүп, өз көз карашын өзгөртөт.

Мындай ыкма бат эле чоң көлөмдөгү маалыматтын жыйналуусуна алып келет. Иликтөө жүргүзүүнү баштаганда 5-главада берилген иликтөөнү уюштуруунун методдору боюнча келтирилген мисалдарды окуп чыгууңузду суранабыз. Алар сизге өтө керек болот.

## 2. СИЗДИ ЭКСПЕРТТИК МААЛЫМАТ БУЛАГЫНА БАГЫТТАЙ ТУРГАН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨГҮ БУЛАКТАРДЫ КОЛДОНУҢУЗ

Жогоруда көрсөтүлгөн жалпы мүнөздөгү булактардын мааниси чоң, бирок ачык эксперттик булактар да маанилүү. Мисалы: Кайсы бир илимий ачылыш тууралуу прессада жарыяланган макала жалпы мүнөздөгү булак болуп саналат. Ал эми адистешкен журналга жарыяланган өзгөчөлөнгөн илимий изилдөө эксперттик булак болуп, анда маалымат толук жана тагыраак берилет. Иликтөөнүн ийгилиги үчүн мындай нерселер чечүүчү маанигэ ээ болушу мүмкүн. Фактылардын өзү гана чоң кызыгууларды пайда кылбастан, матералды толук билүү менен сиз маалымат булактары менен бир топ ишенимдүү сүйлөшө аласыз. Булактар сизди бирөөнүн эмгегин көчүрүп алаган адам катары эмес, изилдеп жаткан теманы терең түшүнүүгө аракеттенген адам катары кабыл алышат.

Ачык эксперттик булактарды издөөнүн эң эле оңой жолу – бул ошол тармакта алектенген адистердин кандай булактарды колдоноорун тактап сурап билүү.

- Мамлекеттик чиновниктер отчетторду ким, кандай формада, кайсы жерде сактагандыгын кабарлай алышат.

- Шайланган кызматкерлер (депутаттар) мыйзамдарды кабыл алуу кандайча жүрө тургандыгын жана түрдүү этаптарда кандай документтер иштелип чыгаарын кабарлай алышат.
- Мүлктү сатуу боюнча иштешкен агенттер өздүк мүлктүн кайсы мекемеде каттоого алынаарын билишет.
- Чыныгы инвесторлор сизге компаниялар тууралуу маалымат бере алышат.

Ушундай адистерге кайрылганыңызда сиздин кызыгууңузду жараткан булактар тууралуу сөзсүз сураңыз. Ошондой эле, башка изилдөөчүлөрдөн, журналисттерден, милиция кызматкерлеринен, тергөөчүлөрдөн, аудиторлордон дагы маалымат алсаңыз болот. Фактыларды гана эмес, ал фактыларды табуга жардам бере турган методдорду да жыйнаңыз.

**Мисал:**

Бир жеке иликтөөчүгө бир чет мамлекеттин ичиндеги эки фирманын ортосундагы өз-ара мамилени тактоо тапшырмасы берилди. Детектив дароо ынанымдуу маалымат булактары менен иштеген «Дан энд Бредстрит» маалымат базасына кайрылган. Болгону 70 доллар коротуп, жарым сааттан кийин зарыл болгон маалыматтардын баарына ээ болду.

## 3. КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫ ЖАНА АЛАРДЫН КООРДИНАТТАРЫН КАТТООГО АЛЫҢЫЗ

Бул иштер кантип жасала тургандыгын унутуп калбаш үчүн аларга тез-тез кайрылып туруңуз. Мисалы, эгер сиздин карамагыңызда компаниялар тууралуу бекер он-лайн-база болсо (бул Францияда societe.com деп аталат), сиз ишке байланыштуу мамиле жасай турган компаниянын статусун текшериңиз.

## 4. ДОКУМЕНТТЕРДИ КАЙ ЖЕРДЕ БОЛБОҢУЗ ЧОГУЛТА ЖҮРҮҢҮЗ

Сиз кайда болбоңуз өзүңүздө толук маалымат чогултуу адатын калыптандырыңыз. Тиги же бул ишмердик менен түздөн-түз байланышкан маалымат ошол ишмердик кайсы жерде жүрсө, ошол жерде болот. Ошондуктан кайсыл жерде кабарчы катары жүргөн болсоңуз, ошол жерден көзгө урунган маалыматтын баарын чогулта берүүңүз оң.

**Мисалы:**

Эгер сиз кайсы бир мекемеге келсеңиз, көзгө көрүнгөн жерде иш кагаздары турса, аларды алып, таанышып чыгыңыз, сизди ууру катары санабаш үчүн, алып туруу үчүн уруксат сураңыз. Биз Улуттук Фронтттун ишмердиги тууралуу чагылдырганда, жума сайын анын баш кеңсесине барып, ал жерден баарына (жалпыга) көрүнө коюлган журналдар менен таанышчубуз. Алардын көбүн башка жерден табууга мүмкүн эмес болчу, анткени алардын публикациялары анча белгилүү эмес топтор же ушул партиянын курамындагы адамдар тарабынан жазылчу. Айрым материалдар партиянын мүчөлөрүнө гана партбилетти көрсөткөн учурда берилчү, ошого карабастан менин өтүнүчүм канааттандырылып, мага да беришчү. Булардын бардыгы кыймылдын ишмердиги тууралуу жергиликтүү жана аймактык деңгээлде баа жеткис маалымат булактары болчу – алардын ишмердүүлүгү ММКда окуя катары эч качан талкууга алынчу эмес.

## ӨЗ БУЛАКТАРЫҢЫЗДЫ НАТЫЙЖАЛУУУ КОЛДОНУУ ҮЧҮН ЭКСПЕРТТЕРДИ ТАРТУУ

### 1. АРХИВАРИУСТАР – БУЛ ПЕРИШТЕЛЕР

Булактын ачык болушу аны натыйжалуу колдонууга болот дегендикке жатпайт, өзгөчө качан биз адистешкен китепканалар же архивдер тууралуу сөз кылсак. Эмне кылуу керек: архивди ким жетектей тургандыгын тактаңыз жана ушул адамдан жардам сураңыз. Чындыгында китепканага барган учурда архивариус-кызматкерди тактоо максатка ылайыктуу. Биздин тажрыйбабыз көрсөткөндөй, архивариустар өздөрүн жеткиликтүү бааланбагандай сезишет, алардын кесибине сый көрсөтүү менен кайрылган учурда, мындай өтүнүч сөзсүз канааттандырылат.

**Мисалы:**

Франциядагы инфекция жуктурулган кан тууралуу иликтөөнү улантууда биринчи кезекте ызы-чуу чыкканга чейинки кан куюу жана СПИД боюнча бардык илимий адабияттарды чогултуу тапшырмасы коюлган. Париждеги алдынкы медициналык окуу жайдын алдындагы оорукананын базасындагы китепкананын жетекчиси ушул тема боюнча макалалардын толук тизмесин берген. Өз мекемесинин маалымат базасын караган учурда, китепканада

ошол тизмедиги журналдардын дээрлик бардыгы бар болуп чыккан. Тапшырма жарым иш күнүнө жетпей аткарылган.

Париждик арт-диллерге байланышкан ишти иликтөө менен, биз арт-рынокту субсидиялоо тууралуу маалымат сурап Маданият министрлигине телефон чалып кайрылдык. Алар бизди бир чиновник аялга жибериشти. Телефон аркылуу сүйлөшүүдө компьютердин клавишалары кантип иштеп жатканы угулуп турду. Биз андан эмнени басып жатканын сураганыбызда, ал министрликтин маалымат базасын карап жатканын айтты. Биз ал маалымат базасы жалпыга жеткиликтүүбү, деп сураганыбызда, ал жеткиликтүү деген жообун айтты. Ушул маалымат базасында Министрликтен субсидия алгандардын баардыгынын тизмеси берилип, аны китепканадан табууга болот экендигин билдик. Бул жакка бизди ошол чиновник аял жөнөткөн эле.

## 2. СИЗ ЭМНЕНИ ТАПКАНЫҢЫЗДЫ КАНТИП АНЫКТООГО БОЛОТ

Иш кагазын алуу жана андагы нерселерди түшүнүү бир түрдүү жумуш эмес. Мамлекеттик жана жеке сектордо колдонулган расмий отчеттордун жана докладдардын тили өзгөчөлөнүп жана ал чечмелөөнү талап кылат.

Бул бардык ачык булактарга тиешелүү – жылдык отчеттор жана жыйналыштардын токтомдору. Ушундай иш кагаздары менен таанышууга туура келген учурда, сиздин кийинки милдетиңиз ушул иш кагазынын тилин жана мазмунун тажрыйбалуу чечмелеп бере алчу адисти издөө болуп саналат. Дегеле сиздин иликтөө тармагыңыз менен байланыштуу, сиздин темаңызды кызыктуу деп эсептеген, ошол эле учурда иликтенип жаткан тема боюнча өз кызыкчылыгы болбогон адамды издөө керек.

**Мисалы:**

Улуттук Фронт оппозициялык топторду талкалоо максатында шаардын бюджетин кантип көз боемочулук менен колдонгондугун аныктоо үчүн Фронттун өкүлдөрү көзөмөлдөгөн шаардын муниципалдык субсидиялары тууралуу отчетту таптык, андан соң анын ар бир сабын ошол шаардын муниципалитетинин бюджеттик маселелер боюнча иштеген мурдагы кызматкери менен чогуу иликтеп чыктык.

Сиздин сүйлөшүүңүз тууралуу үчүнчү жакка кабар берчү адамдардан эч жакшылык күтпөңүз, эгер мүмкүн болсо алардан алыс болгонуңуз оң.

Сиздин материалыңызга тиешеси бар адамдар менен жумуш боюнча байланышта болгон тараптардан интервью алгандан башка, эч нерсени талкуулабаганга аракеттениңиз. Бул адамдар сиздин ишмердигиңиз тууралуу билгенден кийин андан жеке пайда издеши мүмкүн, алар мындай мүмкүнчүлүктү сөзсүз колдонушат.

## ТЕЗ АРАДА ИШКЕ КИРИШИҢИЗ... БИРОК ЖӨНҮ ЖОК ШАШКАЛАКТАБАҢЫЗ!

**Иликтөөңүздү алууга жеңил кеңири таралган жана ачык булактардагы маалыматтар менен баштооңузду катуу талап кылабыз. Кандай гана иликтөө болбосун аны алдыга жылдырган сайын, ал татаал жана оор болот. Эгер иш башталгандан тартып эле ушундай болсо, анда бул жерде баары ойдогудай эмес. Сиздин гипотезаңыздын элементтеринин эч бири ачык булактардан ырастоо таппаса, бул сиздин гипотезаңызда олуттуу ката бар экендигинин, же кимдир-бирөө бул материалдарды жашырууга абдан аракеттенип жаткандыгынын белгиси.**

**Тескерисинче, эгер биринчи текшерүүлөр ийгиликтүү болсо, бул иликтөөнү тездетүү жана кеңейтүүнүн белгиси. Эгер ушундай учур туш болсо, аны колдонуп калуу керек. Ачык булактардан мүмкүн болгон бардык маалыматтарды алганга аракет кылыңыз. Дедукция методу аркылуу алардын мааниси тууралуу корутунду жасап жана аны өзүңүздүн гипотезаңызга кошсоңуз болот. Кийинки этапта болсо чындык иш кагазында жазылбаган тармакка киришесиз.**

# 4-глава. АДАМ – МААЛЫМАТ БУЛАГЫ

## АДАМДАРДЫ МААЛЫМАТ БУЛАГЫ КАТАРЫ КОЛДОНОБУЗ

Авторлор: Нильс Хансон и Марк Ли Хантер

Биз эмнени карайбыз:

**Иликтөө предмети эмнеден турарын аныктайбыз**

**Кийинки иликтөө үчүн божомолду сунуштайбыз**

**Божомолдорду текшерүү үчүн ачык булактардан маалыматтарды издейбиз**

**Маалымат берүүчү адамдарды издейбиз**

---

**Адатта эң кызыктуу маалыматтар ачык эмес, жабык булактарда, тагыраак айтканда адамдарда болот. Андай адамдарды кантип табуу керек? Аларды өздөрү билген маалыматты бизге айтууга кантип көндүрүү керек?**

**Анын баары өзгөчө билимди жана жөндөмдүүлүктү талап кылат. Ошондуктан, мындай жөндөмдүүлүктү барктоо керек, анткени ар бир эле адам андай билимге жана жөндөмдүүлүккө ээ боло бербейт. Иликтөөчү катары иштеген адамда мындай сапаттар жогорку деңгээлдерге чейин өсөт. Бирок аны кыянаттык менен колдонууга болбойт. Андай учурда журналист кимдир бирөөгө зыян келтирип, анын сезимдерине тийип жада калса анын жеке коопсуздугуна коркунуч келтириши мүмкүн.**

**Бул главада сизге маалымат берген адамды, анын коопсуздугуна зыян келтирбей, ошол эле мезгилде аны ишке пайдалуу жана татыктуу күбөгө айландыруу искусствосун карайбыз.**

## МААЛЫМАТ БУЛАКТАРЫН ТАБУУ КАРТАСЫ

**Жаңылык кабарчылары тигил же бул тема боюнча цитата келтирүүгө адамдарды төмөндөгүдөй жол менен табышат: керектүү темада колго түшкөн биринчи жарыяны окушат, андагы эске алынган аттарды тандашат, андан соң ошол адамдарга телефон чалышат. Балким ошол адамдарга бир күндө жүз жолу телефон чалуу болгондур. Эгерде, ал адам телефонду алса, ал жүзүнчү болуп чалып жаткан кабарчыга жаңы маалымат айтабы? Жок. Андай боло турган болсо, эч ким буга чейин сүйлөшпөгөн адамды кантип табууга болот?**

Сиздин ачык маалымат булактары аркылуу жаңы маалымат булагын табуу аракетиңиз сиз издеген маалымат боюнча абдан кызыктуу маек бере турган жаңы маалымат булагын табышыңызга өбөлгө түзөөрүндө шек жок.

Мисалы, кайсы бир компаниянын ишмердүүлүгүн иликтөөнү, сиз ошол компаниянын абалы жана анын күчтүү атаандаштары жөнүндө жазылган талдоочулардын финансылык отчеттору менен таанышуудан башатасаңыз болот.

- Алгач ошол талдоочулар менен андан соң конкуренттер менен сүйлөшүңүз.
- Алар аркылуу мына ошол тармак тууралуу жазган ММК чыгып, андан соң мына ошол компанияда иштеп башка жумушка которулган же эс алууга чыккан адамдар менен байланышсаңыз болот. (Сеймур Хеш ЦРУ боюнча көптөгөн маалыматтарды пенсияга чыгуу боюнча жарыяларды окуп жатып тапкан).
- Алар аркылуу компанияда учурда иштеп сүйлөшүүдөн баш тартпаган, адамдарды таба аласыз.

Андыктан колдон келишинче, ылдамырак, маалымат булактарынын жөнөкөй схема-картасын түзүүнү сунуштайбыз. Бул сиздин материалыңызга маалымат берүүчү же бере алчу адамдардын графикалык чагылдырмасы болот. Бул схема-карта бир айылда жайгашкан үйлөрдү элестетет, ал чакан айылдын жашоочулары бири-бирин таа-

нышат жана сиз иликтеп жаткан окуя ошол айылда болуп өткөндөй элестетиңиз. Сиз бул схема-картаны өзүңүз каалагандай татаалдантсаңыз жана толуктасаңыз болот. Мисалы, өз карооңузга ылайык, маалымат булактарынын жашаган жерлери, туулган жылдары жана иштеген жерлери жөнүндө белгилерди кошсоңуз болот. Бирок, эң башында ал өтө татаал эмес болгону эле жакшы, анткени, балким сизге бул ойду улантуу кереги жок болуп калат. (Жада калса бир аз эле убакытта түзүлгөн схема-карта, сизге көпчүлүк атаандаштарыңыздын алдында артыкчылык берет). Мисалы, экинчи главада сөз боло турган ара туулган балдар боюнча материалдын маалымат булактарынын схема-картасы төмөндөгүдөй:



**Бул схема-картага тереңирээк көңүлүңүздү бурсак:**

Майып балдар ортодо жайгашкан, анткени изилдөө аларга арналган. Ошону менен бирге, аларды табуу жана алар менен сүйлөшүү эң кыйын нерсе. Ал эми калган маалымат булактары алардын тегерегинде жайгашкан жана ар бир бир маалымат булагы мына ошол балдар менен кандайдыр бир байланышы бар. Ошол сыяктуу эле, дарыгерлер ата-энелер менен оорукананын ортосунда жайгашкан. Эмнеге? Анткени дарыгерлер балдар менен башкаларга караганда жакындан сүйлөшүшөт.

**Мунун мааниси эмнеде:**

Качан сиз булактардын схема-картасын түзүп жатканыңызда, ал аркылуу иликтенип жаткан окуянын каармандарынын өз ара мамилесин чагылдырууга аракеттениңиз. Эгер бир маалымат булагына жол жабык болсо, сиз андай жетишпегендикти толуктай ала турган башка маалымат булагына кайрыла аласыз. Ошол схема-картаңыздын бир бөлүгүндөгү адамдар сизди кабыл алганда, картанын башка бөлүктөрүндө жайгашкан адамдардын да кабыл алуу мүмкүнчүлүгү жогорулайт.

## МААЛЫМАТ БУЛАКТАРЫНА АЛАР МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮНҮН СЕБЕПТЕРИН ТҮШҮНДҮРҮҢҮЗ

**Сизге кызыктуу маалыматтарды бере ала турган адамдын сиздин суроолоруңузга жооп берүүсүнө тоскоол кылган олуттуу себептери болушу мүмкүн. Көпчүлүк учурларда алар сиздин кесипкөйлүгүңүзгө жана жоопкерчиликтүү адам экениңизге ишене албашы ыктымал (репортерлордун көпчүлүгү андай эмес). Ошондой болгон учурда да, алар өздөрү маанилүү деп эсептеген маалыматын сизге бергенден кийин, аны сиздин кантип колдоноруңузду көзөмөлдөй алышпайт. Андан тышкары, сиз маалыматты колдонгон фактынын өзү эле, алардын карьерасына, башка адамадар менен болгон мамилесине, жада калса жеке коопсуздугуна зыян келтирип коюшу мүмкүн.**

Ошондуктан, сиз менен жолугушуунун өзү, ал адамдын жашоосундагы эң жаман окуяга айланышы мүмкүн экендигин эстен чыгарбаңыз. Таң

калыштуусу, адамдар журанилисттер менен сүйлөшүүдөн баш тарткандыгында эмес, тескерисинче, көпчүлүк адамдар көп учурларда журналист менен кайрадан эле байланышка баргандыгында.

**Мындай көрүнүштүн себеби эмнеде?**

Анын негизги эки себеби бар, ал – «атак даңкка умтулуу» жана «кандайдыр бир көйгөйдү» коомчулукка жеткирүү зарылдыгы. Сиз өзүңүздүн маалымат булагыңыздын мына ушул эки нерсенин жок дегенде бирисин турмушка ашырууга жардам берүүгө милдеттүүсүз.

- абдан толкунданып, кадимкидей эле тоону томкоруп, ойду омкоргондой же дүйнөнү сактап калуу планын жараткандай болуп сүйлөшөт. Ошондой эле мындай маселелерди талкулоо аларга өздөрүн бактылуу сезүүгө, же жашоодогу өз балуулулугун, маанилүүлүгүн баамдоого мүмкүндүк берет.
- Же, дарыгерлерге белгилүү болгондой, адамдар кандайдыр бир ооруга дуушар болушканда, оорунун сыздатканынан улам алар ичиндеги кайгы муңун даарыгерге төкпөй чачпай айтып беришет.

Мындан сырткары адамдар журналисттер менен сүйлөшүүгө качан гана алар өздөрүнүн мындай иш-аракети менен эч кимге коркунуч алып келбөөсүнө терең ишенген учурда барышат. Ал үчүн сиз менен маалымат булагыңыздын ортосунда өз-ара тыкыс ишенимдүү мамиле түзүлүшү зарыл. Андай мамиле дароо эле түзүлө калбайт.

Убакыт өткөн сайын, бара-бара ар бирөөңүздөрдө белгилүү бир деңгээлде бири бириңиздердин өз ара ишенимдүү иш алып бара ала тургандыгы тууралуу үмүт жаралат.

Сиз жана сиздин маалыматчыңыз бири-бириңиздерди маалымат менен камсыздабай, ошол эле мезгилде ар бириңиздер белгилүү бир жоопкерчиликти сезе баштайсыздар. Сиздин маалымат булагыңыз өз жоопкерчилигин сезсе же сезбесе да, сиз өзүңүздүн жоопкерчилигиңизди так аткарганга милдеттүүсүз.

# АЛГАЧКЫ ЖОЛУГУШУУ: ДАЯРДАНУУ ЖАНА ЧЫКЫРУУ

## 1. ЖОЛУГУШУУГА ДАЯРДАНУУ

Маалымат булагы менен байланышуунун эң коопсуз түрү (маалыматчы физикалык жактан коркунучтуу болбогон учурда) – бул бетме-бет жолугушу. Сиздин биринчи байланышууңуздун негизги максаты – жолугушуунун өтүшүн камсыздоо. Ошол жолугушууга чейин, сиз ал адам жөнүндө колдон келишинче ар түрдүү маалымат булактары аркылуу болушунча көбүрөөк маалымат билип алышыңыз зарыл.

### Адамга байланыштуу:

Кеминде, жок эле дегенде ал адамды Googleдан издеп көрүү керек. Бардык басма сөз маалыматындагы сиздин маалыматчыңыз жөнүндө жазылгандарга көңүл буруу зарыл; эгер андайлар өтө көп болсо жана баардыгы менен таанышууга мүмкүнчүлүк болбосо, алардын арасынан эң кызыктуу көрүнгөндөрүн тандаңыз. Бул кадамдардын алгачкы максаты, сиздин маалымат булагыңызга болгон кызыгыңуузду көрсөтүү жана анын кесиптик иш аракеттери жөнүнүндө маалымат алуу. Коомчулукка белгилүү болгон адамдан эч убакта анын өмүр баяны, басып өткөн иш жолу туурасында сурабаңыз. Сиз ал адам менен жолугушканга чейин эле анын баарын билүүгө милдеттүүсүз. Эгер маалыматчы ММКда, же адистештирилген басма сөз кызматтарында өз макалаларын жарыялаcа, аларды таап окуңуз. Жада калса, уялчак, жабык адамдар да өз кыялдары, баалуулуктары, коркунучтары жөнүндө бир нерсе жазып жатканда айта кетишет. Мындай материалдар сизге, кийин интервью маалында текшерүүгө боло турган гипотезаларды (божомолду) берүүсү мүмкүн.

> **Мисалы,** Франциянын жогорку кызмат адамынын айткан сөздөрүн жана макалаларын окуп изилдеп, биз ал киши калпты жек көрөөрү жөнүндө, бирок ал кылдат жана коркунучтуу деп эсептеген маселелер боюнча сүйлөшпөй кыйытып качуу чеберчилигинин устаты экендиги жөнүндө гипотеза чыгардык. Ошентип, ал кайсы жерде сөздү башка жактарга буруп жаткандыгын байкап, биз ал адам айткысы келбей жаткан нерселерди аныктадык. Андан соң, биз анын кыялына таянып, ал качып жаткан нерселер жөнүндө түз суроолорду бергенде ал калп айтпай, чын жооп берди.

**Ага байланыштуу болгон суроолор жөнүндө:**

Тийиштүү суроо боюнча жасалган соңку жаңылыктар, коомдук билдирүүлөр жөнүндө сиздин маалыматыңыз болушу керек. Албетте, эксперт болуунун кереги жок. Бирок, ошону менен бирге, ошол суроого байланыштуу талкууларда көп кездешкен, кийин сиздин маалымат булагыңыздан маанисин тактап сурай ала тургандай формулировкаларды билүүңүз зарыл.

## 2. БАЙЛАНЫШКА ЧЫГУУ

Байланышты телефон чалуу аркылуу же кат жөнөтүп түзсө болот. Бирок катты ошол адамдын үй дарегине жиберүү керек. Маалымат булагыңыздын коопзудугуна 100 пайыз ишене албасаңыз, эч качан анын жумушуна телефон чалбаңыз. Кээде аны аңдып же телефон сүйлөшүүлөрүн угуп жаткан учуралар да болуп калышы ыктымал (төмөндө тереңирээк айтылат). Булар электрондук каттарга да тиешелүү, катта маанилүү эч нерсе жок болсо да, жетекчи кыйналбай эле журналисттен ким кат алаганын аныктап кое алат.

Биз сиздерге теорияны айткан жокпуз! Бир жолу бир коррупционер, тиран деп мүнөздөлгөн чиновниктин ишин караган тергөөчүлөр тобунун жумушуна байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп калды. Алар ошол эле чиновниктин кабылдамасындагы секретаршасына, тергөөгө жардам берүүсүн өтүнүшүп, кайрылышат. Секретарь макул болбой коет. Бирок, чиновник ал жөнүндө билип калса, сиздин оюңузча, байкуш секретарь эмне болушу мүмкүн?

Байланыш түзөөрдүн алдында кантип таанышуу керектиги жөнүндө ойлонуп көрүңүз. Сиз маалыматчыга өз максатыңызды, сиз ким экениңизди жана кайсы жерде иштээриңизди ишенимдүү маалымдашыңыз зарыл. Мунун баарын ооз эки айтуу абзел эмес, сиз материал даярдап жаткандыгыңызды, жана аны жарыялай тургандыгыңызды сезип, сиздин жасап жаткан ишиңиз коомду бир аз болсо да өзгөртө аларына ынануусу зарыл.

Бейтааныш адам менен алгачкы жолу байланышка чыгууда канткенде туура же туура эмес сүйлөшүү жүргүзүлөөрү тууралуу жазылган төмөнкү эки мисалды салыштырып көрүңүз:

**Туура эмес:***« Эгерде сиздин тынчыңызды албасам, сизге бир-эки суроо бергим келет...»*

**Эмнеси туура эмес**: *Сиз жөнү жок эле суроо бергиңиз келип жаткан жок – сиз суроо берип жатасыз. Сиз маалыматчыңызга сиз менен сүйлөшүү ага тынчсыздануу алып келери жөнүндө кыйытып, анысы аз келгенсип сиз ага суроо берүү сизге ыңгайсыз экендигин кабардар кылып жатасыз. .*

**Туура:** *«Саламатсызбы, менин атым... Мен журналистмин, ....атту ММКда иштейм, ... материал үстүндө иштеп жатам... Бул тема маанилүү деп ишенем жана аны бардык тараптардан, так ачкым келип жатат. Ушул жөнүндө сүйлөшүү үчүн сиз менен качан жолуксам болот?»*

**Эмнеси туура:** *Сиз өзүңүздү жана максатыңызды толук ачып берип жатасыз, жана маалыматчыга сиз менен сүйлөшүүгө жакшы шылтоо берип жатасыз. Сиз жолугуу мүмкүнчүлүгүн сурап жаткан жоксуз, сиз «качан жолуга алаарыңызды» сурап жатасыз. Сиз баш сөздө өзүңүздүн атыңызды атап, келечекте көп баш оруу алып келчү ой жаратчу «интервью» сөзүн колдонгон жоксуз. Эгер сиз кайсы бир ММКнын кызматкери болбосоңуз, буга чейин кызматташкан ММКын атасаңыз болот. Эгер бир да ММКы менен кызматташпасаңыз кайсы ММКна маалымат чогултуп жатканыңызды айтсаңыз болот.*

**Эсиңизде болсун:**

Сиздин кимге иштеп жаткандыгыңыз эмес, кандай иштеп жаткандыгыңыз маанилүү.

**Туура эмес:***«Өтүнүч, жардам бериңиз, жалгыз сиз гана жардам бере аласыз»*

***Эмнеси туура эмес:*** *Эгер сизге башка эч ким жардам беригиси келбесе, эгер өзүңүз өзүңүзгө жардам бере албасаңыз, эмнеге биз жардам беришибиз керек?*

**Туура:***«Сиз бул маселе боюнча толук эксперт экендигиңизди билем, сиздин компетенттүү ой пикириңиз менен таанышсам абдан жакшы болмок».*

**Эмнеси туура:** *Туура, сиз маалыматчыны мактап жатасыз, бирок мактоого негиз бар болсо, анда бул сөздөрдү айтпай коюуга себеп жок. Андан тышкары сизге компетенттүү маалымат бере ала турган башка булактар да бар экендигинен кабар берип жатасыз.*

**Негизги принцип:**

Сиз өзүңүздү маанилүү жумуш менен алек болгон укмуштуу адам жана сиз менен жолуккан ар бир адам өзүн бактылуу сезет деген позицияда жумуш кылыңыз. Эгер мунун баары сизге оор көрүнсө, өзүңүздүн мүнөзүнүзгө жарашкан башка жумуш издгениңиз оң.

## 3. ЖОЛУГУШУУНУ КАЙДА ӨТКӨРҮҮ КЕРЕК

Эгерде, маалымат булагыңыздын жашаган жерин так аныктаганга сиздин мүмкүнчүлүгүңүз болбосо же маалыматчыңыз жолугуудан баш тартып, кайсы бир нерселерге шылтап жолугушууну улам артка жылдыра берсе, маалыматчыңыз кайрылып кетип кала албай турган кайсы жерге барып жолуксаңыз болорун ойлонуп көрүңүз. Эгерде маалыматчы соттолуучу болсо, сот жыйынына барыңыз. Эгер маалыматчы профессор болсо – анда анын лекциясына барыңыз. Бир жолу, Франциянын жогорку кызматтагы чиновниги бир нече ай бою биз менен жолугушуудан баш тартып келген. Акырында, биз анын шайлоочулары менен жума сайын өткөргөн жолугушуусуна кезекке тургранбыз. Кирүүгө биздин кезегибиз клегенде, «Биз кезекте акыркыларданбыз, сиздин дагы 20 мүнөт убактыңыз калды. Келиңиз ушул жерде эле сүйлөшөлү» – дедик. Ал күлүп макул болду.

Эгерде маалыматчыңыз жолуккусу келбесе, анын үйүнө же ал өзүн ыңгайлуу сезген жерге барыңыз. Эгер иликтөө маалыматчыңыздын жумушуна байланыштуу болсо, анда сиз анын жумуш ордуна барганыңыз оң. Жумуш бөлмөсү дагы көп кошумча маалымат берет. Ал адам кандай китептерди окуйт, эмнелерди жактырат, анын сөзүн бузса кандай мамиле кылат ж.б. (Конни Бруктун (Connie Bruck) Уоллстритке арналган иликтөөсүндө («Жырткычтардын оюн-зоок кечеси» – «The Predators' Ball» китеби) финансист жөн жерден эле өз секретаршасына бакырган жери чындыктын өзгөчө бир учурун чагылдырган.

# КАРЫМ-КАТНАШТЫ ТҮЗҮҮ: МАКСАТЫ ЖАНА РОЛУ

**Жаңылыктар дүйнөсүндөгү маалымат булактары менен болгон мамилелер, өнөктөшүнө жийиркеничтүү сезим калтырган, бир түндүк мамилени эске салат. Кандайдыр бир кырсык же кыйроолор оорун алган учурда, кабарчылар топ-топ болуп келишип, тебелеп тепсешип, ичип жешип, жыйынтыгында ал жердеги көргөн билгендери тууралуу тескерисинче жамандап сөз кылып кетишет. Иликтөөчүлөр мыкты ойнош болууга аракет жасашпайт. Маалымат булагы менен интимдик мамиледе болуу, жада калса курулай ашыктык сезимдерге азгырылуу анча деле жакшы эмес, бирок, ошондой болосо да иликтөөчүлөр узак, туруктуу мамиле түзүүнү каалашат. Өз ара мындай жылуу мамиле баштала турган болсо, ал келечекте көп нерсени аныктай турган маанилүү учур болоорунда шек жок.**

## 1. ЭҢ БАШКЫСЫ ЖАНА ЭҢ МААНИЛҮҮСҮ: МААЛЫМАТ БУЛАГЫНЫН КУПУЯЛЫГЫН БЕКЕМ САКТОО

Иликтөөнүн жүрүшүндө сиздин эң башкы жана маанилүү ишиңиз – маалымат булагыңыз тууралуу эч кимге билдирбөөңүз зарыл. Анткени сиз менен сүйлөшүүнүн өзү эле анын өмүрүнө чоң коркунучтарды жаратышы мүмкүн. Өзгөчө маалымат берген адам өзү анын купуялыгын сактоону суранса, аны сактоо абдан маанилүү. Ошентип, купуялыкты сактоого сөз берген соң, маалымат булагы менен сүйлөшкөндүгүңүз жөнүнө эч бир жанга шек жаратпоого сиз милдеттүүсүз. Жада калса сиздин маалымат булагы тууралуу кол жазмаларыңыз милиция кызматкерлери же адвокаттардын колуна тийсе да жогорудагыдай купуялыкты сактоого аракет кылууңуз абдан маанилүү.

Төмөнкү ыкмаларды колдонсо болот:

**а/** Маалыматчынын жумушуна телефон чалбаңыз. Мындай телефон чалуулар тыңшалышы мүмкүн. Толук коопсуздук үчүн экөөңүздөрдө тең, карточка менен акча салынчу уюлдук телефондор болуш зарыл.

**б/** Электрондук почтадан байланыш түзбөгөнгө аракет кылыңыз. Бул ачык кат жиберүү менен эле барабар.

**в/** Маалыматчыны да, сизди да башка адамдар таануу мүмкүнчүлүгү аз болгон коопсуз жерлерде жолугуңуз.

**г/** Өз маалыматчыңызга ойдон чыгарылган же кесиптик ат коюп алыңыз(«А маалыматчы», «Б маалыматчы»). Кесиптештериңиз менен жүргөндө маалыматчыңыздын чыныгы атын эч качан айтпаңыз.

**д/** Маалыматчыңызга байланыштуу бардык материалдарыңызды, кулпу артында, жакшысы сиз менен таптакыр байланышы жок жерге катыңыз.

## 2. МАКСАТТЫ АНЫКТОО

Биринчи жолугушууга чейин сиз эмне билүүнү каалап жаткандыгыңызды тактап алыңыз. Эң эле аз дегенде, сиздин максатыңыз төмөнкүлөрдү камтышы керек:

Сиз алгыңыз келеген маалымат топтому.

Маалымат топтомунун ичинде, документтер, сырлар, түшүндүрмөлөр же анализ, ошондой эле сиз билгиңиз келген башка маалымат булактарынын аттары болушу мүмкүн.

- Балким,сиз белгилүү бир жолугушуу учурунда бир эле маалымат алууну самайсыз. Биздин досубуз, Франциянын атайын кызматы боюнча адис Филип Мэдлин (Philip Madelin), бир маектешүүнүн алкагында көп эмес, бир эле маалыматты тактоо же бир эле фактыны далилдөөгө умутулам деп айтканы бар.
- Же тескерисинче, сиз баардык документтерди ойдо сактап, кобүрөөк фактылар жөнүндө маалымат алууга умтулушуңуз мүмкүн. Мындай учурда маалыматчыңыз сиздин эмне үчүн мындайга умтулуп жатканыңыздын себебин билгени оң.
- Жолугушуу учурунда иликтөөчүгө өз маектешинен мына ошол маалымат тууралуу көбүрөөк, жакшы билген булактын дарегин алууга аракет жасоосу абдан маанилүү. Ал үчүн биз көбүнчө өз маектешибизден, «Биз талкуулап жаткан маселени мыкты билет деп, сыйлаган адамыңыз барбы? Ал адам менен кантип байланышса болоорун айта аласызбы? деген сыяктуу суроо салгаңыбыз оң болот.

**Маалымат булагына өз максатыңыз жөнүндө айтып берүүгө даяр болуңуз.**

Маалыматчы болбосо да башкасы сизден – эмне үчүн сиз ушул долбоор үстүндө иштеп жатасыз, бул долбоордон кандай пайданы алганга үмүттөнүп жатасыз – деп сурап калаарына даяр болушуңуз керек. Кантип жооп берсеңиз да жообуңуз ылдам, ишенимдүү, далилдүү жана эң башкысы жүрөктөн чыгышы керек. Мындай учурда биз Британиялык дипломаттардын төмөндөгү үч эрежесин колдонууну сунуштайбыз:

- Эч качан калп айтпоо.

  Калп айтканга милдеттүү болуп эле жалган сүйлөөгө барбасаңыз, башка учурларда таптакыр калп айтпаңыз. Калп экендигинин бети ачылып кала турган болсо, артынан ар түрдүү жаман кесепеттерди алып келиши мүмкүндүгү эсиңизде болсун – бөлмөдөн kууп чыгуудан баштап, бутуңузду атып таштап, кыйноого салганга чейин барышы толук ыктымал (наркодилерлер менен иштешип катылган камера аркылуу колго түшкөн бразилиялык журналистке эмне болгондугун билебиз).

- Чындыкты толук ачып бербеңиз

  Мисалы, улутчул күчтөр менен иштешип жатканда биз дайыма «Сиздердин кыймыл тууралуу ММКда чагылдырылган имиджи, чындыкты толук ачып бербегендей сезилет, андыктан биз ачуу чындыкты билгибиз келет», – деп айтчубуз. Биз «Чындык мындан да жаман болуп калышы мүмкүн» – деп айтчу эмеспиз.


- Эгерде сиз суроого жооп бере албай калсаңыз, анда ага качан жооп бере тургандыгыңыз тууралуу кошумча эскертиңиз.

**Маалымат булагы тууралуу эмнени билүү зарыл.**

Сиз кызматташып жаткан адам ким, кандай адам? Эмнеге кызыгат аны кантип сөзгө тартууга болот? Сиз менен сүйлөшүүдө анын кандай максаты болушу ыктымал? Ал жөн гана сүйлөшүүгө, өз пикирин айтууга кызыктарбы же ал бизди өз кызыкчылыктары үчүн колдонууга аракет жасайбы? Бул максатта британиялык чалгындоочулар Швециялык SVT телевизиондук бирикмесинде колдонулган, биздин да жеке максатыбызга төп келген төмөндөгү үч бурчтук диаграмманы колдонушат:

### КЫЗМАТАШУУНУН МОТИВДЕРИ

Өч алуу? Чындыкка жетүү ? Амбициялар? Бийликке жетүү аракети?



### МААЛЫМАТ АЛУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ

Маалыматчынын учурдагы абалы толук маалымат алууга мүмкүндүк береби? Маалыматты алууга дагы кимдин мүмкүнчүлүгү бар? Алынган маалыматты кимден алынгандыгын айтпай колдонууга болобу?

### МААЛЫМАТТЫН САПАТЫ

Маалымат берүүчү айтып жаткан нерселерин өз көзү менен көрүп укканбы же башка биреөнүн сөзүн айтып жатабы? Анда бул маалыматты далилдөөчү документтер, же маалыматты бышыктай турган адамдардын аты-жөнү барбы? Ал берген маалымат башка маалыматтарыңызга дал келип жатабы? Маалымат берип жаткан адам сизден бир нерсе жашырып коюшу мүмкүнбү? Ал сиз билүүңүз керек болгон башка адамдар же уюмдар менен байланышы барбы? Ал буга чейин туура маалымат берип жүрчү беле?

Диаграмманы колдонууда төмөнкүлөр эсиңизде болсун:

**Кызыктыруу:**

Кызыктыруунун кандай болгондугу манилүү эмес. Анын абдан түшүнүктүү жана ишенимдүү болгону маанилүү.

**Маалыматтын сапаты боюнча:**

Маалыматтык журналистикада, эң сапаттуу маалыматтар эң жогорку денгээлдеги маалымат булактарынан чыгат деп саналат. Иликтөөчүлөр болсо, андай жогорку даражада иштеген маалыматчыларды чындык көп кызыктырбайт, алар өзүнүн же уюмдун максаттарына жетүүгө көбүрөөк кызыктар деп ойлошот. Ушундан улам, өз карьерасын же уюм кызыкчылыгын ойлобогон, кичи кызматтарда иштеген адамдардан сапаттуу маалымат чыгат деген пикирге келсек болот.

**Маалымат алуу жөнүндө:**

Буга чейин айтылгандай эң жакшы маалыматчы, бул компанияда орто кызматты ээлеген адам. Мындай адамдардын өтө маанилүү документтерди кароого мүмкүнчүлүктөрү бар, бирок, компаниянын саясатын түзүүгө же жүзөгө ашырууга эч кандай таасир эте алышпайт. Ошондуктан, компаниянын түзүмүндө алардын абалы корголгон эмес жана өтө начар.

Ошондуктан, мындай адам сизге маалымат бергенде: «Дагы ким бул жөнүндө билет?», –деп түз эле сураңыз. Сиз анын айткан маалыматын жайгыңыз келбегендигин түшүндүрүңүз. Эгерде сиздердин жолугушууңуздарда мындай жашыруун делген маалыматтар айтылса, маалымат булагына аны айтууга болбостугун, андай учурларда белгилерди колдонуш керектигин (биз «ЦҮЭ» деген аббревиатураны колдонобуз, «Цитата берүү үчүн эмес» дегенди билдирет ) айтыңыз. Кыскасы маалыматчыңыз, сиз ал жөнүндө ойлонуп жатканыңызды байкагандай болсун, андан соң баардыгы сиздин планыңыз менен болгонго аракетениңиз.

## 3. РОЛДОРДУ ТАНДОО

Интервьюнун жүрүшүндө иликтөөчү ойной турган эки негизги рол болот.

**«Эксперт»**

Көпчүлүк суроолордун жообун алдын ала билет, компетенттүү булактын техникалык деталдары менен айтып берген маалыматтын кубануу менен кабыл алат. Эксперт үчүн маалыматчы менен жолугушуу жөнөкөй адамдар түшүнбөй турган, ушунчалык бийик деңгээлде өтөт. Эгерде сиз чынында эле эксперттин деңгээлинде ой жүгүртсөңүз сиз менен сүйлөшүп жаткан маалыматчыда да «Бул иш жөнүндө чын эле маалыматы терең адам менен сүйлөшүп жатам, демек мен өз идеяларымды ишке ашырсам болот экен», – деген жакшы үмүт жаралат.

Эгер, сиз «Эксперттин» ролун ойнойм десеңиз, сүйлөшүүнүн башынан баштап аягына чейин өзүңүздүн бийик деңгээлиңизди көрсөтө алышыңыз керек.

**«Митаам эмес»**

Өз билими аз болгондуктан гана маалымат булагы менен сүйлөшүп, көптү билүүнү ушунчалык эңсейт. Бул митаам эместик – келесоо дегенди билдирбейт, ал болгону маалыматчынын көзүнө кыйын болуп көрүнгүсү келбгендик. Эгер сиз «Коломбо» аттуу сериалды көргөн болсонуз, демек «Куулугу жокту» жумуш үстүндө көргөнсүз. Балким, митаам эместиктин ролун ойноо, жогорудагы ролдордун арасында эң күчтүүсү болушу мүмкүн, анткени мындай адамдын ролуна жамынып жөнөкөй суроо менен катар, татаал суроолорду бергенге да мүмкүнчүлүк берет. «Куулугу жок» баардык нерселер жөнүндө суроо берип жооп алгандыктан, маалымат булагы иликтөөчүнүн чыныгы максатын жана чындыгында эле журналист канчалык деңгээлде маалыматты билээрин сезбей калат.

Көп учурда иликтөөчү куулугу жок адамдай сөз баштап, анан сөз кызыгына келгенде өзүн эксперт катары көрсөтөт. Эгер сиз ушундай мамиле кылсаңыз, маалыматчыңызда сизге карата шек жаралышы мүмкүндүгүн эстен чыгарбаңыз. Мындай учурда сиздин башкы максатыңыз маалымат булагыңызга буктурмадан кол салып сизге керектүү маалыматты тактап, аны менен келечекте жолукпоо болсо гана туура болот.

Интервью учурунда бул эки ролдун бирөөсүн же экөөнү тең колдонсоңуз болот. **Башкысы – тандап алган ролуңуздун чегинен чыкпаганга аракет жасаңыз.**

**Сиз маалыматчы менен сүйлөшүүгө тандаган ролуңуз убакыт сайын улам аздан өзгөрүп турушу ыктымал.** Көптөгөн иликтөөчүлөр адегенде куулугу жоктун ролунда болушуп эле бир аз убакты өткөн соң дароо эле эксперттин деңгээлинде суроо берип баштаганды жакшы көрүшөт, анткени бул журналисттин, сөз угуп өсүп-өнүгүп жаткандыгынын белгиси.

## ИНТЕРВЬЮ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАКТИКАЛЫК ЫКМАЛАРЫ

**Интервью өткөрүүдө ар бир репортердун өзүнүн тактикалык ыкмалары болот жана алар өз ыкмаларын ар кандай аялдарга бир эле ыкманы колдонуп ийгиликке жеткен азгырма эркек катары өз ыкмаларын таптакыр алмаштырышпайт. Иликтөөчү катары, бир гана журналисттер менен эмес башка да суроо берчү кесиптердин адамдары менен сүйлөшүп көрүңүз, мисалы: аскер адамдары, прокурорлор, юристтер, сатуучулар, ораторлор ж.б. Алардын тигил же бул абалдарда өзүн кандай алып турарын сураңыз, алар сиз менен «согуштук тажрыйбасы» боюнча ой бөлүшүүсүн сураныңыз. Интервью өткөрүүнүн эң мыкты тактикалык ыкмаларын маек алуучу адам өзү иштеп чыгарат, ошондуктан өз ыкмаларыңыздарды жазып жатканда мындай маанилүү нерсе жөнүндө эстей жүрүңүз. Сиздердин көңүлүңүздөргө биз жактырган бир нече ыкмаларды сунуштайбыз.**

### 1. ЖАҢЫЛЫКТАРДАН АЙТЫП БЕРИҢИЗ

Иликтөөчүлөр көп учурларда кандайдыр бир окуя дүңгүрөп, бардык ММКнан улам-улам айтып жаткан мезгилде ишке киришишет. Анткени мындай учурда таралган маалыматтардын көпчүлүгүндө бир катар катачылыктарга жол берилет. Интервьюну баштоо үчүн жана маектешиңиз менен келечекте дагы тыгыз байланыш түзүү үчүн жаныңызга өзүңүз тандаган тема боюнча жарыяланган материалдардан кошо ала барганыңыз оң. Ал тургай кайсылары туура экенин аныктоо үчүн, маалымат булагыңызды сиз менен кошо аларды карап чыгуусун сурансаңыз да болот. Сиз башка ММКларындагы шалаакы кесиптештериңизден айырмаланып чындык маанилүү экендигин маектешиңизге түшүндүрүүгө аракет жасооңуздун зарылдыгы жок.

### 2. КЫРДААЛДЫ ӨЗҮҢҮЗ БАШКАРЫҢЫЗ

Бир жолу биз «Роллинг Стоун» журналында жарыяланган макаланы окудук. Ал жерде автор өз редакциясында Мик Джаггерди кабыл алуу ага күтүлбөгөн нерсе болгондугун катуу толкундангандыктан, күндүн ысык болгондугуна карабастан, ага муздак суусундук сунуштоону да унутуп койгондугун эскерип жазган.

Андан көп өтпөй качан гана биз өзүбүз Джаггерди тосконубузда, биз ага дароо эле чай берели деп чечтик, бул кадамды аны урматтагандыгыбыздан эмес, анын биздин аймакка келгендиги түшүнүктүү болсун үчүн кылдык. Ал биздин мындай кадамды жакшы кабыл алып, интервью жакшы нотадан башталды.

Эгер маек алууну бийлик үчүн күрөшүүдөй карасаңыз, анда эмне болорун ойлонуп көрүңүз. Сиз отура жана тура турган орунду тандаңыз: ыңгайлуу жер тапмайынча басып жүрө бериңиз. Өзүңүзгө керектүү шаймандарыңызды көзөмөлдөңүз, мисалы аңгемелешип отурган адамыңыздын сиздин блокнотуңузду же диктофонуңузду өз колуна алуусуна мүмкүндүк бербеңиз (мындай учурлар канчалык көп орун аларын эсиңизден чыгарбаңыз). Эгер ушундай көрүнүш орун алып калчу болсо, анда: «Бул менин куралдарым, мен сиздикине тийген жокмун сиз да меникине уруксатсыз тийбеңиз» – деп эскертсеңиз болот. «Мен биздин маектешүүнү диктофонго жаздырып алсам болобу?» – деп айтпаңыз, «Биздин маекти так жазуу үчүн аны диктофонго жазып жатам», – деп айтыңыз. Диктофонду жандырып, интервью кайсы саатта жана кайсыл жерде өткөрүлүп жаткандыгын, ошондой эле маектешүүчүнүн аты жөнүн так айтыңыз. Эгер маектешүүчүнүз каршы болот деп ойлосоңуз, бир адамды ээрчитип алыңыз да, «Биздин талкуубуздун жазылуусу туура болуш үчүн мен кесиптешимди жардамчы катары чакырдым», – деп айтыңыз.

### 3. АРАЛЫКТЫ САКТАҢЫЗ

Кээ бир адамдар, башка адамдар менен сүйлөшүп дос болуп ошолордун коомунда көңүл ачуу үчүн журналист болушат. Мында коркунучтуу деле эч нерсе жок, бирок иликтөөчү ушунчалык эле доско муктаж болуп жатса, анда анын ит багып алганы оң. Эгер сиз өз маектешиңиз менен достук мамиле түзсөңүз анын баары бир күнү окуя өз маектешиңизди сатуу менен аякташы ыктымал. Сыртынан байкуш көрүнгөнү менен чындык башкача болушу мүмкүн, алысты көрө билген саясатчылар чынында алдамчы болуп калышы мүмкүн, өнөр жай магнаттары – алар өз командасын чөктүрүп жиберген бизнес капитандары болушу мүмкүн. Ошолор менен бирге суу түбүнө чөгүп кетпеңиз.

## 4. МААЛЫМАТЧЫНЫН КОРГОНУУ ЫКМАЛАРЫН КАЙРА ӨЗҮНӨ КОЛДОНУҢУЗ

Ориана Фаллачинин (Oriana Fallaci) Генри Киссинджер менен болгон классикалык маеги, башында эле кемсинтүү менен башталган: ал ага арты менен кайрылып, «сүйүп калайын деп жаткан жоксуңбу», – деп сураган. Мындай көрүнүшкө Фаллачинин абдан ачуусу келеген, бирок ал Киссинджердин аял заты менен жакшы тил табыша албаган сапаты тууралуу күн мурунтадан эле түшүнгөн. Ошондой эле ал өз кызматын аткарып жаткан журналистти ушунтип кемсинткен уятсыз адам кыпындай да боорукердикке татыктуу эмес деп жыйынтык чыгарган. Андан кийин, интервьюнун жүрүшүндө белгилүү бир фактыларды тактоого багытталган, чыныгы аялдардын айла-амалдарынын жардамында түзүлгөн суроолорду аралаштырып бере баштаган. (Мисалы: Ал эми азыр мен сизден астронавттардан сураган суроомду сурагым келип турат: «Айды айланып өткөндөн кийин эмне кыла аласыз?»). Интервьюнун жүрүшүндө Киссинджер жан дүйнөсүндөгү тең салмактуулукту жоготуп, бир аз убакыттан кийин өз сөзүнө болгон көзөмөлдү, барган сайын өзүнө болгон көзөмөлдү жоготуп койгон. Бул талкуунун артынан ачылган фактылар, бийликтин көп жашыруун сырларын ачууга жол ачкан.

Фаллачидей болуңуздар: бийлиги бар адамдарга боорукер болбоңуз, өзгөчө алар таза эмес оюн жүргүзүп жатканда. Эгер алсыз жерлерин байкасаңыздар, колдонуңуздар. Мисалы кайсы бир саясатчы фактылардын ордуна, калп сөздөрдү сүйлөгөндү жакшы көрсө, анда ал адам менен жолугушууга анын айткан сөздөрүнө карама-каршы келген фактыларды ала барыңыз.

## 5. МААЛЫМАТ БУЛАГЫН ТАҢ КАЛДЫРЫҢЫЗ

Сиз коомдук ишмер адамдан итервью алып жатсаңыз, сизге чейин бул суроолор боюнча андан башка кесиптештериңиз интевьюну көп жолу алышкан болушу мүмкүн. Сиз бул фактыны колдонуп, талкууну башка нукка буруучу суроолорду даярдасаңыз болот. Болгону буга чейин эмне иш жасалганын карап, андан башкача нерселерди жасап коюңуз. Мисалы, Мик Джаггерден «музыканы кантип жаратасыз» – деген суроодон башка, дээрлик баардык темаларда интервью алышкан. Ага ушул темада сүйлөшөлү деп сунуш түшкөндө ал абдан кубанган.

## 6. МААЛЫМАТЧЫҢЫЗГА СИЗДИ ТАҢ КАЛДЫРУУГА МҮМКҮНЧҮЛҮК БЕРИҢИЗ

Жаңылык кабарчылары дайыма шашып жүрүшөт, муну көрсөтүүнүн бир ыкмасы, маалымат булагы маанилүү деген пикирин айта албайтургандай кылып суроо даярдоо. Маалымат булагыңызга эмне маанилүү болуп жаткандыгын аңдай билсеңиз гана бул тажрыйбаны колдонбой койсоңуз болот. Көп учурда аңгемелешип отурган киши: «Мен сиздердин суроoңузга жооп бере алам, бирок менимче сиз бербеген суроо маанилүү болуп турат» – деп айтышат. Анын айтканына,«ананыраак» – деп айтуу бул туура эмес. Туура реакция бул – «айтып бериңизчи» – деп айтуу. Аңгемелешип жаткан адамыңыздын жообу, сиз даярданган талкуудан да кызыктуу болуп чыгышы мүмкүн.

## 7. МААЛЫМАТЧЫҢЫЗДЫ ЧЫМЫРКАНТЫҢЫЗ

Өзгөчө, окуялардын хронологиясы маанилүү болгон учурда, кезектеги интервьюну баштаганда – маалыматчыңыз менен буга чейин талкуулаган окуяларга жана алардын мезгилдик иретине, ар бир окуяга кеңири кайрылганыңыз оң (мисалы, ал жерде кимдер бар эле жана эмне деп айтышкан). Биринчи талкууда маалыматчылар окуянын майда-чүйдөлөрүн көп учурда унутуп калышат. Унутуп калган маалыматтарын эстетип, айтылбаган, чыкпай калган сезимдерин чыгарыш керек. Мындай сүйлөшүү учурларында маалыматчылардын сөздөрүнүн өзгөргөндөрү сизди таң калтырбашы абзел.

## 8. СӨЗ АРТЫНДА ТУРГАН НЕРСЕЛЕРГЕ КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ

Театрдын тилинде «текст» деген сөз сахнада айтылган формалдык диалогду билдирет; «сөз артындагы нерсе» – бул ошол диалог камтыган нерселер. Сөз артында турган нерселерди көңүлгө албай коюуга болбой тургандыгын дайыма эсиңизге ала жүрүңүз. Өзгөчө:

- Маалыматчыңыздын үнү өзгөрүлгөн убакытты байкаңыз – бул анын кооптонуп жаткандыгынын белгиси.
- Ошондой эле, маалыматчыңыз тунук эмес сүйлөп, бир сөздөрдү улам-улам кайталап жаңы эч нерсе айтпай калган учурларга көңүл буруңуз (айткандарды кайталоо эстөөгө жардам берет, бирок жыйынтыгында жаңы маалыматтар чыгыш керек).

- Маалыматчыңыз сиз бербеген суроого жооп бере башатаганда көңүл коюп угуңуз. Бул маалыматчыңыз сизге чыныгы баалуу маалымат бергени жаткандыгынан, же сүйлөшкүсү келбей жаткан сөздөрдөн алыстагысы келип жаткандыгынан кабар берет. Акырында бул чөйрө азыр же кийинчереек сиздин иликтөөңүздү өткөрүүгө маанилүү болуп калышы мүмкүн. Эгер үн жазуучу куралдарды колдонгон болсоңуз, кайра угуп жатканда ушундай жерлерге көңүл буруңуздар.

## 9. МААЛЫМАТЧЫҢЫЗДЫ КОШО ИШТЕТСЕҢИЗ БОЛОТ

Сиздин маалыматчыңыз менен болгон мамилеңиз, ал сизге берген маалыматтан да маанилүү болушу мүмкүндүгүн унутпаңыз. Убакыт өткөн сайын өсүп жаткан мамилелер милдеттерди жана башка өз-ара мамилелерди жаратышы мүмкүн. Мындай нерселер боло баштаганда, жаңыдан эле иштей баштаган тергөөчүлөр, маалыматчынын сезимдерине ушунча терең кирип кеткендигине өзүн күнөлүү сезе башташат. Анан өздөрү байкабай ал адамдан кача башташат.

Мындай кылуу – негизинен туура эмес. Тескеринче маалыматчыңыз менен байланышты бир калыпта кармаңыз. Ал билген маселе жөнүндө анын оюн билүүгө же акыркы маалыматтар боюнча ой бөлүшүү үчүн ага телефон чалып туруңуз. Сизге өтө маанилүү бир окуя жөнүндө маалымат керек болуп калганда эле телефон чалып, өзүңүздүн бар экендигиңизди анын эсине салбай, дайыма байланышта болгонуңуз оң.

Ушундай жол менен сиз маалыматчыңызды бул долбоордо кошо иштөөчү адам кылып жатасыз. Тергөөнүн абалы, жетишкендиктери жөнүндө улам ага айтып, анын ой пикирин улам угуп жатып, сиз ал адамга долбоордун бир бөлүгүндө катышууну камсыздап жатасыз. Мындай караганда, маалыматчы өтө маанилүү бир маселе боюнча сиздин жеке кеңешчиңиз болуп калат.

## 10. ӨЗ КОЛ ЖАЗМАЛАРЫҢЫЗДЫ МУРДАГЫ ЭЛЕ ОРДУНДА ТУРГАНДЫГЫН КАРАП ТУРУҢУЗ

Интервьюдан кийин өз жазмаларыңызга бир сыйра көз чаптырыңыз. Ага 15 мүнөткө жакын убакытты алдын ала бөлүп коюңуз. Бул сиздин унутуп жазбай койгон нерселер жок экендигине дагы бир жолу ынынууңузга

шарт түзөт. Анткени, маалыматчыңыздын маанайынын өзгөрүлүшү, бир нерселерди аягына чейин айтпай койгон учурлары жөнүндөгү ой-лор бөлмөдөн чыгарыңыз менен эле пайда болот. Аларды өткөрүп жибербеңиз.

### 11. ЭС АЛУУГА АРАКЕТ КЫЛЫҢЫЗ

Кыска маалыматтар менен ой бөлүшкөнгө көнүп калган кабарчылар, маалыматчы менен көпкө сүйлөшүүнү тажатма деп эсептешет. Жаңы-лык кабарчылары бир же эки саатка уланууучу маектерди такыр өткөрүшпөйт. Ал эми иликтөө жүргүзгөн журналисттердин интервью-лары бир күндөн ашык убакыт алышы мүмкүн. Ушундай узакка со-зулган интервью мезгилинде маектешкен адамдын чарчоосу жана чыңылуусу аны агрессивдүү кылып коерун журналист түшүнүшү керек. Маалыматчыңызда ошондой абал болгондо туура эмес нерсени сүйлөп алгандан алысыраак болгонуңуз оң.

## БАСЫЛМАГАБЫ, БАСЫЛМАГА ЭМЕСПИ ЖЕ АНОНИМДҮҮБҮ?

**Маалыматчылар «Бул басуу үчүн эмес» – деп айтканды жакшы көрүшөт. Көйгөй көбүнчө алар эмне деп сүйлөп жаткандыгын билбегендикте. Тилекке каршы, көп репортерлор да муну би-лишпейт. Анонимдүүлүктү төмөндөгүдөй түрлөргө бөлсө болот:**

**Басууга эмес:**

Репортер маалыматчыга маалыматты жайбоого сөз берет, бирок ошол эле маалымат башка жерден түшсө, аны жайылтууга укугу бар. Мындай учурда маалыматчы репортерго бул маалыматты колдонууга тыюу сала албайт.

**Бегилүү бир маалымат булагына шилтемеси жок басууга.**

Репортер маалыматты колдонсо болот, бирок түздөн-түз маалымат булагына шилтеме келтире албайт. Мындай нерсени айтуунун башка түрлөрү көп, мисалы, «Сот чөйрөсүнө жакын маалымат булагы», мын-дай учурда маалыматчы менен алдын ала макулдашыш керек.

**Басуу үчүн:**

Репортер маалыматты колдоно алат жана маалымат булагына шилтеме келтире алат.

*Көпчүлүк маалымат булактары «Бул басылмалар үчүн эмес, мен ошондой каалайм», деп айтышканда, чындыгында алар «сиз бул маалыматты колдоно бериңиз, болгону мен жөнүндө сөз болбосун» дегенди айтып жатышкандыгын билүү маанилүү. Маалымат булагынан сураңыз: «мындайча айтканда сиз, мен бул маалыматты колдонгонумду каалабай жатасызбы? Же сиздин атыңызды айтпоону каалап жатасызбы?». Эгер маалымат булагы «менин атымды колдонгонуңузду каалабайм», деп айтса, Бул маалыматты канча адам билет? Эгер мен бул маалыматты колдонсом ошолордун бирөөсү, мен бул маалыматы сизден алганымды так айтып бере алабы?» деп сураңыз. Эгер жооп терс болсо, анда «Маалымат булагын кантип туура көрсөтүшүбүз керек?» деп сураңыз. «Анда сизди кантип аташ керек?» – деп сурабаңыз.*

Анонимдүүлүктү сактоо же сактабоо – бул маалыматчынын тандоосу. Адамдар өз коопсуздугуна коркунучтуу болгон нерселер жөнүндө өздөрү жакшырак билишет. Ошондуктан, алар маалымтты өз аты менен берүүсүн күтүүнүн кереги жок. Сиз маалыматчынын тандоосун сыйлоого милдеттүүсүз. Маалымат булагы менен байланышты байкоого мүмкүн болбогондой кылып, фактыларды колдонгонуңуз дурус.

Анонимдүү булактардан алынган маалыматтар, жеке анын гана эмес сиздин коопсуздугуңузга да коркунуч келтириши мүмкүн. Эгер ал берген маалымат жалган болуп калса, анда сиздин кадыр баркыңызга сокку урулат. Эгер сизди сотко беришсе, сиз өзүңүздүн күнөөлүү эместигиңизди далилдей албай каласыз. Ошондуктан төмөнкү учурлардан башка мезгилде, анонимден алынган маалыматтарды баспоого сунуштайбыз:

- Башка маалымат булактарынан документалдуу далилдер чыгышы мүмкүн;
- Анонимден алынган маалымат, башка текшерилген маалыматтарга дал келиши мүмкүн;

- Маалымат булагы буга чейин туура, так маалымтатарды берип жүргөн;
- Эгер маалымат булагы сүйлөп жатып кайсы бир документке таянса, жана ал документ маалымат булагынын коопуздугун бузбаса, ошол документти сураңыз. Маалымтачыга документти контекстен бөлүп шилтеме келтирүүгө жол бербеңиз. (Францияда Ле Монд атту медициналык журналисттин карьерасы, маалыматчысы ушул ыкманы колдонгону үчүн төмөндөп кеткен).

Эгер башка маалымат булактарынан ушундай далилдүү документтерди табуу мүмкүнчүлүгүңүз болбосо, алгачкы маалыматчыңыздан, анын аты менен бул маселе боюнча ой пикирин жазууга уруксат сурап көрүңүз. Маалыматчы макул болорун сезип жатканда, «биз сиздин атыңыз аталган материалдарды жазып чыгарабыз, бирок, чыгарардын алдында сиздин сөзүңүз колдонгон бөлүгүн сөзсүз сизге бир ирээт көргөзөбүз, деп айтканыңыз оң. Эгер сизге жакпаган нерселер болсо, биз ал бөлүктөрүн алып салабыз», – деп айтыңыз. Көп учурда маалымат булактары кээ бир жерлерде фактыларга шилтеме келтирүүгө уруксат беришет.

## ЭМОЦИЯЛАРДЫ КОЛДОНОБУЗ

(алар бизди колдонгондон көрө)

**Сиз бул главанын башынан аягына чейин: маалыматчы менен мамиледе эмоциянын жана психологиянын маанилүүлүгү, деген ой кызыл сызык менен сызгандай сезилип турат. Эми анын мааниси менен жакшыраак таанышалы.**

### 1. ЭМОЦИЯ БУЛ МААЛЫМАТ

«Объективдүү» журналистиканын эрежелери менен өскөн репортерлордун, же дайыма шаша берген репортерлордун классикалык катачылыгы, алар адам берген маалыматка гана көңүл бурушуп эмоцияга көңүл бурбагандыгында. Дэвид Хальберштальм «Бийлик кармап туруучулар» аттуу өзүнүн классикалык эмгегинде, Уотергейттин сырын атаандаштары эмес «Вашингтон пост» гезитинин тажрыйбасыз кабарчылары ачкандыгын жазган. Жаш репортерлор алардын маалымат булактары сезип жаткан коркунуч сезимин өздөрү да сезип көрдү: бул сезим бул теманын маанилүүлүгү жөнүндө айтып жаткан. Болбоду дегенде, эмоция бир нерсе болуп жатканын, жана ошол бир нерсенин мааниси бар экендиги жөнүндө айтып турат. Көпчүлүк учурда сезимдер кай тарапка багыт алуу керектигин көрсөтүп турат.

**Мисалы:**

Улуттук фронттун чогулуштарында, биз ошол бөлмөнүн бир жак четине дайыма топтолгон адамдарга тартыла бергенбиз. Бул адамдар фронттун фанаттык католиктик канатынын мүчөлөрү болушкан, алардын расалык зордукчул умтулуулары документтер менен далилденген. Анан биз, эмне үчүн бул бөмөнүн экинчи четиндеги адамдардан качып жүрөбүз, деп ойлоно баштадык. Алар кимдер? Эмнеге биз алардан мынча коркуп жатабыз? Кийинчерээк, иликтөө көрсөткөндөй ал адамдар Скандинавия кудайына ишенген бутпарастар экендиги билинди. Католиктерден айырмаланып алардын зомбулукка болгон умтулуусу 10 осуят менен чектелген эмес эле. Алар партиялык иерархияда бир топ өйдө тургандыгы жана котоликтер менен сөз табыша албагандыгынын мааниси өтө чоң болчу. Биз муну өз коркунуч сезимибизди жеңбесек эч качан билбейт болчубуз.

## 2. ЭМОЦИОНАЛДЫК ОСМОС

Буга чейин айтылгандай эле, кездешүүгө көбүнчө жардамга муктаж, жабыр тарткан булактар көп барышат. Канчалык деңгээлде репортер алардын окуяларына сүңгүп кирсе, ошончолук репортер алардын ал сезимдерин да өзүнө буруугa жетише алат. Эч качан ошол өзүңүзгө сиңирген сезимдер үчүн кейибеңиз, өзгөчө маалымат булагыңыздын көзүнчө. Анын ордуна сиз материял жазып, бул ишти бүтүрүп, сезимдериңизди кое бермейинче, сиз начар маанайда жүрө беришиңиз мүмкүн экендигин моюнга алыңыз. Белгиялык репортер Крис де Ступ (Chris de Stoop), сексуалдык кулчулук жөнүндө мыкты материалга маалымат чогултуп Түштүк Европанын жашырын сойкуканаларында бир жыл иштегендигин, акырында жылдын аягында бир нече жума үйүнөн чыга албаган эмоциялык абалга жетип калганы жөнүндө айтып берген.

Мындай көрүнүштү көтөрө билүүнүн жакшы ыкмасы – бул жан дүйнөнүн тең салмактуулгун калыбына келтирүүдө бири-бирине жардамдашкан, маалымат боюнча бири-бири менен объективдүү ой бөлүшкөн командада иштөө. Эгерде сиздин редакторуңуз мындай синдромдун бардыгына ишенбей жатса, демек анын иликтөө иштериндеги тажрыйбасы тайкы жана сиз башка жерден жардам күткөнүңүз оң.

## 3. ТЕРМЕ (СЕЗГИЧ) КУЛАК СИНДРОМУ

Масштабдуу иликтөө жүргүзүп жаткан журналист, учуп жүргөн чымындарды кармоочу жабышчаак кагазга окшоп, бардык нерсени бат кабыл ала баштайт. Мындай абалдын бир белгиси – журналист өзү иликтеп жаткан темага байланышкан ар кандай аспектилерин, мурда өзү байкабаган жаңылыктардан таба башташы. Дагы бир башка көрүнүш – кулактары терип укчу болуп калат: эгер изилдеп жаткан темасына байланышкан ачкыч сөздөрдү башка бөлмөдө жүрүп деле угуп калса, журналист талкууну уга баштайт. (Ооба, бизде кээде ушундай нерселер болот, албетте сизде да бул нерсе болот).

Бул сизге күч кубат берчү башкача сезим, бирок ошол эле сезим сизди өз жолуңуздан (нугуңуздан) чыгарып коюшу мүмкүн. Этият болбосоңуз мындай көрүнүш, сизди, өз темаңыздан башка дүйнөгө сокур кылып коюшу мүмкүн. Эгер ушудай абалга түшүп калганыңызды сезсеңиз, убактылуу иликтөөңүздү таштап, башка нерселер жөнүндө ойлонуңуз.

## 4. ӨЗ АЛСЫЗДЫГЫҢДЫ СЕЗҮҮ

Бир нече жыл мурда, беш жылдык иликтөөбүз ортолоп калган учурда, биздин көңүлүбүзгө жаккан, биз сыйлаган маалымат булактарыбыз кылмышка шектүү адамдар болуп чыга келишти. Эми биздин милдет алардын күнөөсүн далилдөө экендигин түшүндүк. Андан тышкары ал адамдарда бийлик бар болчу, бул чындыкты ачуу келечекте коркунучтуу экендигинен кабар берип турду. Мындай учурларда көп журналисттер физикалык жактан ооруп калышат. Ушундай кризистер, сиз өзүңүзгө, менде чын эле анын күнөөсүн далилдөөгө жетишээрлик фактылар барбы, бир нерсени унутуп калган жокмунбу – деген сыяктуу суроолорду бере баштаганда болот. Бир жагынан көргөндөрүңүз менен уккандарыңыздын өзү эле өзүңүздү жаман сезүүгө жетиштүү негиз болсо; экинчи жагынан, сиз кайсы бир деңгээлде мунун баардыгы чын экендигине ишене албай жатасыз, ошондуктан далилдер жетишпей тургандай сезиле берет.

Төмөнкүлөрдү эсте тутуңуз: эгер сиз материалдарды жарыялабасаңыз, өзүңүздү мындан да жаман сезе баштайсыз. Сиз тапкан маалыматтардын тегерегинен чыкпаңыз, бирок өз мээнетиңизди сыйлап материалды басып чыгарыңыз.

## 5. ӨЗ СЕЗИМДЕРИҢИЗДИ ОБЪЕКТТЕШТИРИҢИЗ

Мындай абалдардан чыгууга жөнөкөй ыкма бар: иликтөө маалында өз эмоцияларыңыз жөнүндө байкоолоруңузду жазып туруңуз.

- Кандай сезимдерди сезип жатканыңызды жана мындай сезимдерди эмне пайда кылгандыгын жазыңыз. Сиз кимдер менен сүйлөштүңүз эле? Ал адамдар эмне деп айтты эле? Сиз эмнени сездиңиз?
- Муну жазуу менен сиз алардын формасын материяга айлантып жатасыз, ал материяны болсо объективдүү кылууга жана башкарууга болот.
- Мындай материалды башка материалдардай эле текшерүүдөн өткөрсө болот. Ал маалыматты, маалыматчыңыз менен сүйлөшүүңүздүн негизин аныктаганга жана иликтөөнүздүн коопту жерлерин аныктаганга колдонуңуз. Коркунуч жана коопсуздук сезим-

дери белиглүү бир убакыттарда эле пайда болот. Бул сезимдер жаңы иликтөө баштоо керектигинин белгиси болушу мүмкүн. Же, ал сиздин өзүңүздү элден бөлүнүп, жана коопсуз сезгендигиңиз жөнүндө билдирип турат. Кандай болбосун сиз иштей беришиңиз керек – сиз менен бирге иштеше турган адамдарды, же маалыматтарыңызга документалдуу далилдерди издесеңиз болот.

## 6. ЭРТЕҢКИ КҮНДҮ УНУТПАҢЫЗ

Көпчүлүк учурларда журналисттер материал чыккандан кийин өз маалымат булактары жөнүндө унутуп коюшат. Сиз алардын бири болбоңуз. Эгер материал чыккандан кийин эле сиз ал адам менен мамилеңизди үзүп таштасаңыз, ал адам сизди саткын катары эсептей баштайт. Эгер сиз байланышты дайыма кармап турсаңыз келечекте болчу иликтөөгө платформа түзөсүз. Эгер акыркыга акылыңыз жетпесе, анда журналист – иликтөөчү болууга акылыңыз жетпейт болуш керек.

Жана акыркысы: биздин студенттер – болочок журналисттер, «биз өз иликтөөлөрүбүз менен душмандарды топтоп жаткан жокпузбу?» – деп көп сурашат. Албетте. Бирок, сиз өз жумушуңузду туура, башкалардын жана өзүңүздүн укуктарыңызды сыйлоо менен иш алып барсаңыз, алар да сизди сыйлашат жана андан да маанилүү нерсе, сизде душмандарга караганда достор көбүрөөк пайда болот, анан сиз алардын душмандарыңызга карганда салмактуурак болоорун байкайсыз.

# 5-глава. УЮШТУРУУ

## ИЙГИЛИККЕ ЖЕТҮҮНҮН ЖОЛУ

Авторлор: Марк Ли Хантер жана Флемминг Свит

Биз эмнени карайбыз:

**Иликтөө предмети эмнеден турарын аныктайбыз**

**Кийинки иликтөө үчүн божомолду сунуштайбыз**

**Божомолдорду текшерүү үчүн ачык булактардан маалыматтарды издейбиз**

**Маалымат берүүчү адамдарды издейбиз**

**Маалыматтардын чогулганына жараша аларды талдоо, материалдарды түзүү, текшерүү багытында иш алып барабыз.**

---

**Журналисттик иликтөө традициялык журналистикага салыштырганда көптөгөн маалыматтарды табууга өбөлгө түзөт жана ал маалыматтар келип түшүү тартибине жараша натыйжалуу уюштурулушу керек. Мындай уюштуруучулук иш жазуу жана жарыялоонун системалык процессинин бөлүгү болуп саналат: башында иликтөө жүргүзүү керек, андан кийин анын маалыматтарын уюштуруу, андан кийин материалды жазуу керек деп эсептөө туура эмес. Тескерисинче, материалды уюштуруу иликтөөнүн жүрүшүндө өтөт, ошондой эле жазуу процессин даярдайт жана жолго коет.**

**Эгер сиз уюштурууга убакыт бөлбөсөңүз, акыр аягында бүтүндөй долбоор үчүн эң эле болбоду дегенде эки эсе көп убактыңыз кетет жана сиздин ишиңизди түзүүгө, түшүндүрүүгө жана коргоого кыйыныраак болот. Андан сырткары, сиз өз ишиңизге жеткиликтүү канааттанбайсыз, анткени сиз ар качан кыжаалаттанып, кыжырданып, көңүлүңүз чөгүп, өзүңүздү чаржайыт сезесиз. Ошентип, сиздин күндөлүк турмушуңузда колдонуу үчүн бир нече жөнөкөй кадамды сунуштайбыз.**

## ӨЗ ДОКУМЕНТТЕРИҢИЗДИ УЮШТУРУҢУЗ

**Биз биринчи жолу иликтөөбүздү америкалык алдыңкы журналдардын бирине жарыялаганыбызда, анда кызыктуу анекдот бар эле, аны биз көңүл сыртында калтырууга туура келди. Сотто күбө катары көрсөтмө берип жаткан башкы каармандардын бири соттук угуу процессинде жалган сүйлөгөн. Бирок биз ал процесске катышкан эмес элек, ал эми бул окуяга байланышкан материал жарыяланган гезиттин кыркындысын жоготуп алган болчубуз. Бир жолу биздин кесиптештерибиздин бири ичинде өзгөчө материалдар сакталган дипломатын таксиде таштап жоготуп алгандан кийин, өз иликтөөсүн токтотууга туура келген. Дагы бир экинчи кесиптешибиз иликтөө жүргүзүп жаткан объектинин кандайдыр бир изилдөө жүргүзүп жатканына далил издөө үчүн бир жыл толук убактысын короткон, кийин ал ошол маалыматтар мурда эле өзүнүн папкаларынын биринде бар экенин билген.**

Уюштуруу сизге ушундай көйгөйлөрдөн оолак болууга жардам бере алат. Иликтөөнү уюштуруу:

- сиздин кол алдыңызда кандай документтер бар экенин жана алардын ичинде кандай маалыматтар (активдер) камтылганын билүүңүз үчүн;
- тигил же бул активдер кайда экенин жана аларды тезинен (б.а. 30 секунд ичинде) таап алып чыгуу мүмкүнчүлүгүн түзүү үчүн;
- Өзүңүздө болгон фактылардын бири-бири менен байланышын түзө алууңуз үчүн керек.

Эгер сиз колдо болгон маалыматтарыңызды билсеңиз жана бул маалыматтарды дароо таба алсаңыз, анда сиздин иликтөөңүз өзүнөн өзү чачырап кетпейт. Дагы бир маанилүү жагдай, сиз ушул эле маалыматтарды андан кийинки иликтөөлөрүңүздө колдоно аласыз: бул негизги капитал фондун калыптандырууга окшош. Эгер сиз муну жасай албасаңыз, анда сиздин ишиңиз жана кесиптик өнүгүүңүз бир топ жупуну көрүнүштө болот. Ошондуктан, бул ишти жумуштун анчалык мааниси жок бир бөлүгү катары эсептебеңиз. Сиз ага бардык убактыңызды бөлө албайсыз, бирок иликтөөнүн ар бир баскычында колдо болгон

маалыматтарга жана документтерге жетишээрлик убакыт бөлүүгө туура келет.

Бул процесс 2 бөлүктөн турат.

- Көзгө көрүнөөрлүк бөлүгү – сиз маалыматтар базасын түзөсүз: тартипке салынган архив же өзүңүздүн документтериңиздин библиотекасын түзөсүз жана аларды иликтөө ишиңизде колдоно аласыз.
- Азыраак көрүнгөн бөлүгү, өзүңүздүн маалымат базаларыңызды жана материалыңызды бир сыйра көздөн өткөрүп иретке келтирүү менен топтогон материалдарыңыз боюнча көңүлүңүз ток абалга келесиз.

### 1. Маалыматтар базасын түзүү

Маалымат базасын же архивди түзүү кагаз салуучу папканын же электрондук сактагычтын жардамында жүргүзүлөт. Эгер сиз аларды колдонбосоңуз, анда мындай маалымат базасын түзүүнүн эч кандай кажети жок, ошондуктан архивдин түзүмү издөөнүн рационалдуулугун жана жогорку ылдамдыгын камсыздашы керек. Төмөнкү жөнөкөй жана натыйжалуу методиканы сунуштайбыз.

**а/ Документтерди чогултуңуз**

Булактын визиттик карточкасы документтер болуп саналат. Алар расмий отчет, гезиттен алынган үзүндүлөр, интервью учурунда жасалган кабар, же анын чечмелөөсү сыяктуу документтер.

**б/ Документтин мазмунуна баа берүү үчүн аны бир сыйра карап чыгыңыз.**

Сиз үчүн өзгөчө маанилүүдөй туюлган фрагменттердин астын чийип, ачык түстөгү боек менен бөлүп коюңуз, ушул фрагментке тиешелүү белгилерди коюңуз. Эгер кагаздагы документ өзгөчө баалуулукка ээ болсо, анда эң аз дегенде бирден нускадан кагаздагы жана электрондук көчүрмөлөрүн жасап койгонуңуз оң.

**в/ Эгер документтин аталышы жок болсо анда ага ат бериңиз же номер коюңуз.**

Документти кандай атайсыз, ал маанилүү эмес. Эң негизгиси, анын аталышы документте эмне бар экенин эске салса болду

(бул өзгөчө веб-баракчалар үчүн маанилүү. Веб-баракчаны баштапкы аталышында сактоо деген, бул аны электрондук дисктин кайсы жерине катканы белгисиз дегендей эле кеп. Түп нускадагы URL- даректи башка жерге жазууда, аны сактоо үчүн аталышын сөзсүз өзгөртүү керек, же сизди кызыктырган мазмунду башка документке URL-дарекке шилтеме берүү менен бекемдөө зарыл). Интервьюну белгилөө үчүн маектешиңиздин аты менен атоону сунуштайбыз. Эгер ал купуя болсо, анда код менен жашырылган ат бериңиз.

**г/ Документтерди иреттеңиз.**

Документтерди өзүңүз үчүн ыңгайлуу болгон тартипте топтоштуруңуз. Мисалы, мен документтерди алфавиттик тартипте – кадыресе папкаларда же же электрондук версияда сактоону жактырам. Мен тема боюнча топтоштурууну жактырам: белгилүү бир темага арналган жападан-жалгыз документти камтыган папканы түзүп, кийин ушул папканын ичинде жаңы документтердин келип түшүүсүнө жараша тийиштүү папкаларды түзүп аларга аталыштарды берем. Бул папкалардын ичиндеги тигил же бул темага арналган документтерди мен эскилеринен жаңыга карай хронологиялык тартипте жайгаштырам.

**д/ Документтериңизди мезгил-мезгили менен карап коюңуз**

Бир айда бир жолу караган жетиштүү. Ар түрдүү документтер туура иреттелген болушу керек. Эгер документ сизге тааныш эместей болсо, анда минут убактыңызды бөлүп, аны окуп чыгыңыз. Бул аракеттердин маңызы жөн гана маалыматтар базасын жаңылоо эмес, анын ичинде эмнелер бар экенин билүүдө турат.

**е/ Папкалардын ортосунда документ алмаштыруу жүргүзүңүз**

Эгер папкадагы белгилүү бир окуя же окуялардын түрмөгү атайын тема катары өзүнө көңүл бурдурса, аны менен байланышкан документтерди тиешелүү бардык папкалардан көчүрүп алып, башка папка түзүңүз. Бардык документтердин нускаларын алардын мурдагы папкаларында калтырыңыз. Мындай методиканы ФБРда колдонушат: ар бир жолу бир документ башка документ менен

байланышкан (мисалы, эгер аларда бир эле адамдын аты болсо) болсо, ар бир документтин көчүрмөсүн папкалардын ар бирине жайгаштырышат. Бул чачыранды болгон маалыматтардын ортосундагы өз-ара байланышты аныктоо мүмкүнчүлүгүңүздү жогорулатат.

**ж/ Резервдик нускаларын жасаңыз**

Эгер документтер купуя мүнөзгө ээ болсо, алардын көчүрмөлөрүн ишенимдүү жерде сактаңыз, бирок үйдө да жумуш кабинеттиңизде да сактабаганга аракеттениңиз, бирок сиз өзүңүз жана кесиптешиңиз баш бага ала турган жерде сактаңыз. Жашыруун маалыматтарды, мисалы сиздин купуя булактарыңыздын аттарын компьютерде сактабаңыз. Сиздин компьютериңиздеги кандай маалымат болбосун ал ишенимдүү корголгон деп эч ким кепилдик бере албайт.

## МААЛЫМАТТАРДЫ БИР ТҮЗҮМГӨ КЕЛТИРҮҮ: БАШКЫ АРХИВДИ ТҮЗҮҮ

**Эгерде иликтөөңүздүн илгерилешине сиздин активдериңиздин эч кандай көмөгү тийбесе, анда сиздин активдериңиздин эч кандай пайдасы жок. Гипотезалар теманын маңызын сиздин эсиңизге салып, иликтөөгө багыт берет. Бирок, бул так, жакшы түзүлүштөгү материалды баяндоого жетишсиз. Бул үчүн башка маанилүү каражат: башкы архив зарыл.**

Башкы архив, эң жөнөкөй сөз менен айтканда – бул сиздин чогулткан бардык активдериңизди камтыган «маалыматтардын универсалдык дүкөнү». Ошондой эле, бул активдерди ой келди ыргытуучу жай эмес, сиз аны сөзсүз иретке келтирип жайгаштырыңыз. Мунун мааниси, бир жерде жана бир формада сакталган керектүү маалыматка ээ болуу.

### 1. БАШКЫ АРХИВГЕ (ФАЙЛГА) БАЙЛАНЫШКАН НЕГИЗГИ ЭРЕЖЕЛЕР

**А/** Компьютерде жаңы файл түзүңүз: тексттик редактордогу документпи, же маалыматтар базасынын файлыбы, бул мааниге ээ эмес.

**Б/** Өзүңүздүн маалыматтарыңызды ушул файлга жайгаштырыңыз.

- «Маалыматтар» дегенде материалды жарыялоо үчүн зарыл болгон бардык фактыларды түшүнөбүз: алар булактар, интервьюнун стеннограммасын чечмелөөлөр, документтердин көчүрмөлөрү, белгилер ж.б. болушу мүмкүн. Табууга оңой болсун үчүн документтерди биринчи жайгаштырууну сунуштайбыз.
- Эгер маалыматтар электрондук формада болсо (онлайн документтерден же веб-баракчалардан үзүндүлөр, сканерленген көрсөтмөлөр ж.б.) аларды түз эле файлга көчүрүңүз.
- Эгер маалыматтар электрондук эмес формада болсо, – мисалы, ал кагаз документи болуп, түп нускасынын мааниси чоң болсо, анда бул документтерди сканерлеңиз, аны катуу дисктин оңой табылуучу жерине сактап, андан кийин башкы архивде ал до-

кументке гипершилтеме жасаңыз. Албетте, веб-баракчаларга жана онлайн-булактарга жасалган гипершилтемелерди да архивге кошсоңуз болот.

- Интервьюнун орчундуу жерлерин чечмелеп жазууга жалкоолонбоңуз. Иликтөөнүн ушул бөлүгүнө коротулган ар бир саат кийинчерээк сиздин бир нече саатыңызды үнөмдөйт.
- Сиздин файлыңызга жайгаштырылган маалыматтын ар бир фрагменти анын булагы тууралуу маалыматты камтып турсун. Жарыяланган булактар үчүн толук библиографиялык маалыматты көрсөтүңүз.
- Ошондой эле булактар менен өзүңүздүн байланышкан учурларыңызды жазып, белгилеп коюңуз. Башкы архив өзүнө төмөндөгүдөй маалыматты камтышы зарыл: качан иликтөөңүздүн объектиси менен биринчи жолу байланышканыңызда ал сизге эмнелерди айтты, сиз булакка кайсы бир убадаларды бергениңизде, ал адам сизге эмнелерди айтты ж.б.у.с. Эгер сиздин иликтөөңүздү жокко чыгаргылары келсе, жогорудагы маалыматтар сиз үчүн чечүүчү мааниге ээ болушу мүмкүн, анткени ал иликтөөнүн учурунда сиздин астейдил аракеттенгениңизди көрсөтүп турат.
- Кайталайбыз: булактын коопсуздугуна коркунуч келтирген маалыматты башкы архивге жайгаштырбаңыз. Сиздин компьютердеги ар кандай маалыматтар кимдир-бирөөгө жеткиликтүү болуп калышы мүмкүн.

**В**/ Маалыматтарды башкы архивге жайгаштыруу менен (картотека, файлдары менен папка), аны кайсыл жерден табууну эсиңизде тутуңуз. Кийинчерээк ал баа жеткис кызмат өтөйт. Эгер сиздерде тигил же бул документ боюнча суроолор келип чыкса, аны оңой эле таба аласыздар. Ошондой эле, эгер иликтөө жарыяланганга чейин кандай далилдериңиз бар экенин сиздин адвокатыңыз билгиси келсе, анда сиз мындай документти бир нече секунддун ичинде бере аласыз (эч бир адвокатка, мүмкүн ал сизди коргойбу, мүмкүн ал сизге каршы доо береби, терс жооп бербөө керектигин эсте тутуңуз).

**Г/** Маалыматтарды жылдырганыңызда, аларды топторго бөлүп, алдын ала кандайдыр бир ырааттуулук бериңиз. Уюштуруучулук өңүттөн алып караганда эң жөнөкөй жана эң көп колдонулган ыкма хронологиялык тартипте жайгаштыруу болуп саналат. Окуяларды болуп өткөн тартипте жайгаштырыңыз. Ага темага тиешеси бар адамдардын портреттерин жана алар тууралуу биологиялык маалыматтарды тиркесеңиз болот.

**Д/** Башкы архивди түзүү менен маалыматтардын ар кандай фрагменттеринин, ошондой эле окуялардын же фактылардын ортосундагы байланыш сизге мурдагыдан дагы ачыгыраак боло баштайт. Мурда сизге алар так мааниге ээ болбогондой туюлган эле. Сиздин материалыңыздагы бүтүндөй сүйлөмдөр жана абзацтардын ортосундагы мазмундук байланыштар да ошондой эле абалга келет. Маселенин маңызына жетик түшүнгөн ушундай учурларыңызды өзүңүздүн башкы файлыңызга жазып, белгилеңиз. Белгини кайсы бир ачкыч сөздөр (мисалы чоң тамгалар менен жазылган «ЭСКЕРТҮҮ» деген сөздү же «NB» белгисин колдонсоңуз болот) менен койсоңуз болот.

**Е/** Дата ар дайым бирдей форматта (мисалы, айы/күнү/жылы) жазылышы керектигин эсте тутуңуз. Ошондой эле, аталыштар жана аттар дайыма бирдей жазылышы керек. Антпесеңиз, сиз башкы архивден натыйжалуу издөө жүргүзө албайсыз.

## 2. БАШКЫ ФАЙЛДЫ СЕГМЕНТТЕРГЕ БӨЛҮҮ

Жогоруда көрсөтүлгөн системага байланышкан бир топ толук методика Журналистикадагы компьютердик технологиялар боюнча Даниялык институтунун (DICAR) уюштуруучусу Флемминг Свит тарабынан иштелип чыккан (тилекке каршы ал институт кийинчерээк жоюлуп калган). Маалыматтарды жыйноо жана көзөмөлдөө үчүн тексттик редакторду эмес, өз иликтөөсүнүн түрдүү аспектилеринин негизги архивин жана индексин түзүү үчүн электрондук таблица түрүндөгү кеңири таралган программаларлдын продукцияларын жана Excel тиркемесин колдонгон.

Метод жөнөкөй: ал ушул иликтөө боюнча электрондук таблицаларды түзөт. Андан кийин ал төмөнкү аталыштар менен атайын белгилерди түзөт:

**А/** Документтердин тизмеси.

Флемминг документтерге карата хронологиялык ырааттуулукту колдонууну артык көрөт. Кандай болгон күндө да ал, «Бардык документтерге номер коюңуздар жана кагаз документтерди номери боюнча сактаңыздар», деген сунушун көшөкөрлөнө айткан. Эгер тизмеде электрондук документтер болсо, анда ал алардын жайгашкан жерине гипершилтемени жайгаштырган:

Документтер боюнча маалыматтардын мамычалары төмөнкүчө жайгаштырылат:

| № | Датасы | Кимден | Кимге | Тема, мазмуну, ачкыч сөздөр | Формасы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 01/02/05 | Аты-жөнү | Аты-жөнү | негизги сөздөр, негизги сөздөр, негизги сөздөр | email |
| 2 | | | | | кат |
| 3 | | | | | телефон |

**Б/** Булактардын тизмеси.

Бул жерде Флемминг өзүнүн байланыш маалыматтарын сактайт. Таблицанын көрүнүшү төмөндөгүчө (бардык координаттар, анын атынан башкалары өзгөртүлгөн):

| № | Кызматы | Аты | Уюм, мекеме | Дарек | Индекс | Өлкө | Жумуш тел. | Чөнтөк тел. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Редактор | Флемминг Свит | DICAR | Олаф Пальме көчөсү, 11 | 8200 | Дания | +45894-40493 | +45894-40480 |
| 2 | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | |

**В/ Хронологияга** арналган таблицада иликтөөнүн жүрүшүндө болуп өткөн окуялардын ырааты тууралуу маалымат, ошол эле учурда булактар менен болгон байланыш маалыматы камтылган. Анын көрүнүшү төмөндөгүчө:

| Дата | Булак | Уюм, мекеме | Окуялар (аракеттер) | Мазмуну, башкы сөз | Булак |
|---|---|---|---|---|---|
| 1/02/03 | Аты-жөнү | Аталышы | Маек ... менен ...ортосундагы жолугушуу Документтин жарыкка чыгышы... | Коррупция ж.б. | |

**Г/** Кийинкиси, **байланыштарды эсепке алуучу журналдын** көрүнүшү төмөндөгүчө:

| Убактысы | Мөөнөтү | Иликтөөчү | Адам (булак) | Уюм | Контакт | Жооп | Мазмуну |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 01/02/03 | 13:22 | Аты | Аты-жөнү | Аталышы | Ооба | Маек | Жасалды, коррупция |
| | | | | | Кайрадан телефон чалуу, 15:00 | | |
| | | | | | e-mail 13:05 жөнөтүлдү | e-mail ге жооп алынды | |

Сиз көрүп тургандай Флеминг маалыматтарды ар кандай типтерге ажыратып өзүнчө сактаган. Башка кабарчылар (биз сыяктуу) мындай маалыматтын баарын бир файлга жайгаштырып салмакпыз. Бул методдун биринчи артыкчылыгы системанын резервин түзөт (көп маалыматтарды иретке келтирет), анткени бир эле маалымат бир канча жерден учурашы мүмкүн. (Кемчилиги, бир эле учурда ката кетирүү мүмкүнчүлүгү көбөйөт). Экинчи чоң артыкчылыгы, электрондук таблицалар белгилүү бир каарман же иликтөөнүн элементи тууралуу бардык маалыматтарды табуу жана топтоштуруу үчүн файлдардын мазмундарын тез убакытта эле иргеп алат. Текст редакторунда бул мүмкүн эмес.

Анын мүмкүнчүлүктөрү ачыкка чыга электе же анын мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз же сиздин керектөөңүзгө ылайыксыз болгон учурда сиздин иштөөңүзгө ыңгайлуу боло тургандай тиркемени колдонууну сунуш кылабыз. Эгер сиздин сүйүктүү куралыңыз тексттик редактор болсо, анда азырынча аны колдоно туруңуз. Эгер таблицалар менен жакшы иштей алсаңыз, аны колдонуңуз. Башкысы – сиздин ишиңизде персоналдык компьютердин мүмкүнчүлүктөрү эмнени берсе, ошону колдонуңуз.

## 3. БУЛ ЭМНЕ ҮЧҮН КЕРЕК? КАЙСЫ УЧУРЛАРДА?

Ар бир иликтөөдө эле өтө кылдат иштөө сөзсүз талап кылынбайт. Бирок, эгер сиз иликтөө үчүн тигил же бул формадагы башкы архивди түзбөсөңүз, (мисалы, бир канча документтерди же булактарды ичине камтыган) кийин сиз өкүнүп каласыз. Иликтөө менен күнүмдүк жаңылыктардын ортосундагы башкы айырма, иликтөө кадимки жаңылыктардын журналистикасына караганда көптөгөн маалыматтарга, байланыштарга, ошондой эле башка түрдөгү жана сапаттагы маалыматтарга кайрылат. Бул жерде сунушталган методдор сизге бул кырдаалдан чыгууга жардамдашат. Аларды жакшыртып же өзгөртсөңүз болот, же өзүңүздүн жеке, алда канча мыкты методуңузду тапсаңыз болот.

Сиз ушул тапшырманы секирип өтүп кетсем эле, анда ишти тезирээк алдыга жылдырам деп ойлобоңуз. Муну менен сиз иштин жүрүшүн кечеңдетесиз, же баарын ойрон кыласыз. Жогоруда көрсөтүлгөн методдордун бирин колдонууда өзүңүздүн компьютериңизди колдонуунун артыкчылыгы төмөндөгүчө:

- Качан текстти жазууга келгениңизде, колуңуздагы бардык маалыматтардын ирети менен болушу мурда чогултулган маалыматтарды унуттурбай эске салып турат.
- Ал эми фактыларды текшере турган учур келгенде, бир жерге чогултулган булактарга тиешелүү маалыматтар жана кабарлар чоң убакытты үнөмдөөгө жана көп убаракерчиликтен арылууга көмөктөшөт.
- Кыскасын айтканда, сиздин тез жана мыкты жазууңузга шарт түзөт.

## МААЛЫМАТТАР ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШТЫ ИРЕТТЕШТИРҮҮ

**Документтерди жыйноо, иликтөө жана карап чыгууну жөнөкөйлөштүрүү менен сиз ар түрдүү маалыматтардын ортосундагы өз-ара байланыштарды иретке келтирүү процессин жеңилдетесиз. Сиз жоопсуз калган маалыматтар сөзсүз суроону жарата тургандыгын байкайсыз. Мына ушунтип, сиздин архивиңиз акыркы жыйынтыкка келгенге чейин ага кандай маалыматтар керек экендигин өзү айтып турат. Мындан тышкары сиздин гипотезаңыз менен байланыштуу жаңы маалыматтарга сергек көңүл бурасыз жана ушундай жол менен күтүлбөгөн ачылыштарды жасай аласыз.**

**Өз ара жаңы байланыштарды иреттештирүү процессине мисал:**

**Биринчи кадам (демилгелөө):**

Улуттук Фронттун (француз ультраоңчул саясий паритиясы) ишмердигин иликтөө менен, биз алардын өкүлдөрү ар кандай иштер менен тез-тез эле башкалар менен соттошуп тургандыгын байкадык жана алардын стратегиясындагы негизги көңүл сот жараяндарына жигердүү катышуу экендиги жөнүндө гипотезаны чыгардык. Биз алардын сот көйгөйлөрүнө байланышкан документтерин, алардын ичинде жаңылык түрүндөгү макалаларды жана соттук документтерди жыйнадык.

**Экинчи кадам (диверсификациялоо):**

Активдердин өсүшүнө жараша биз аларды маалыматтардын типтери боюнча бөлүштүрдүк. Шайлоолорду бурмалагандыгы үчүн айыптоого, Фронттун мүчөлөрүн зордукчулук аракеттери үчүн айыптоого байланышкан жаңы жагдайлар пайда болду.

**Үчүнчү кадам (фокус):**

Кол салгандыгы үчүн айыпталуучулардын айрымдары скинхеддер – чачтарын кырдырган неонацисттер болуп чыкты – бул фактыларды расмий түрдө четке какканы менен Улуттук Фронттун скинхеддердин кыймылы менен кандайдыр бир байланышы бар деген гипотеза чыгардык. Биз скинхеддерге арналган өзүнчө папка ачтык. Акырында, бейсбол таягын кармаган узун чачтуу эркекке кол салып, аны өмүр бою майып кылган эки скинхедге жана Улуттук Фронттон муниципиалдык кеңешке кандидатка каршы соттук про-

цесс тууралуу кабарга көңүл бурдук. Биз жабырлануучунун адвокаты менен байланыштык.

**Төртүнчү кадам (байланыш ачыкка чыга баштады):**

Адвокат кол салгандардын ичинде табылбай калган дагы бир топтун болушу мүнкүндүгү тууралуу божомол маалыматты берди. Бул топтун мүчөлөрү эски динге сыйынгандар (булар байыркы Скандинавия кудайларына табынгандар) болуп чыкты. Бизде эски ишенимге сыйынган адамдардын тобу тууралуу атайын папка ачылды. Эми биз ага скинхеддер тууралуу жаңы малыматтарды кошумчаладык. Улуттук Фронттун ичиндеги байланыштарга негизделген биздин гипотезабыз, эски ишенимге табынгандар – булар Улуттук Фронт менен скинхеддердин ортосундагы байланыштыруучу бөлүк деген жыйынтыкка алып келди.

**Бешинчи кадам (кайра карап чыгуу жана кайра топтоштуруу):**

Эски ишенимге табынгандардын тобу менен скинхеддердин ортосундагы байланышты жана Улуттук Фронттун мүчөлөрү катышкан зомбулук актыларын ачуу максатында бир нече папка материалдарды жыйнадык. Колдогу материалдарда скинхедер боюнча Улуттук Фронттун расмий өкүлү менен маек, Улуттук Фронттун макалаларынан кесиндилер, Улуттук Фронттун эски ишенимге табынгандар менен маектери жана башка активдер чогултулган. Бул маалыматтар, жогоруда айтылган кол салуу тууралуу кенен жазылган китептин бир главасынын негизин түздү жана анын жардамы менен эски диний ишенимге табынгандар тобу, скинхеддер жана Улуттук Фронттун ортосундагы байланыштар ачылды.

## ӨТКӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО: УЮШТУРУУ ПРОЦЕССИНИН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА МЕТОДДОРУ

**1**

**Тигил же бул материалды көз ирмемде табуу үчүн документтерди, газеталардын кыркындыларын ж.б. уюштуруңуз**

**2**

**Жаңы маалыматтарга ат ыйгарып, аларды карап чыгып, келип түшкөн тартибине жараша иргеңиз**

## 3

## Активдерди жана шилтеме-эскерүүлөрдү бирдиктүү ыраатка топтоштуруп, башкы архивди түзүңүз

## 4

## Иликтөөдө бош кеткен жерлерди толтуруу жана кийинки изилдөө үчүн объектилерди ачыкка чыгаруу үчүн уюштуруу процессин колдонуңуз

## 5

## Кайра карап чыгуу жана кайра топтоштуруу аркылуу бир файлдын маалыматтарын башка файлдын маалыматтары менен салыштырыңыз

# 6-глава. ЖАЗУУ

## ИЛИКТӨӨ ДОЛБООРЛОРУН ЖАЗУУ

Авторлор: Марк Ли Хантер жана Флемминг Свит

Биз эмнени карайбыз:

**Иликтөө предмети эмнеден турарын аныктайбыз**

**Кийинки иликтөө үчүн божомолду сунуштайбыз**

**Божомолдорду текшерүү үчүн ачык булактардан маалыматтарды издейбиз**

**Маалымат берүүчү адамдарды издейбиз**

**Маалыматтардын чогулганына жараша аларды талдоо, материалдарды түзүү, текшерүү багытында иш алып барабыз**

**Маалыматтарды баяндоо тартибинде топтоп анан ирети менен жазабыз**

---

**Иликтөөнү жазуу – бул маалымат жаңылыктарын жазуу эмес. Иликтөө иши текст жазуу процессине айланып жаткандыктан маалыматтарды иреттеп уюштуруу маанилүү ролду ойнойт. Качан материалды акыркы редакцияга даярдай баштаганда жаңылык материалдарын жазганга караганда баяндоонун бир топ татаал эрежелеринин негизине таянып өзгөчө билимди, өзгөчө креативдүү ыкмаларды колдонуу керек. Журналист көркөм текст каражаттарынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, көркөм чыгарма жаратууга аракет кылбоосу зарыл. Жыйынтыгында, сиз каалайсызбы же каалабайсызбы, баари бир сиздин эмоционалдык абалыңыз тексте чагылдырылат.**

# МААЛЫМАТ БЕРҮҮНҮН ЭЛЕМЕНТТЕРИ

## 1. СУРАНЫЧ, БИРӨҢЧӨЙ ОКШОШ- КӨҢҮЛСҮЗ БОЛБОҢУЗ

Биздин көпчүлүгүбүздү репортердун иши көрүүчүлөргө тиешелүү жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берген, жөнөкөй фактыларды көрсөтүүдөн турат, деп окуткан. Демек, фактылар репортердун үнү же анын сезимдери менен коштолбошу керек. Башка кандай мамиле болбосун «орунсуз» көрүнөт. Албетте, эгер аны керектүү жерде, акыл-эс менен колдонсо мындай үн абдан чоң таасир көрсөтүшү мүмкүн. Албетте, журналисттер өздөрүнүн жеке сапаттарын, баалуулуктарын жана шыктуулугун өз иштеринде көрсөтпөшү керек дегендин өзү сизди таң калтырышы мүмкүн. Материалдын маанисин өзүбүзгө сиңирүү үчүн көрүүчүлөр да маалыматты кабыл алууга аракет кылуулары керек. Алар көргөндөрүнүн же уккандарынын таасирин сезиши керек, ансыз мааниси түшүнүксүз болуп калат. Аларга ушундай мүмкүнчүлүк бере албаган иликтөөчү, албетте ийгиликтерге жетишпей тургандыгы белгилүү.

Бирок, иликтөөчү кандай шартта болбосун бардык фактыларга болгон мамилесинде чынчыл, бейтарап позицияны кармануусу зарыл. Мындай бейтараптуулук кандайдыр бир фактылардын натыйжасына карата көңүл коштукту түшүндүрбөйт, саясатчылар болсо репортерлордогу объективдүүлүктүн жок болушун күнөөлөгөнгө аракет кылышат. Журналистикалык иликтөөнүн негизги максаты – дүйнөнү реформа кылуудан турат, дүйнөнү өзгөртүүгө болгон каалоо – бул индивидуалдуу жана субъективдүү нерсе.

Объективдүү фактылар ким тарабынан каралбаса да жашоо, турмуш тиричилик фактыларын олуттуу талашуу мүмкүн эмес – бул процесстин акыркы максаты, каражаты болуп эсептелет. Көрүүчүлөр бир эле маалыматты көрө берүүнү каалашпайт. Алар маалыматтын маанисин кимдир бирөө аларга жеткире түшүндүрүүсүн талап кылышат. Материалды жазууда иликтөөнүн темасы маанилүү экендигин репортер өзү да сезип түшүнүүсү зарыл. Кыскасын айтканда, журналисттин даярдаган материалы көрүүчүнүн көңүлүн өзүнө буруп, ал эми фактылар аны далилдеп туруусу зарыл.

Көпчүлүк авторлор стиль боюнча аябай тынчсызданышат. Менин көз карашым боюнча, чыныгы стиль – жеке буюм сыяктуу, адамдын

мүнөздөрүнүн бир көрүнүшү, ал убагы келгенде өзүнөн өзү пайда болот.

Сиздин стилиңиз материалдын өзүнөн аша түшпөшү керек. Эгер андай болсо, материал өз маанисин жоготуп коет. Эске алуучу нерсе, жөнөкөй стилди татаалдаштыруу оңой, ал эми татаал стилди жөнөкөйлөтүү кыйын.

## 2. ШЕКТЕНҮҮНҮН КОРКУНУЧУ

Бай жана таасирдүү булактар көпчүлүк репортерлорду маңыроо жана кошоматчы деп мамиле кылышат. Бул кээ бир репортерлордун өз баркына ишенбегендигинин бирден-бир себеби, алардын ою боюнча, өздөрүнө караганда бир топ активдүү, маанилүү адамдар менен тез-тез жолугуп, кызыктуу пикир алышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу журналист үчүн абдан маанилүү деп эсептешет. Мындай ой иликтөө үчүн коркунучтуу жана андай нерсе журналисттерде силер ойлогондон да көп кездешет. Ар жыл сайын менин журналист-окуучуларымдын арасынан эле бир канчасы эң сонун темаларды табышып, сонун иликтөөнү жүргүзүшөт, андан кийин эле жеке эмгегинин кайгылуу жыйынтыгын айтышат. Өздөрү үчүн жагымсыз чындыкты ачып алышып, алар өздөрүн мыкты кызматтарда иштеген булактарынын, бул эч кандай чындык эмес деп ынандыруусуна мүмкүндүк беришет. Адатта, жогорку кызматтагы маалымат булагы даанышман жана эскертүү менен сүйлөй баштаганда эле, репортер болсо ага ойлонбостон баш ийет.

Мисалы, бойдон алдыруу темасына арналган иликтөөнүн аягында белгилүү дарыгер эмне деп айткандыгын, угуңуздар:

«Кээ бир учурда өздөрүнө ишенбөөчүлүк үй-бүлөлүк түгөйлөрдүн ушундай чечимине себеп болууда. Мындай пикирди айрымдары туура деп кабыл алышса, экинчилери муну менен таптакыр макул эмес. Эң кызыктуусу, бул жерде дарыгер журналисттер тарабынан табылган фактыны моюнга албай жатат. Атап айтканда, жашоо жана өлүм жөнүндөгү чечимди үй-бүлөлүк түгөйлөр эмес, медициналык кызматкерлер кабыл алышат. Бул дарыгерге акыркы сөзүн айтууга мүмкүндүк берүү менен журналисттер өздөрүнүн мээнетин бузуп алышты. Өзүңүздө шек са-

ноону пайда кылган ушундай учурлардан сак болуңуз, деп кеңеш бермекчибиз.

Ушундай эле катачылыктын башка бир көрүнүшү – качан репортер өзүнүн иликтөө объектисине ачуусу менен каттуу тийгенде байкалат. Ал учурда анын акыркы сүйлөгөн сөздөрү мындай болушу мүмкүн : «Ал негизинен анча деле начар эмес». Бул журналисттин өзү байкабаган коркуусу жана өзүн-өзү актоосу десек болот. Эгерде сиз чындыкты тапсаңыз аны коомчулукка билдириңиз. Бир эле мезгилде сиздин бийик интеллегиңизди мактап, ошол эле учурда сизди келесоо катары караган маалымат булагыңызды колдобоңуз.

## 3. ТАЛАПТЫ КАТУУ КОЙСОҢУЗ ДА, ЗААР ТИЛДҮҮ БОЛБОҢУЗ

Иликтөө жүргүзүү жана андан кандайдыр бир жыйынтык чыгаруу сизде чарчоону, арылбастык сезимин, каарданууну пайда кылышы мүмкүн. Бул факторлор бардыгы биригип журналисттин кемсинтүү, агрессивдүү мүнөздү кабыл алуу коркунучун күчөтүшү ыктымал. Бул өзүн-өзү коргоо механизми, бирок, ал көрүүчүгө жана иликтөө объектисине автордун алсыздыгы жөнүндө кабар берет. Ошондой эле, бул эгер сиз туура эмес маалымат тараткан, деп айыпталып сот жообуна тартылсаңыз уятсыздык белгиси катары эсептелет. Олуттуу күнөөлөнү майда мазактоо менен бузбаңыз. Бул үчүн сиз өтө кымбатка түшүп каласыз. Өз кол жазмаңызды кайрадан карап чыгып заар тилде жазылган сүйлөмдөрдү алып салыңыз.

## ӨЗ СТИЛИҢИЗДИ ИШТЕП ЧЫГЫҢЫЗ: МОДЕЛДЕРДИ КОЛДОНОБУЗ

**Баяндоо искусствосунун дээрлик ар бир маселеси акылмандар тарабынан табылып, ачылган. Акылмандар да өз мезгилинде башкалар тарабынан табылган каражаттарды жана ыкмаларды колдонушкан. (Мисалы, Шекспир башка тарыхчылардын жана драматургдардын эмгектеринен сюжеттерди алып турган). Сиздер акылмансызбы же жокпу ага карабай ишке ушундай мамиле кылсаңыз туура болот. Мындай моделдерди дайыма издөө маалыматты издөөдөгү сиздин иликтөөңүздүн бир бөлүгү болуп калышы керек.**

Бул же башка долбоорго киришүүдөн мурун буга чейин ушуга окшогон маселелер менен кайсы авторлор иштегендигин, кантип иштегендигин тактаңыз жана сиз үчүн көбүрөөк оручундуу болгон маселелер алардын материалдарынын кайсы бөлүгүндө жазылгандыгын иликтеңиз. Узак баяндама жөнүндө сөз болгондо бул өтө маанилүү. Өзүңүзгө керектүү баяндамалык ыкмаларды ойлоп табуу, маалыматтарды бөлүштүрүү үчүн сизде убакыт болбой калышы мүмкүн.

Мисалы, сот процессинин ар бир деталын чагылдыруу тергөөчү үчүн өтө маанилүү, анткени сот иштери адилетсиздиктин бирден бир булагы болуп кала берүүдө. Ал эми аны кантип кызыктуу жазыш керек деген көйгөй дайым түбөлүктүү маселе болуп кала бермекчи. Аны Бальзак өзүнүн «Куртизанкалардын даңкы жана жакырдыгы» деген романында эң мыкты ачып берген. Иликтөөчүнүн алдында дайыма турган дагы бир көйгөй – окуяга катышкан каармандардын узун тизмесин териштирүү. Анткени, көркөм чыгармалардан айрымаланып, иликтөөнү жазууда автор баяндоонун жөнөкөйлүүлүгү үчүн кээ бир каармандарды көңүл сыртында калтыра албайт.

Англиялык романист Энтони Троллоп (Anthony Trollope), сахнадан сахнага чейин тизилген каармандардын тизмесин майда топторго бөлүү жолу менен баяндоонун структурасын иштеп чыккан. Тацит жана Светоний сыяктуу Рим тарыхчылары саясий портреттин жанрын жана окуялар жөнүндө көркөм эмес баяндаманы жогорку деңгээлге чейин өнүктүргөн. Ал эми режиссер Кинг Вайдор (King Vidor) актердук, оператордук, редак-

торлук иштеринде ритмикалык ыкмаларды колдонууну өжөрлүк менен эксперименттеген.

Ал эми сиз болсо, өзүңүз мыкты билген салттарды колдонуңуз. Кол өнөрчүлүктү гана эмес, өзүңүздүн искусствоңузду да үйрөнүңүз. Өзүңүзгө керектүү нерселердин баардыгын алыңыз жана сиз колдонгон авторлордун атын атоону унутпаңыз.

## БАЯНДООНУН ТҮЗҮМҮН АНЫКТА: ХРОНОЛОГИЯ ЖЕ ОДИССЕЯ ТҮРҮНДӨБҮ?

**Иликтөө белгилүү бир, ким, эмне, качан, кайда жана эмне үчүн, деген беш суроого жооп берген маалымат материалынын алкагында даярдалат. Иликтөө бул элементтерди бир топ тереңдетилген жана кеңейтилген формада өзүнө камтыйт. Иликтөөдө кандайдыр бир мотивдери, физикалык мүнөзү, жеке тарыхы болгон каармандар катышат. Иликтөө белгилүү каармандардын жашаган жерлеринде жүргүзүлөт. Кыскасын айтканда, бул баяндама көптөгөн деталдардан турат. Эгер сиз анын ишке ашышын кааласаңыз алгач анын түзүмүн иретке келтиришиңиз керек.**

### КӨП ДЕТАЛДАРДЫ ӨЗҮНӨ КАМТЫГАН БАЯНДАМАНЫН ТҮЗҮМҮН ИРЕТКЕ КЕЛТИРҮҮНҮН ЭКИ НЕГИЗГИ ЖОЛУ БАР:

- **Хронологиялык түзүмдө** окуялардын тартиби мезгилдин өтүшү менен аныкталат, аны менен ар бир кийинки окуя кечирээк болуп өткөн окуянын мүмкүнчүлүгүн толуктайт.
- **Плутовдук романдын түзүмүндө** – окуянын тартиби ал орун алган жер менен аныкталат. Окуяга катышкан каармандардын бир жерден экинчи жерге жылышы маанилүү болуп, ар бир бөлүм кичинекей байланыш баяндаманы түзүү үчүн зарыл болгон бардык элементтерди өзүнчө камтып турушу мүмкүн..

Бул түзүмдүн классикалык мисалы катары, бизге белгилүү байыркы грек акыны Гомердин чыгармачылыгын алсак болот. Трояндык согушка арналган «Иллиадада» окуялар хронологиялык тартипте жазылган.

«Одиссейде» болсо окуялардын бир орундан башка орунга жылышы баяндаманын жүрүшүнө чечүүчү маани берип, окуялардын хронологиялык ыраатуулугу анча деле мааниге ээ болгон эмес.

## ЭКИ ВАРИАНТТЫН БИРИ СИЗДИН МАТЕРИАЛЫҢЫЗГА ЖАРАЙТ.

Тандоо материалдын өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен ишке ашырылышы керек. Кээ бир учурларда, окуянын ээ-жаа бербей өөрчүп өнүгүшү жөнүндө айтып берүүдө сөзсүз болуп өткөн окуяларды хронологиялык тартип менен баяндоо зарыл. Башка бир учурларда автор биз мурда көңүл бурбаган, өзгөчө күчкө ээ таң калуучу жерлери болгон дүйнө жөнүндө жазат. Бул жерде авантюралык романдын түзүмү барынан жакшы дал келет.

> **Мисалы,** биз «Франциянын Улуттук Фронтунун» ултраоңчул саясий партиясынын ишмердигине арналган материалда авантюралык романдын түзүмүн колдондук. Себеби, бул бирдиктүү кыймыл ошол жерде бекем тамырлаган. Эгерде Улуттук Фронт, анын душмандары сүрөттөгөндөй, башкаларга кысым көрсөткөн борбордук машина болгондо, анда анын өнүгүшүнүн мезгилдүү элесин түзүү максаттуу болмок.

## АР БИР ВАРИАНТ БЕЛГИЛҮҮ АРТЫКЧЫЛЫКТАРГА ЭЭ.

Хронологиялык түзүмдү колдонгонго караганда, авантюралык романдын түзүмү тигил же бул кырдаалдын масштабын, таасир берүү деңгээлин бир топ оңой аныктоого мүмкүндүк берет. Бирок, тигил же бул абалдын тамырын издеп табуу мүмкүнчүлүгү боюнча хронологиялык түзүм авантюралык романдын түзүмүнө караганда артыкчылыкка ээ.

Алдын ала сиз тандаган түзүмдүн чегинде өзүңүздүн материалыңызды зордоп батырууга аракет кылбаңыз, анткени сиз анда өзүңүздү бир топ «эркин» сезесиз. Ушул жана башка маселеде Мур (Michael Moore) кызыктуу мисал келтирет. Анын кадыресе формасы авантюралык романдын варианты болуп саналат. Ал (Мур – жеке каарман) түшүнүксүз тартипте өлкөлөрдү орунсуз кыдырып чыккан заардуу-шылдыңгер жолоочу жөнүндө баяндаган. Бул анын көпчүлүк тасмаларында мыкты колдонулган. Бирок, «Фаренгейт 911» фильминде бул ыкма колдонулган эмес, анткени фильм достук убакыттын өтүшү менен өнүгө тургандыгын

далилдөө максатында, Саудис менен Буштун үй-бүлөсүнүн өз-ара достук байланышын тереӊ түшүнүүгө аракет жасаган.

Окуя убакыттын саякатчысыбы же мейкиндиктикиби, аны материал өзү сизге айтып берсин. Качан бул чечимди кабыл алганыӊыздан соӊ сиз өз компьютериӊизде жалпы схеманы түзө баштасаӊыз болот.

## ХРОНОЛОГИЯНЫ ТҮЗӨБҮЗ ЖАНА ӨЗГӨРТӨБҮЗ

**Аристотелдин «Поэтикасына» ылайык кандай гана баяндама болбосун, анын башталышы, ортосу жана акыры болот. Билим өтө пайдалуу нерсе, бирок ал журналисттик баяндоонун негизги көйгөйлөрүн чече албайт.**

Биринчиден, керек болсо текст жазууга даяр болгон учурдадагы, иликтенип жаткан теманын аягы эмне менен бүтөөрүн билбейбиз. Мисалы, киши өлтүргөн күнөөкөрдү издеп таптык дейли, бирок ал түрмөгө камалабы же жокпу аны биз чече албайбыз. Мындан тышкары, биз коомчулук үчүн иштейбиз, ал эми коомчулук дал ошол мезгилде ал үчүн эмне маанилүү болсо, ошол тууралуу айтып берүүбүздү каалайт жана бизден ошону күтөт. Башкача айтканда, адамдарды ошол теманын чыгыш булактарына караганда, бул жааттагы соӊку жаӊылыктар кызыктырат.

Мына ошентип, иликтөө тууралуу баяндоо менен, биз сөздү азыркы учурда эмне болуп жаткандыгынан баштайбыз (учур чак), андан кийин бул жерге кантип келип калгандыгыбызга кайрылабыз (бул теманын өткөнү), андан кийин кыймыл-аракетти кайрадан азыркы учурга алып келебиз (окурмандын материалдын маӊызын түшүнүүсү үчүн), мындан соӊ андан ары кайда багыт аларыбызды көрсөтөбүз (келечектеги корутундунун мүмкүн болгон варианттары).

**Мындай түзүм – учурдагы, өткөндөгү, келечектеги – үч негизги суроого шайкеш келет, кандай гана окурман же көрүүчү болбосун ушул үч суроого жооп берүүнү талап кылат:**

- Эмне үчүн мен бул окуя тууралуу ойлонушум керек?

- Бул өтө коркунучтуу же эң сонун окуя кандайча келип чыкты?
- Бул окуя качандыр-бир кезде аяктайбы? Кантип аяктайт?

Бул – журналистикада кеңири, деталдуу иликтөөлөрдү жүргүзүүдө колдонулган баяндоонун эң кеңири жайылган түзүмү жана ал көпчүлүк учурда абадан натыйжалуу. Бирок дал ушул түзүмдү колдон деп сизди эч ким милдеттендирбейт. Иш жүзүндө, хронологиялык принцип таасир этүүчү чоң күчкө ээ, ошондуктан аны сиз өзүңүзгө керектүү кайсы багытка болбосун ылайыкташтырып адекваттуу колдонсоңуз болот. Мисалы, мен киши өлтүрүү иши боюнча чоң макала жаздым, бул макала келер чактан башталат: курман болгон адамдын ата-энеси өздөрү жасабаган кылмыш үчүн сот жообуна тартылышат. Андан кийин полиция маалымат каражаттарын үрөйдү учурган (жалган) өз кызыкчылыгындагы маалыматтар менен кантип жабдыгандыгы тууралуу окурманга көрсөтүп, окуя өткөн чакка жылдырылат. Макала учурдагы окуялар менен, тактап айтканда келтирилген ой-пикирлердин жардамы аркылуу бул соттук ишти айыптоо менен аяктайт. Же тескерисинче, окурманды «Мунун аягы эмне менен бүтүшү мүмкүн?» деген суроого алып келүү менен, бүткүл материалды ырааты менен баяндап, окуяны өткөндөн – маселенин келип чыгуу булактарынан, баштасак болмок. Бирок, көпчүлүк учурда сиздин материалыңыздын маңызы «Бул кандайча болуп өттү?» деген суроого жооп бериши керек. Эгерде сиз баяндоонун хронологиялык тартибин түзсөңүз, анда эки нерсени эсиңизден чыгарбооңуз зарыл.

- Биринчиден, өзүңүздөгү **көрүүчүнү кайырмакка иле ала турган, таасири боюнча эң күчтүү эпизоддон баштаңыз.** Бул учурда катуу кайгы тартып турган адам тууралуу аңгеме болушу мүмкүн. Бул өткөн мезгилдеги бардыгы бир заматта жана түбөлүккө өзгөрүп кете турган бир учур болушу мүмкүн. Бул бизге жакындап келе жаткан, жан чыдагыс келечекти сүрөттөө болушу мүмкүн. Кандай гана болбосун, ал көрүүчүнү «Бул кандайча болду эле?» деген суроону берүүсүнө түрткү болушу керек.
- Экинчиден, **сураныч, көрүүчүнү, тигил мезгилден бул мезгилге кайталап ары-бери жылдырууга жол бербеңиз.** Эгерде сиз автоунаанын айдоочусу катары өзүңүздүн жүргүнчүлөрүңүздү ушундай кылсаңыз, алар өздөрүн жаман сезишмек. Сиздин көрүүчүңүз

да ошондой эле абалда калат. Эгерде көрүүчүнү өткөн учурга алып барсаңыз, эмне окуя болгондугун жакшылап түшүндүрүү үчүн, ошол мезгилде бир азга кала туруңуз, ошондон кийин гана азыркы мезгилге кайтыңыз. 2008-жылдан 1995-жылга, андан соң 2006-жылга, андан кийин 1982-жылга секирбеңиз: мезгилдик багытыңызды мүмкүн болушунча максималдуу жөнөкөй жана ирети менен түз кармаңыз. Авантюралык романдын түзүмүн пайдаланууда бул эрежени колдоно албайсыз: мында окуяны баяндап жаткан адам бир эле окуя тууралуу ар түрдүү адамдардан, ар кандай мезгилде, ар башка жерде угушу мүмкүн. Баяндоонун жалпы түзүмүн тандоодо бул жөнүндө унутпаңыз.

## БАШКЫ АРХИВДИ КОЛДОНОБУЗ

**Сиздин документтерден алынган бардык үзүндүлөр, сүрөттөөлөр, идеялар жана кыскача жазуулар сакталган башкы архив деген эмне экендиги эсиңизде барбы? Жакын арада сиз бардык маалыматтарды бир жерге топтогонуңузга өзүңүз ыраазы болосуз. Эгерде сиз бизге окшоп материалды жазуунун алдында жалпы схема түзүүнү каалабасаңыз, анда бул өзгөчө туура жол.**

### 1. БАШКЫ АРХИВДИН ЖАРДАМЫ МЕНЕН ЖАЛПЫ СХЕМАНЫ ТҮЗҮҮ

- Адегенде башкы архивди ачыңыз жана анын мазмуну менен таанышып чыгыңыз.
- Андан соң аны редакциялоо үчүн сактап коюңуз.
- Андан кийин кайрадан анын мазмуну менен таанышып чыгыңыз. Бул жолу окуп чыкканыңызга жараша пайдаланылбай турган маалыматты өчүрүп салыңыз.
- Анын мазмунун кайрадан окуп чыгыңыз. Бул жолу керектүү материалды кесип алып аны мезгилдик же авантюралык романынын түзүмү боюнча, кайсыл түзүмдү тандап алсаңыз ошол боюнча жайгаштырыңыз.

- Бул багытта иштөөнү улантыңыз, мындай аракетиңизди зарыл болгон материалдар топтолуп бүткүчөктү уланта бериңиз.

Биз сизди куттуктайбыз.

Сиз азыр эле алдын ала жалпы схеманы түздүңүз. Эми сиз айрым кыскача жазууларды жана маалыматтарды текстке айландыруу менен өзүнчө файлга жазсаңыз болот. Файлдын барактарын биринин артынан бирин ачыңыз жана барактардын ачылышына жараша анын мазмунун көчүрүп жазыңыз. Документке келтирилген шилтемени кесип алууну жана тиешелүү шилтеме коюуну унутпаңыз. Кийинчерээк мунун өзү фактыларды текшерүүнү жана укуктук экспертиза жүргүзүүнү жеңилдетет.

## 2. БАШКЫ АРХИВДИН ЖАРДАМЫ МЕНЕН ОКУЯ АРТЫНАН ОКУЯ ТҮЗҮҮ

Эгерде сиз плутов романынын түзүмүн тандап алсаңыз, анда сиз текстте даана колдоноруңузду билген окуянын аталышын так жазуу – дагы бир ыкма болуп эсептелет. Төмөнкүлөрдү аткаруу үчүн сөзсүз түрдө бардык мүмкүнчүлүктөрдү жасаңыз:

- Ар бир окуя баяндоону алдыга жылдыруучу маанилүү учур болот.
- Окуядан окуяга өтүү, ошондой эле биздин бир орундан экинчи орунга жылышыбыздын себептери ачык болушу керек.

Андан соң, башкы архивден ар бир окуяга шайкеш келген материалды кесип алыңыз жана коюңуз. Ал эмне болгон жер экендигин, ал жерде кандай адамдар болушкандыгын, алар эмне кылышкандыгын, эмне деп айтышкандыгын (сүйлөшүүлөрүн) жана бул тууралуу өзүңүздүн кантип билгениңизди өзүңүз биле тургандыгыңыз жөнүндө тастыктама бериңиз. Бул элементтер окуяны так чагылдыруу үчүн зарыл болот. Төмөндө келтирилген чыныгы иликтөөнүн үзүндүсүндө кылмышка күбө болгон эки адам өз жетекчисинин коркунучтуулугу тууралуу эскертишет. Маанилүү документти колдонуу менен, алардын айыптоолоруна салмак бериш үчүн, керектүү материалдардын колдонулушуна көңүл буруңуз:

*«Алар өздөрүнүн жетекчиси Юбер Ланденин кабинетине кирип, ага Кристинин каталогун тапшырышты. Алар: компания Мурильонун*

*контрабандалык сүрөтүн сатып жатат, – дешти... Ланде алардан «Сүрөт жакында эле Францияда болгондугуна силердин далилиңер барбы?», деп сурады. Лаклоттпапкасын ачып, андан эски басма машинкада терилген тексти бар бир барак кагазды алып чыкты. Бул кагаз Луврдун өздүк лабараториясында түзүлгөн жана лабораториянын мурдагы башкы куратору Ур Магдаленанын колу коюлган 1975-жылдын 17-апрелиндеги Мурильо боюнча доклад эле.»*

Эгер сизде ар бир окуяны түзүү үчүн кеңири материал болбосо, же окуялар табигый жол менен биринин артынан бири келип чыкпаса, анда сиз текстти жазууга даяр эмессиз. Биринчи учурда сиз кошумча маалыматтарды чогултушуңуз керек, ал эми экинчи учурда сиз чагылдыруучу теманы жакшылап түшүнүүгө муктажсыз.

## 3. ТАРЫХ ЖАНА ФАКТЫЛАР

Иликтөөчүлөрдүн классикалык көп кездешүүчү катачылыгы алардын бизди фактыларга көмүп салгандыгында. Мындай ката журналисттин көп санда топтолгон материалды башкара албай калышынан улам, же журналист бардык тапкан нерсеси менен көрүүчүгө таасир калтыргысы келгендигинен улам келип чыгат. Бул маселени чечүүнүн эки негизги жолу бар.

- Фактыларды жөн эле маалымат катары эмес, зарыл элемент катары эсептеңиз.

  Бизге дайыма маалымат жетишсиздей сезиле берет. Ошого карабастан, бизде кошумча маалыматтардын ашыкча болгондугу байкалышы мүмкүн. Кошумча маалыматтар сиз ачып жаткан темага зарыл болгон бардык түстү жана маңызды бериши зарыл. Ошондуктан көңүл бурдуруучу («үй өрткө чулганган») же маңызын тереңирээк түшүнүүгө жардам берүүчү кошумча маалыматтар гана киргизилиши зарыл.

  Мисалы, ири чиновниктин жумуш бөлмөсүнүн жасалгасы, аны курчап турган предметтер көрүүчүгө бул адам үчүн эмне маанилүү экендигин кабарлай алат. Биздин кесиптешибиз Нильс Хансон мындай деталдарды – баяндаманын жүрүшүндө тигил же бул жер-

ден жылтыраган, баалуу металлдын бүлбүлдөгөн бөлүкчөлөрү – «таза уютулган алтын» деп атайт.

- Ар бир жаңы факты үчүн окуяны өзгөртүңүз.

  Бул жаңы булакты, же жаңы жерди, же жаңы убакытты даана көрсөтүү керек экендигин билдирет. Бул элементтер фактылар үчүн кыймылдаткыч күч болуп эсептелет.

Төмөнкүлөрдү эсиңизден чыгарбаңыз:

**Фактылар тарыхты баяндап бербейт.**

(Эгерде ушундай боло турган болсо, анда телефон маалыматнаамасы дүйнөдөгү эң улуу баяндама болмок).

**Тарых фактыларды баяндап берет.**

Эгерде баяндама фактыларга жык толгон болсо, журналист жеңилүүгө дуушар болот. Кандай гана кызыктуу болбосун, сиздин материалыңыздын маңызын ачыкка чыгара албаган фактыны колдонбоңуз.

## АТАЙЫН КОМПОЗИЦИЯЛЫК ЫКМАЛАР

### 1. «МААНИЛҮҮ АБЗАЦ», ЖЕ ГИПОТЕЗА МЕНЕН ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК.

Материалдын белгилүү бир жеринде, болжол менен баш жагында материалдын маңызы, өзөгү же башкы мааниси (жана, кеңирирээк, ага кайрылуу үчүн себеп) камтылган абзац жайгаштырылышы керек. Эгерде сиз гипотезаны түзсөңүз жана текшерсеңиз, көпчүлүк учурда ал материалдын өзөгү боло алат. Эгерде мындай абзац болбосо, көрүүчүлөр/окурмандар сиз аларды кайда жана эмне үчүн жетелеп бара жатканыңызды түшүнбөй калышы мүмкүн. Ушундай «маанилүү абзацка» сыйлыкка татыктуу болгон материалдан бир мисал келтирели:

*«1992-жылы Францияда социалисттердин өкмөтү максималдуу айлык акыны чектөө аркылуу саясатчыларды бир эле мезгилде бир нече кызматты ээлөөдөн баш тартууга мажбурлоого умтулушкан. Бул – Француздук тандоо демократиясында таң каларлык бурулуш болгон. Бирок алар саясатчылар ала албай турган кошумча кирешенин тагдырын аныктоону унутуп калышкан. Биздин иликтөөлөрүбүз көрсөткөндөй, кийинки он жылдыкта 45 миллион доллар мамлекеттин казынасынан саясатчылардын чөнтөгүнө – солуна да, оңуна да – түшүп турган».*

Маанилүү абзацты үч кыска сүйлөмгө кыскартыңыз. Эгерде сиздин материалыңыз эмне тууралуу экендигин бул көлөмдө айтып бере албасаңыз, демек, сиз өзүңүз аны түшүнбөйсүз.

### 2. АКЫЙКАТСЫЗДЫКТЫН ЖҮЗҮ: ОКУЯГА ӨЗГӨЧӨ ТҮС БЕРҮҮ

Тигил же бул окуяны кандайдыр бир каармандын образы аркылуу ачып берүү бул адабияттын байыркы ыкмаларынын бири болуп эсептелет. Бул ыкма, балким, журналистикада ашыкча колдонулат, бирок теманын эмоционалдык жашыруун сырын сезүүгө аракет кылган окурмандар үчүн да, репортерлор үчүн да өзүнүн актуалдуулугун сактайт. Теманын негизги маанисине бат жетүүнүн күчтүү каражаттарынын бири – көрүүчүгө жапа чеккен адамды көрсөтүү.

Баяндоонун өзүн окуянын ордун сүрөттөөдөн баштоо бул ыкманын бир варианты катары кароого болот. Бул кинематографиялык ыкма болуп

саналат: чөйрөнү кабыл алуу аркылуу иш-аракеттин маңызына жетсе болот. Айлана-чөйрөдө каармандар жок болсо, же айлана-чөйрөнүн ар кандай мүнөздөмөлөрүнүн мааниси түшүндүрүлбөсө, бул ыкма иштебейт.

Эгерде каармандаштыруу ыкмасын колдонсоңуз анда, төмөнкүлөргө көңүл буруңуз:

- Сиздин мисалыңыз темага чындыгында шайкеш келет.

  Сиздин баяндамаңыз башка нерсе жөнүндө болорун айтуу үчүн, драмалык көрүнүштү жандуу жазуунун зарылдыгы жок.

- Ар бир мисалды бир эле жолу колдонуп жана аны жогорку деңгээлде аткарыңыз.

  Материал жалгыз гана – бир маселеге арналган учурдан башка мезгилде, бир эле сүрөттөөгө кайра-кайра кайрыла берүүнүн кажети жок.

Сыйлыкка ээ болгон башка бир материалдан келтирилген үзүндүгө көңүлүңүздөрдү бурабыз. Окуянын артындагы чыныгы трагедияны чагылдырыш үчүн энеси кызынын башынан өткөн окуяны айтып берет. Мындан улам буга окшогон мыйзамды таптакыр эле жазбай коюшса болмок, деген ойго келесиң.

*«Кэрол Кастелланонун оюна кээде кызым өлүп калса, ага жакшы болот беле деген ой келчү.*

*Энесинин жатынында болгону 23 жума болуп, 1984-жылы туулган Серена Кастеллано, – калемдин бир шилтеминен улам өмүрү сакталып калган, миллиондогон майып балдардын бири эле: 1982-84-жылдары кабыл алынган Кичинекей Доу жөнүндө мыйзамдар жыйнагына ылайык, дарыгерлер айына жашоо жөндөмдүүлүгү өтө начар болгон ымыркайлардын өмүрүн сактоого болгон күчтөрүн жумшабаса, ал кылмыш катары эсептелчү. Ошол эле мезгилде ымыркайларды өлүмдүн кучагынан сууруп алган бийлик, аларды өмүр бою майып кылып, андан ары балдарды да, алардын үй-бүлөлөрүн да кароосуз калтырган.*

*Тагдыры эч кимге белгисиз, коомчулукка чагылдырылбаган калктын бул катмарынын башка өкүлдөрү катары эле, Серен Кастеллано да*

*бир канча жылдар мурда эле, ал жарык дүйнөгө келген төрөт үйүндө бир нече көз ирмемден ары жашай алмак эмес. Ал баш мээсинин жабырланышы менен көзү азиз төрөлүп, сүйлөй да, чайнай да албайт. Ага биринчи сегиз айлыгына чейин ич көңдөй патологиясынын жана өпкө кемтигинен алты жолу операция жасалган. Бир дагы адам анестезияны колдонууну ойлогон эмес.*

*«Нью-Джерсидеги көр балдардын ата-энелери» уюмунун президенти Кэрол Кастеллано мындай дейт: «Эгерде мен ай күнүнө жетпей төрөлгөн балдар кандай гана сыноолорду баштарынан өткөрөөрү жөнүндө бир аз гана түшүнүгүм болгондо, өз баламдын ошондой сыноолордон өтүшүн каалабайт элем» «Мен өзүмдүн кызымды жакшы көрөм, эч качан андан ажыроону каалабайм. Бирок, эгер менде эрте төрөт башталса, анда мен ооруканага бармак эмесмин, мен үйдө калып жаратылыш өзү жаратканды өзү алуусуна мүмкүндүк бермекмин».*

Бул фрагменттеги кийинки учурларга көңүл буруңуздар:

- Өз кызынын тагдыры жөнүндө Кэрол Кастелланонун жогоруда келтирилген ой жүгүртүүсү көрүүчүлөрдүн алдына суроо коет: «Эмне үчүн эне өз баласынын өлбөй калганына өкүнүшү мүмкүн?»
- Бул бизге түздөн түз негизги параграфка өтүүгө жана окурмандарга бул окуя жөнүндө эмне үчүн баяндап жаткандыгыбыз тууралуу маалымат берүүгө мүмкүндүк берет.
- Үчүнчү параграфта биз көрүүчүлөргө чыныгы коркунучту ыраатамы менен көрсөтөбүз. Этият болуңуз: көрүүчүлөр өзүнө өтө көп оор нерсени алууга даярбы. Ушинтип, биз башынан өткөргөн оор сыноолорун жай баракат айтып берип жаткан Кэрол Кастеланнонун сахнасына өтөбүз. Муну менен көрүүчүлөрдү, жапа чеккен баланын оор абалын аянычтуу кабылдоодон бошотуп, аялдын азап чеккен даанышмандыгына күбө болууга мүмкүндүк беребиз.

## 3. КУРМАНДЫКТЫН АЛДЫНА ӨЗҮҢҮЗДҮ КОЙГОНДОН САК БОЛУҢУЗ

Жабырлануучуга арналган материалдарды видеого тартуу же жазуу процессинде журналисттер түз же кыйыр мааниде бир кадам алдыга кетишип, жабырлануучу башынан өткөргөн оор кайгынын күбөсү болуунун ордуна, көрүүчүлөр менен окурмандарды окуяга карата жеке өзүнүн жапа чеккен абалына көңүл бурууга аргасыз кылышат. Мындай катачылыкты кетирүү оңой. Менин студенттеримдин кээ бирлери Франциядагы аялдардын бойдон алдыруу көйгөйүн изилдеп, адегенде азаптуу бойдон алдырууну башынан өткөргөн аял жөнүндө ырааттуу баяндап беришти. Андан кийин ушундай көөшөргөн фразаны *«Ал жана анын күйөөсү терең жабырланышты. Бул абалды баштарынан өткөрүштү. Бул окуядан кийин жаш жубайлардагы шок – түшүнбөстүк менен алмашты»,* – деп беришти.

Байкадыңызбы, журналисттик чечмелөө күтүүсүздөн эле жабырлануучунун кайгысынан да маанилүү болуп чыга келди. Журналист жабырлануучунун кайгысын көрүүдөн ойлонбой туруп эле качып жатат. Бирок, көрүүчүлөр репортер өзүн курмандыктан маанилүү деп эсептегендигин көрүп турушат. Эгерде кимдир бирөө сиз чагылдырган темага байланыштуу азап чексе, өзүнүздү эмес ошол адамды көрсөтүңүз.

**Алдыга карай кадам таштаган учуруңузда да, жабырлануучунун артында калыңыз.** Изилдөөнүн классикалык ролу – өзүн-өзү коргой албагандарды коргоо. Ушундай ролдорду белгилүү «Мен күнөөлөйм» (J'accuse!) чыгармасындагы Эмиль Золя, «Буркина Фасо» чыгармасында Норберт Зонго (NorbertZogo) жана башкалар аткарышкан. Эгерде сиз ушул ролду аткарсаңыз, анда сиз өз мүнөзүнүздү жана чеберчилигиңизди көрсөтөсүз. Бирок, этият болуңуз. Анткени жабырлануучунун кадыр баркын сактоого жардам бербестен, өз кадыр баркын бекемдеген журналист урмат-сыйга ээ болбойт.

## 4. БУЛАКТАРДЫН СҮЙЛӨӨСҮНӨ УРУКСАТ БЕРИҢИЗ

Журналистикада маалымат булактары айткан мыкты нерселерди айтып берүүгө аракет жасап жатып эле көп убакыт бошко кетет. Чагылдырылып жаткан окуяны өз башынан өткөргөн адам гана, окуяны ошончолук бат, өтө берилип, баарынан мыкты айтып бергендиги өкүнүчтүү. Андык-

тан, сиз үчүн эбак эле жасап койгон нерсени идеалдуу суйлөмдөр менен жазуу аракетинен не пайда?

Булактардын сөздөрүн өзүңүз баяндап, аларды өзүңүз жазгандай кылып, материал сыяктуу өрүп, өз макалаңызды алдыга жылдырууга аларга мүмкүндүк берүү – эң сонун ыкма болуп саналат. Бул мисалда, биз оорукананын басма сөз катчысынын Кичинекей Доу мыйзамынын коркунучтуу таасири жөнүндө айтып берүүсүнө мүмкүндүк бердик. Анткени бул көйгөй боюнча ал терең билимгээ ээ.

*«Өткөн жылы Лос-Анджелесдеги «Синайлык кедрлер» ооруканасынын дарыгерлери болгону 13 унция (369грамм) салмагындагы жаңы төрөлгөн баланы сактап калышты. Алты ай өткөндөн кийин бала ооруканадан чыгарылган учурда, ага кеткен медициналык тейлөө кызматынын наркы 1 млн. доллар эсебин түзгөн. Бала ооруканадан чыгарылгандан эки жумадан кийин каза болуп калды. Баланын үй-бүлөсүнүн камсыздоо кепилдиги бар болгону жакшы болду»,- деп билдирди «Синайлык кедрлер» ооруканасынын басма сөз катчысы Чарли Лахаи. «Ойлоп көрүнүз, – миллинон доллар төлөп, сиздин балаңыз тирүү калбаса?»*

Төмөндө Франциянын Улуттук Фронтунун бир өкүлүнүн айткандары жазылып алынган аудио материалдан толук үзүндү келтирели. (Чындыгында биз диктафонго жазууну жактырбайбыз, аны чечмелөө көп убакытты алат. Дал ушул окуяда Улуттук Фронттун диффамация (бирөөнү маскаралаган маалыматтарды басмага жарыялоо) жөнүндө доо берүүнү жактырганын билип, биз аны жаздырып алдык. Мындай жазылып алынган материал, ал адамдын сөзү эч өзгөртүлбөй берилгендигин далилдөөдө маанилүү).

Бул үзүндүдө маалымат иш жүзүндө жокко эсе. Ал адам кайдагы нерселерди айтып жатат, бирок, үзүндүнү келтирбей туруп аны толук түшүнүүгө мүмкүн эмес, мында сүйлөп жаткан адамдын менталитети маанилүү. Китеп жарыкка чыккандан кийин дал ушул үзүндүнү журнал өзүнө жарыялоого алган.

*«Бул өкмөттө жана анын булганыч жашыруун жерлеринде балдарды зордогондугу үчүн түрмөгө отура турган адамдар бар. Угуп жатасыңарбы, Силер мени угуп жатасыңарбы? Мүмкүн бул жөнүндө*

*сиздерге Рож Олендр билдиргендигин айтасыңар! Бүтүндөй бир саат коротушуңар мүмкүн! Азыр, менимче, бешке он беш минут калды» УГУП ЖАТАСЫҢАРБЫ МЕНИ? Кечээ кечинде мен «Биз бул акмактардын баарын дарга асышыбыз керек», деп айттым. Ал эми залда отурган айым «Олендр мырза бул жакшы эмес, эмне үчүн сиз аларды асууну каалап жатасыз?» деп сурады. Мен « Ооба айым, а сиз билесизби балдарды зордуктоо деген эмне экендигин?» деп сураганымда: «Ой жок, билбеймин», деп жооп берди. «Бул адамдар өзүнүн кызматтык абалынан пайдаланып, ЖАҢЫ ТӨРӨЛГӨН ҮЧ, ТӨРТ,БЕШ ЖАШТАГЫ БАЛДАРДЫ ЗОРДУКТАШАТ», «Ооба биз аларды дарга асышыбыз керек!» «Сиз эмне дейсиз айым!»*

Эл сизди фактылар үчүн эле укпастыгын эстен чыгарбаңыз. Алар сиз өз материалыңызда келтирген булактардын түсүн, айтылган үндүн, сөздүн мүнөзүн билүүнү каалашат. Бул элементтерди берүүнүн жападан-жалгызы жана мыкты каражаты – диалог болуп эсептелет.

Диалогдун таасир кылуу өлчөмүн жана деңгээлин редакциялсаңыз болот, бирок аны чени менен пайдаланганыңыз оң.

## 5. СТАНДАРТТУУ РЕДАКЦИЯЛОО

Журналистикада редакциялоо бул – материалды мурдагыдан да мыкты жасоо искусствосу. Жакшы редактор болбоду эле дегенде сиздин баяндамаңызды жакшы материалдар менен байытып, аны мыкты жазуунун жолдорун кылдат сунуштай алышы керек. Бирок, адегенде, сырттан кимдир бирөөнү иштеткенден көрө редакциялоону тынымсыз процесске айландыруу зарыл. Фраза менен формулировканы курчутуп, тез-тез ага кайрылуу менен өзүңүздүн текстти моделдөөнү адатка айлантыңыз. Материалды жоготуудан же ишенимсиз жерге коюудан сактануу үчүн файлдын акыркы версиясын дайыма жаңы (мисалы, версиянын номерин жана күндү көрсөтүү) аталыш менен сактап коюңуз.

### а. Редакциялоонун үч критерийи

Редакциялоо сиздин материалды бир топ ачык жана ритмдүү кылуу үчүн керек. Бул критерийлерди колдонуу материалыңыздагы ушул сапаттарды көрүүгө мүмкүндүк берет. Редакцияланган материал эки негизги критерийге шайкеш келүүсү зарыл:

- Ал байланыш боло алабы?

  Бардык бөлүктөрү бир бүтүндүккө чогулуп байланыша алабы? Далилди көрсөтүүдө ачыкка чыккан бардык карама-каршылыктар чечилдиби?

- Ал аягына чыктыбы?

  Материалда көтөрүлгөн бардык суроолорго жооптор берилдиби? Анда келтирилген фактылардын ар биринин булактары көрсөтүлдүбү?

- Жылыш барбы? Эгер окуя жай болуп баратса же өзүн-өзү кайталаса, анда сиз көрүүчүнү жоготтум деп эсептей бериңиз.

Ушул критерийлердин сакталышына ынануунун жакшы ыкмасы – көрүүчү сиздин эмне жөнүндө айтып жатканыңызга түшүнбөй калган учурда тексттеги түшүнүксүз учурлардын орун алышын текшерүү зарылдыгы. Тумандуу баяндоонун кеңири тараган себептери төмөндөгүлөр:

- Бул техникалык же бюрократиялык сүйлөө стилин колдонуу менен «ички» көз караште жазылган фрагмент. Текст жалпыга жеткиликтүү жана өтө адистештирилбеген болушу керек.

- Өтө узун сүйлөмдөр.

  Узун сүйлөмдөрдү бир канча бөлүктөргө бөлүңүз. Бирок этият болуңуз: Майдаланган көп сүйлөмдөр, узун сүйлөмдөр сыяктуу эле начар натыйжа бериши мүмкүн.

- Абдан узун абзацтар.

  Качан окуянын каармандары, орду жана идеясы алмашкан мезгилде жаңы абзацтан баштоо керек.

**б. Жакшы баяндама поездге окшош.**

Ал көздөгөн максатына алган багыты боюнча күч менен жылат. Ал жаңы жүргүнчүлөрдү алуу үчүн же сизге өзгөчө пейзажды көрүүгө мүмкүндүк берүү үчүн өз жүрүшүн акырындатышы мүмкүн, бирок ал токтобошу керек. Ошондуктан материалды жазууда жана редакциялоодо дайыма баяндаманын ритмин текшериңиз. Көрүүчү текстин биринчи абзацынан кийинки абзацына кантип кызыгып өткөндүгүн

сезиши керек. Эгерде бул ишке ашпаса, демек баяндама максатына жетпей калды десек болот. Бүтүндөй структураны толугу менен алмаштыруунун кереги жок. Көйгөй бар абзацты тактап, аны натыйжалуу кылуу үчүн жаңы материал кошуңуз же ашыкчасын кесип салыңыз.

**в. Зарыл болгон учурда гана кайрадан жазып чыгыңыз.**

Жогоруда көрсөтүлгөн ыкмалар материалдын бүтүшүн камсыз кыла албаса, текстин бир же эки сүйлөмүн эле өзгөртүп койбостон, бүтүндөй текстин түзүмүн кайрадан түзүп, кошумчалап жазып чыгуу керек. Текстин бүткөн жерлерин белгилеп, ага тийбей эле койгонуңуз оң. Ошону менен катар, баяндоо туура эмес берилген учурларга көңүл буруңуз. Андай көйгөйлүү жерлерди бир топ кыска бергениңиз жакшы. Өзүңүз айткыңыз келип жаткан эң курч жерлерин бөлүп алып, баяндоону ошонун тегерегинде жүргүзүңүз.

**г. Көйгөйлүү материалдардын 95 пайызын оң чечүүнүн үч жолу:**

Кесүү, кесүү жана дагы кесүү.

Материалдын көйгөйлүү жерин редакциялоонун эң жөнөкөй жана, адатта эң жакшы жолу – аны кесип салуу болуп саналат. Эгер сиз бул же тигил абзацты үчтөн көп жолу көчүрүүгө киришсеңиз анда аны жазууну улантуу аракети убакытты бошко кетирүүгө барабар. Ошондуктан, токтобой алга жылуу керек. Хемунгуэйдин «Коңгуроо кимге шыңгырайт» аттуу романында ал 60 жолу көчүрүп жазган жери бар. Баары бир ал ойдогудай угулбайт. Эгер Хемингуэй аны жасай албаса, сиздер аны дегеле жасай албайсыздар. Ошондуктан кесип салыңыздар.

**д. Тексттеги тоскоолдуктар туралуу сизге айткандарды угуңуз**

Эгерде текстин кайсы бир жерин өзүңүз каалагандай жаза албай жатсаңыз, демек сиз эмнени айтарыңызды өзүңүз түшүнбөй жатасыз же ага көңүл буруунун кажети жок. Адатта, себеп экинчисинде. Бирок, эгерде бул учур сиз үчүн маанилүү сезилсе, анда чындыгында өзүңүздүн эмне айтайын дегениңизди ойлонуп көрүңүз. Бул чыныгы жазуучулук эмгек, так ушундай учурларда сиздин баяндамаңыз терең жана курч берилет.

### е. Көлөмү кандай болушу керек?

Мындан отуз жыл мурда АКШдагы журналдарда 7000 сөзгө чейинки көлөмдүү материалдарды басып чыгаруу кадыресе көрүнүш эле. Учурда журнал, газиттер көлөмү 2500 сөздөн жогору болгон иликтөөлөрдү да сейрек басып чыгарышат. Ушуга эле окшоп, видео, кино-иликтөөлөрдүн рыногунда да аз форматтагы материалды талап кылат. Материалды жарыялоо максатында материалдын көлөмүнө карата мындай чектөөлөр менен макул болуу – көйгөйдү чечүүнүн бир жолу болсо, кээде материалдын редакцияланган, кыскартылган версиясы анын түп нускасына караганда курч таасир берип, кээде жакшы окулат (ММКнын көбү ашыкча нерселерди көп басып чыгарат).

Бул көйгөйдү чечүүнүн экинчи жолу, жөнөкөй эле кесип салууну сунуштоо болуп эсептелет. Журналистиканын тарыхында көлөмдүү эмгектердин таасирин жогорулаткан, ошондой эле ММКдын окурмандары үчүн материалдын оң таасирин күчөткөн басылмалар боюнча бир нече стратегиялар бар:

- **Материалдардын серияларын түзүү:**

  Материалдарды басып чыгарууга ыңгайлуу кылып жазыңыз жана редакциялаңыз. Бир узун макаланын ордуна бир канча кичикей макала жазыңыз. Анткени аларды ММКаларга басып чыгаруу ыңгайлуу. Материалдын ар бир бөлүмүнүн жарыяланышы окурмандардын көңүлүн анын кийинки бөлүмдөрүнө тартат, ошондой эле аны рекламалоо да натыйжалуу болот. Мындан тышкары, ММК жарыяланган серияларды бүтүн боюнча кайра чыгара алат.

- **Мүмкүнчүлүктү максималдуу кеңири колдонуу:**

  Материалды ар түрдүү ММКларга таркатыңыз.

  Мүмкүн анын кыскача версиясы үчүн газетадан орун табылып калат. Бирок, веб-сайт бир топ узун версиясын кабыл алышы мүмкүн. Өзүңүздүн материалыңыздын ар түрдүү версиясын сактоо укугун өзүңүз көзөмөлдөп, мүмкүн болушунча түрдүү ММКларга кеңири жайылтыңыз.

- **Брэндинг**

  Үзгүлтүксүз чыгуучу басылмалардын артыкчылыгына карата тизме түзүңүз.

  Чындыгында сизге канча орун керек? Көптөгөн иликтөөлөр ашыкча көп сөздүү жана көлөмдүү. Көбүнчө алар өзүнө алгачкы гипотезанын түрдүү аспекттери боюнча бир нече темага байланышкан материал камтыйт.

  Бир блокбастерди басып чыгаруунун ордуна, өз-ара байланышкан материалды басып чыгаруунун үзгүлтүксүз вариантын карап көрүңүз. Сериялуу басып чыгаруунун аралыгы өтө узак болгону да болбойт, анткени окурмандар сиз көтөргөн маселедеги сиздин салмагыңызды гана эмес, материалдын темасын да унутуп калышы мүмкүн. Бул жеке журналисттик брендди жана ММКнын бренддин түзүү жолдорунун бири.

## 6. МАКАЛАНЫН АЯГЫН КЫЗЫКТУУ БҮТҮРҮҮ

Баяндама искусствосу натыйжалуу корутундуну талап кылат, бирок, тилекке каршы журналисттер аны өздөрү ойлоп табууга мүмкүн эмес. Текстин аягы менен бирге биз жыйынтыкты түзүүбүз керек. Айырмасы олуттуу. Текстин аягы баяндаманын бардык сырларын ачат. Жыйынтык болсо жөн эле баяндаманын алдыга жылуусун токтотот.

Экинчиден, иликтенип жаткан тема эмне менен аякташы керектиги жөнүндө өзүңүздүн ой жүгүртүүңүздү көрсөтүүңүз зарыл. Бул чеги жок ой жүгүртүү болбошу керек. Альбер Лондрдын (Albert Londres) Гайандагы француалык түзөтүү колониясы жөнүндөгү материалы төмөндөгү сөздөр менен аяктаган: *«Мен бүттүм. Өкмөт башташы керек».*

Эгер кимдир бирөөдө жасалыш керек деген идея болсо, аны окурманга билдириңиз. Сиз жеке өзүңүздүн оюңузду жазсаңыз болот, анткени, эгер сиз иликтөөнү тийиштүү дэңгээлде жүргүзгөн болсоңуз, анда сиз бул тема боюнча эксперттин бири болуп калдыңыз. Ушул сыяктуу маселелерди чечкен адамдардын көңүлүн буруп, бул учурда көйгөйдү чечүүгө жоопкерчиликтүү адамдарды көрсөтсөңүз болот. Материалдын

булагы болгон адамга акыркы сөзүн айтууга мүмкүндүк берүү ыкмасы көбүнчө өз жемишин берет.

Башка ыкма бул – иликтөөнүн жүрүшү менен текстин аягына керектүү учурду атайылап алып коюу. Сыйлыкка татыктыктуу болгон басылмалардан дагы бир мисал келтирели. Муну Франциядагы «инфекция жугузулган кан» жөнүндөгү чырдуу ишти иликтөө учурунда кездештирдик. Бул материал окуя кайсыл жерде болгондугун сүрөттөп жазган жабырлануучунун билдирүүлөрүнөн, жана бир кабарды жасап жатканда пайда болгон мыкаачылык, ирронbackиялык ойлордон жазылып, ошондой эле (жабырлануучулардын өздөрүнүн балдары болчу») жана бүтүшүндө соттун кыжырын келтирген көрүнүштөн турат. Баяндама түшүнүктүү болушу үчүн анын түп нускасынан бир аз үзүндү келтирли:

*«Дарыгерлер биздин баарыбызга караганда мыкты болушу керекпи?» Мисалы, эмне үчүн бул врачты күнөөлөп жатабыз? Сот процесси жүрүп жаткан учурда андан, эмне үчүн арызыңды жазып өз кызматыңыздыды таштап кетип калбайсыз?, деп сураганда, ал: «Менин балдарым бар, мен аларды багышым керек» – деп жооп берген. Анын артындагы сот залында ушул врачтын айынан кечээ эле тирүү болгон өз балдарынан ажыраган көптөгөн ата энелер отурушкан.*

Ошондуктан, сиз өзүңүз айтасызбы же өз атыңыздан башка бирөөгө айттырасызбы, акыркы сөздүн тууралыгын дайыма текшериңиз.

Көпчүлүк иликтөөлөрдү материалдын акыркы саптарына келгенде авторлор өздөрү үзгүлтүккө учуратышат. Мунун себеби, автор окуя өзү эмнени айтып жатканын угууну каалабагандыктан, же автор аны айтуудан корккондуктан болот. Биз бир топ кеңири таркалган эки учурду карайлы: Автор тарабынан үзгүлтүккө учуратуу, качан ал : «Мүмкүн биздин изилдөө объектибиз чындыгында деле анчалык жаман эместир» – деген сыяктуу бир нерселерди айткан учурларда болушу мүмкүн. Бул жерде сиздин коркуу сезимиңиз сүйлөп жатат. Сиз объекттин сизди кечиримин каалап жатасыз. (Улуу психоаналитик Эрих Фромм айткандай, кээ бир адамдар Гитлер менен сыймыктанышкан. Анткени Гитлерден коркуп жатканыңызды моюнга алгандан көрө, андай адам менен сыймыктануу, анын алдында азыраак кемсинүүгө алып келет). Сиздин

өзүңүзгө болгон шектенүүңүз, качан сиз Акылман жана Урматтуу кимдир бирөөнүн сөзүнө шилтеме келтирип жатканыңызда эле сиздин шектенүү үнүңүз сезилип калат. Абдан Акылдуу жана Урматтуу Адамдын: «Жашоо көйгөлөргө толтура, бирок биз бийик социалдык абалдагы адамдар чын көңүлүбүздөн сиздер үчүн анын баарысын чечебиз». Тилекке каршы сиз азыр эле карама-каршылыктуу ой жазылган материалды жазууну аяктадыңыз.

Сиз өзүңүз көргөн чындыкты моюнга алдыңыз. Бул сиз ойлогондон да татаал, дал ушул сиздин ишиңиздин улуулугун аныктайт. Эгерде сиздин ишиңиз сизге аягында талкуу коюу укугун берсе, аны коюңуз. Мейли ал толук бүткөн болсун, мейли ал акыйкат болсун, мейли ал сиз өзүңүз билген чекте жазылсын, мейли ал тең салмактуу болсун, – анын баары туура. Бирок, сиз өзүңүз далилдеген чындыкты четке кагуунун кажети жок.

# 7-глава. КӨЗӨМӨЛ

## САПАТТЫ КӨЗӨМӨЛДӨӨ: ТЕХНИКА ЖАНА ЖҮРҮМ-ТУРУМ МАСЕЛЕЛЕРИ

Авторлор: Нильс Хансон, Марк Ли Хантер,
Пиа Тордсен жана Дрю Салливан

Биз эмнени карайбыз:

**Изилдөө предмети эмнеден тураарын аныктайбыз**

**Гипотезаны (божомолду) кезектеги текшерүүгө чыгарабыз**

**Гипотезаны текшерүү үчүн ачык булактардан маалымат издейбиз**

**Булак болчу адамдарды издейбиз**

**Маалыматтар чогултулган соң, материалды иликтөө, түзүү жана текшерүүнү жеңилдетүү максатында аларды иреттейбиз**

**Маалыматтарды баяндоо татибинде чогултуп, материалды түзөбүз**

**Окуянын ырастыгын текшерүү менен, сапатын көзөмөлдөйбүз**

---

**Сиздер теманы иликтеп, материал чогултуп, текст жаздыңыздар. Абдан сонун, бирок ал коомчулукка белгилүү боло элек кезде ишти туура аткаргандыгыбызга ынануубуз зарыл. Биз сапатты көзөмөлдөөбүз, же кесиптик тил менен айтканда, «фактыларды текшерүүбүз» зарыл.**

## ФАКТЫЛАРДЫ ТЕКШЕРҮҮ ДЕГЕН ЭМНЕ?

**Дүйнө жүзүндөгү иликтөөлөрдү жүргүзүү боюнча алдыңкы жамааттар – редакторду же толук ставкада иштеген фактыларды текшерүүчүнү (факт-чекер) жалдашат. Анын милдети – иликтөөнүн тийиштүү деңгээлде жүргүзүлүшүн жана түзүлүшүн камсыздоо болуп саналат. Бул процесс өзүнө төрт негизги нерсени камтыйт:**

- Биринчиси – сиз ар бир факты туура болгон окуяны гана эмес, бардык фактылар бирдиктүү көлөмдүү масштабдагы чындыкка бириккен, чындыгында анык болгон окуяны баяндап жаткандыгыңызга ишенүүңүз зарыл. Эгерде аталган фактылардын альтернативдүү түшүндүрмөсү сиздин баяндооңузга караганда көбүрөөк маңыздуу болсо, демек, бул жерде баары ойдогудай эмес.
- Андан соң, сиздин материалыңызда көрсөтүлүп жаткан ар бир фактыга карата булактын, же бир нече булактардын бар экендигин тастыктоо зарыл.
- Булактарды текшерүүнүн жүрүшүндө фактыларды баяндоодо кетирилген катачылыктарды аныктап жана аны оңдоо керек.
- Ошону менен катар, сиздин материалыңыздан эмоционалдык тоскоолдуктарды – сиз чарчаңкы, же аргасыздык, же коркуу сезимине кабылуу абалында жазууда материалга кирип кеткен негизсиз айыптоолорду, агрессивдүү, же кас асылууларды – алып салуу керек.

**Кайталайбыз: сиз теманы туура чагылдырууга милдеттүүсүз, такталбаган фактыларды кесип салыңыз, же оңдоп жазыңыз, ошондой эле сиздин баяндоо кыраатыңыз ишенимдүү чыгып жатканына ынанышыңыз зарыл.**

Биздин маектешибиз «Columbia Journalism Review»(«Коламбия Джорнализм Ревью») журналынын алдыңкы факт-чекери Ариэль Харт төмөнкүлөрдү билдирди: *«Менин колума бир дагы жолу эч бир катасы жок материал келип түшкөн жок. Мейли ал көлөмдүү болуп беш ба-*

*рактан турсун же эки абзацтан турсун, ал көлөмдөн да көз каранды эмес».*

*«Чынын айтсам, мен тапкан «каталар» – бул чечмелөө маселесинде жана аны авторлор көбүнчө өзгөртүүгө макул болушат. Антейин десең, дээрлик бардык макалаларда каталар бар. Алсак, болжолдуу көрсөтүлгөн жылдар, эскирген маалыматтар, тамгалардын түшүп калуусу, экинчи булактан алынган кеңири көлөмдүү маалыматтар, ошол эле убакытта алар эскирип, актуалдуулугун жоготуп коюшу ыктымал. Албетте, автордун өзүнүн архивинен алынган «фактылар» болот. Катачылыктар негизинен «Мен бул жерде бардыгы туура экендигин билем, муну текшерүүнүн кажети жок» деген жерлеринен табылат.*

Сиз ката кетиресиз, бул ар бир адамдын башында бар. Кээде бул сиздин формулировкадан көз каранды болсо, айрым учурда ал сиз баяндап жаткан окуянын маңызына байланыштуу келип чыгат. Кандай болгон күндө дагы бул көйгөй эмес. Акылдуу адамдар көйгөйдү чече билет, ал эми дилетанттар аларды эч ким байкабай калаарына ишенет. Тилекке каршы, мындай каталарга көңүл бура турган адамдар табылат, демейде ал сиздин досторуңуздун катарына кирбей калуусу мүмкүн. Эгерде сиз өз катачылыктарыңызды моюнга алып, оңдоп жана ага позитивдүү мамиле кылбасаңыз, анда кесипке карата көз-карашыңызды өзгөртүп, же адистигиңизди алмаштырганыңыз оң.

Сиздердин редакцияда эч ким фактыларга текшерүү жүргүзбөшү жана эч ким сиздин макаладагы фактыларды текшербеши мүмкүн. Анын кантип жасалаарын төмөн жакта айтып беребиз:

- Сизге кеминде эки киши – автор жана текшерүү жүргүзүүчү адам керек. Ар биринде материалдын бирден нускасы болуусу тийиш.
- Алгач толук элес алуу үчүн материалды жалпылата карап чыгыңыз. Ал калыс эмеспи же бир жактуубу? Бир нерсе жетишпей жаткандагыдай таасир калтырбайбы? Сиздикинен айырмаланган көз карашты кимдир бирөө чагылдыра алмак беле?
- Андан соң бүтүн материалдагы фактыдан фактыга, бир саптан экинчи сапка көз жүгүртүңүз. Фактыларды текшерүүчү редактор,

кесиптеш, адвокат, же болбосо жөн гана компетенттүү досуңуз ар бир факты тууралуу «Сиз муну кайдан билдиңиз?» деп сурап турат.

- Автор булакты так атоосу зарыл. Эгерде булак катары документ саналса, анда эки тарап тең шилтеме туура берилгендигин аныктоо үчүн документке кайрылат. Эгерде булак – интервью болсо, анда алар интервьюнун жүрүшүндөгү жазууларга көңүл бурушат, же жаздырылган үндү угушат.

- Эгерде булак жок болсо, анда автор аны табууга милдеттүү. Эгерде эч бир булак табылбаса, анда ал абзацты кесип таштоо зарыл.

- Факты текшерген редактор иликтөө объектисинин оюна, максатына, мотивине карата автордук интерпретацияны жактайт. Мындай материалды кесип таштоо зарыл. Ошентсе да, эгерде окуянын реалдуулугун тастыктоого мүмкүн болгон документтер – мисалы, белгилүү бир убактагы адамдын психологиялык абалын тастыктаган кат же күндөлүк – бар болсо, анда аны текстке киргизүүгө болот. Өзүңүз көрүп тургандай, бул процессте эч кандай татаал нерсе жок. Бул жерде жазылгандай бул процесс бир аз тажатма сезилиши мүмкүн. Ишенип коюңуздар, аны кандай атаганда да, тажатма көрүнүш катары кароого болбойт, анткени алдыга жылуу процессинде окуя реалдуу мүнөзгө ээ болуп, анын таасири сезилээрлик байкалат. Андан сырткары, бул процесс өзүңүздүн сот залында же башка жайда сөз эмне жөнүндө жүрүп жатканын билбегендигиңиз тууралуу айыптоолордон коргонуу аракетине караганда салыштырмалуу бир топ жеңил.

# ЭТИКАЛЫК ЖАГДАЙЛАРЫН ТЕКШЕРҮҮ

## БАСМЫРЛООНУ АШКЕРЕ КОЛДОНБОҢУЗ

Сиз тексттен негизсиз агрессияны жана кастыкты алып таштаганыңыз – акылга сыярлык иш. Ал эми текстте мындай «тоскоолдуктарды» калтырганыңызда, бул юридикалык катачылыктын жогорулашына алып келип, ошондой эле сиздин объектиңиздин каардануусун жаратып, аны күч колдонуу аракетине түртүүсү мүмкүн. Албетте, журналисттер өз иликтөө объектилерин көбүнчө мазактап, кордоого чейин барышат. Эгерде бул редактордун колонкасында жайгаштырылса, башка иш, анда пикир билдирүү жагы алдыга чыгып, ар бир жактын өзүнүн пикири болору түшүнүктүү болмок. Бирок өзгөчө ага иликтөөнүн жүрүшүндөгү ачылыштар кошулган учурда анын кесепети катаал аякташы ыктымал.

Журналист бул күчтү ашыкча пайдаланууда абдан сак болушу керек. Эгерде иликтөөлөр башка жакка карата олуттуу айыптоолорду жаратса, эреже катары, ага жеке мазактоолорду кошумчалоонун кажети жок.

Биз карап жаткан окуялардын көбүндө журналисттер чарчагандан, же чочулоо сезими пайда болгондон улам мазактоого жол бергендигин байкоого болот. Чарчоодон улам стресске мүнөздүү «күрөшүү же качуу» реакциясы пайда болуп, ошол эле учурда сиз, же объекти тарабынан чыныгы, же ойлонулган агрессия аракетти пайда болот. Сизге бул нерсенин тийешеси жок деген алдамчы ойго жетеленбеңиз. Бул нерсе болушу ыктымал жана болот. Сак болуп, бул кооптуу нерсенин белгилерине жол бербеңиз. Сиз текстке жайгаштырган нерселердин бардыгы акыл калчанып тандалган нерсе болуусу зарыл.

## ОБЪЕКТИГЕ ЖООП КАЙТАРУУ УКУГУН КАЛТЫРЫҢЫЗ

Баяндодо сиз келтирип жаткан далилдерге окуядагы каармандын жооп берүүсүнө мүмкүндүк бериңиз жана эч качан ага жөндөн жөн асылбаңыз. Балким, алар маанисиз түшүндүрмөлөрдү беришээр. Мейли ошондой болсун. Балким, алар ар-кандай комментарий берүүдөн баш тартаттыр. Көрүүчүгө ал тарап жооп берүүдөн баш тарткандыгын маалымдаңыз. Бир дагы адам журналисттер менен сүйлөшүүгө милдеттендирилген эмес, жана мындай баш тартуу анын күнөөлүү экендигинен кабар бербейт.

Биз сизди иликтөөнүн жүрүшүндө кастык мамиледеги булактар же объекттер менен мүмкүн болушунча эртерээк жана тез-тез байланыш түзүүгө чакырабыз, эгерде бул нерсеге (сиздин коркуп-чочулооңуздан сырткары) негиздүү себеп бар болсо, андан баш тартыңыз. Мындай стратегиянын башкы себеби – объект өз көз-карашын түшүндүрө баштаганда, көбүнчө гипотезалар таптакырката экендиги ачыкка чыгат. Мындай нерсе биздин баштан өткөн жана бир нече жума жана айлар бою иштеген эмгек текке кеткен учурлар болгон.

## ӨЗ БУЛАКТАРЫҢЫЗГА КАРАТА СЫЙ МАМИЛЕДЕ БОЛУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

SVT швед телеберүү тармагынын иликтөө бөлүм жетекчиси Нильс Хансон, өз репортёрлорун, сындоонун негиздүүлүгүнө ынануусу үчүн, төмөнкү эрежелерге таянууну өтүнөт:

- Биринчиден, материалды карап чыгып, кайсы бир адамдын, уюмдун же компаниянын дарегине айтылган сын-пикирлерди белгилөө.
- Сындалган тараптын бул тууралуу кабары барбы? Эгерде андай эмес болсо, аны жасоо керек, эгерде сизде ал үчүн негиздүү себеп жок болсо (мисалга, сизди ал үчүн камакка алышы, же өлтүрүүсү ыктымал болсо, анда жасабаңыз).
- Сындалган тарап өз дарегине айтылган сынга жооп кайтардыбы? Эгерде андай эмес болсо, демек, мында түшүнүксүз нерселер бар экендигинен кабар берет. Бул материалды эртерээк чогултуу керек эле.
- Репортер жооп алууга аракет кылгандыгы тууралуу документалдуу тастыктама барбы? Бул материалды иштин абалына карата чогултуңуз.
- Сындалган тараптын жооп жазууга жетиштүү убактысы болдубу? Сиздин суроо канчалык татаал болсо, экинчи тараптын жоопту даярдоосуна ошончолук көбүрөөк убакыт талап кылынат, жана анын андайга укугу бар.

- Сын-пикирге жооп кайтарган адам, дал ошол бизге керектүү жооп алчу адамбы? Таң калаарлык нерсе – көбүнчө журналисттер кагылган коңгуроого жооп берген, бирок журналистке зарыл болгон нерседен таптакыр кабары жок катчы, же короо шыпыргыч менен узакка созулган маектешүү уюштурушат.

- Сындалган тарапка өз версиясын баяндоого мүмкүндүк берилген беле? Эгерде андай болбосо, сиз анын укугун бузган болосуз жана иликтөөнүн маанилүү жагын колдон чыгаруудасыз. Интервью берген тарапка анын сөздөрү сиз тараптан кандай берилээри тууралуу алдын-ала билдирүү жасадыкпы? Булактын көз-карашынан алганда, анын кайсы сөздөрү сиздин материалдын кайсы жеринде келтирилээрин билиши керек жана келтирилген далилдер анын айткандарына дал келүүсүн текшерүү мүмкүндүгүнө ээ болушу керек (бирок моюнга алууларын жана айтылган билдирүүлөрүн өчүрүп салбаңыз). Булак материал менен толук таанышып чыгууну талап кыла албайт. Эч качан булакка мындай укукту бербеңиз. Качан тема толугу менен ага арналса, же иликтөө предмети ушунчалык техникалык жактан татаал болуп, сиз анын түз кийлигишүүсүз аны туура эмес түшүнүп алууңуздан булак мыйзамдуу түрдө кооптонгон кезде гана мындай укук берилет. (Мисалы бул айрым илимий темаларга таандык).

## КООПТУУ БУЛАКТАР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

Чыгыш Европадагы уюшкан кылмыштуулукту иликтөө боюнча өзгөчө иштерди жүргүзгөн Дрю Салливан бандиттер менен сүйлөшүүдө колдоно турган эрежелердин тизмегин түзгөн. Ар кандай иликтөөдө каршылаш маанайдагы тараптар менен иштешүүдө ага таянууга болот:

- Телефон аркылуу сүйлөшүңүз, же эл көп болгон жерде жолугушуңуз

- Ага жеке маалыматтарды бербеңиз (мисалга, аты-жөнүңүз, сүйлөшкөн кызыңыздын аты же кесиби, туулган шаардын аты жана башка).

- Профессионал болуңуз. Өзүңүздү дос катары көрсөтүп, акылсынып, кубулуп мамиле кылбаңыз. Чочулооңузду байкатпаңыз;

- Макала жарыяланган соң, сиз менен байланышып, комментарий билдирүүсү үчүн, сөзсүз түрдө байланыш маалыматыңызды таштаңыз («эч качан жеке даректи бербеңиз).

Жогоруда айтылгандардын арасынан, биздин оюбузча, эң негизгиси, чоочулооңузду көрсөтпөңүз. Коркуу сезиминин болушу экинчи тарапка сиз өз аракетиңизге, өзүңүзгө ишенбегениңизди көрсөтөт. Ошондой эле, бул сиздин кооптуу экениңизден кабар берет, анткени, корккон жаныбар же адам алдын ала айталгас болуп калышат жана алар күтүүсүз кол салууга да барышы ыктымал.

Албетте, өзгөчө сиз кооптуу жагдайда калганда коркуу сезиминин болушу кадимки көрүнүш. Дагы бир жолу кайталайбыз: ага каршы күрөшүүнүн бир ыкмасы – бул өз сезимиңизди кубулуш катары кабылдап, аны келечектеги талдоонун объектиси катары элестетиңиз. Бул сиздин эмоцияңызды объективдештирип, белгилүү даражада андан алыстоого мүмкүндүк берет.

## АЧЫК-АЙКЫН МАМИЛЕ

Салливандын ыкмасына окшогон, бирок ачык-айкын жана активдүү ыкма Пулитцеровдук сыйлыктын лауреаты Дебора Нельсон тарабынан сунушталган. Өз иликтөөсүнүн ар бир этабында ал ар бир жаңы фигурантка өзүнүн иш-аракети жана жаңы табылган факты тууралуу маалымдап турган жана ар бир ачылышка алардын комментарий берүүсүн өтүнгөн. Ал мындай ыкманы, өзүнүн кесиптик жактан жогорулоосунда артында бүлүндүрүүчү из калтырган, полицейский жөнүндөгү материалында пайдаланган. Ал ага ар бир маселе боюнча комментарий берүүсүн өтүнүп кайрылып турган жана макала жарыялоонун алдында ага окуп бергенде, ал: «Мыкты материал. Мен аны так ушундай элестеткем», – деп билдирген.

Бул окуу китебинин айрым окурмандары, алардын өлкөсүндө кылмышкерлерди эске албаганда, бийлик өкүлдөрү, же башка таасирдүү иликтөө объектилери менен түз, жөнөкөй манерада сүйлөшүү мүмкүн эместигин кескин билдирип чыгышат. «Жарыялоо алдында цитатанын тактыгын тастыктап берүүнү өтүнүп, кантип телефон чалууга болот? Ооба, булактар аны айткандыгын четке кага баштайт. Же материал жа-

рыяланганга дейре басым көрсөтө башташат!». Сиз өзүңүз абалды бизден жакшы билесиз.

Ошентсе дагы, өз тажрыйбабыз көрсөткөндөй, журналисттер мындай абалга өздөрү элестете албагандан күчтүү таасир бере алышат. Тактап айтканда, эгерде сиз өзүңүздү ачык-айкындуулук режиминде иштөөгө укугуңуз жана мүмкүнчүлдүгүңүз бар адам катары алып жүрсөңүз, анда көптөгөн булактар ага ишенет. Башкача айтканда, эгерде сиз өзүңүздү эр жүрөк катары алып жүрсөңүз, сиздеги коркунучтар айланадагыларга анчалык сезилбейт.

Кандай гана ыкманы тандап албаңыз, негизгиси, сиз бардыгын акыл калчап, ал туура ыкма экенине ынанууңуз керек. Сизде мындай ишенимдин бар же жок экендиги өзүңүздүн булактарга белгилүү болот.

## ФАКТЫЛАРДЫ ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН НЕГИЗГИ АРХИВДИ ПАЙДАЛАНУУ

**Иликтөөнүн түрдүү аспектилерине арналган негизги архивди же архивдердин сериясын түзүү бизге маалыматтарды уюштурууда жана алардын эсебин жүргүзүүгө кандай жардам берээрин 5-Главада көрдүк. Буларды жасоо менен сиз адвокаттардын жана фактыларды текшерүүчү редактордун сүймөнчүлүгүнө ээ болосуз.**

Эгерде сиз негизги архивди туура түзсөңүз, анда сизде ар бир факт үчүн булактын болушу зарыл. Баяндоого сиздеги бардык булактарды киргизүү шарт эмес. Ошону менен катар, резонанстык мезгилде маалымат булагынын документтерин текшерүүгө ыңгайлуу болгон тартипте жайгаштырууңуз керек.

Негизги архивди туура түзгөн болсоңуз, ал материал кайда тургандыгын так айтып берет, анткени, сиз бул архивде ар бир факты боюнча булактарды белгилеп чыккансыз. Арбир пайдаланган документтин жаңы көчүрмөсүн жасап, аларды пайдалануу тартибинде жайгаштырыңыз. Бул сиз жана факт-чекер үчүн маанилүү нерсе. Сиз өз материалыңызды бардык негизги архив боюнча издегенге караганда тезирээк табууга мүмкүндүк аласыз, анткени жалпы архивде сиздин материалга тийишсиз документтер да орун алган.

Күлбөңүз, бирок, бул процессти ишке ашырууда бизге белгилүү болгон эң жеңил ыкмалардын бири – булактарды көрсөтчү сап алдындагы шилтемелер берилген материалдын версиясын даярдоо болуп саналат. Бул иш көп убакытты талап кылбайт, ал эми натыйжада, көптөгөн адамдын убактысын жана күчүн үнөмдөйт. Шилтемелерди түзүүгө кеткен убакыт, качан иликтөө объектилеринен сокку келээрин күткөн учурларда өзүнөзү актайт.

Эгерде сиз бул ыкманы пайдалана турган болсоңуз, булактардын аталышын негизги архивден көчүрүп, шилтемелерге коюп коюнун кереги жок. Мында булакка шилтеме келтирүүдө, эмне деп жазып жатканыңызды булак менен салыштырууга бир аз убакыт бөлгөнүңүз оң. Сиз эч нерсени бузбастан, кошумчалабастан бергениңизди текшериңиз. Мындай нерселер дайыма болот, эгерде кимдир-бирөө сиздин текстке

байланыштуу арызданса, мындай майда-барат катачылыктар сиздин шалаакылыгыңыздан кабар берет.

Шилтемелерди жана документтештирүүнү жөнөкөйлөштүрүүнүн бир нече ыкмалары бар. Эгерде булак Интернет барагында жайгашса, сиз шилтемеде берилген URL-дареги боюнча тапсаңыз болот. (Веб-баракчаларды көчүрүп алууну сунуштайбыз, алар материал жарыяланганга дейре документалдуу тастыктама катары кызмат кылат, анткени веб-сайтты алмаштыруу оңой жана мындай болсо, сиз өз далилиңизди жоготуп алууңуз ыктымал. Интернешнл Херальд Трибьюн» жарыялоого дейре иликтөө объектисине арналган бүтүн веб-сайтты көчүрүп алуу менен туура иш кылган: материал жарыкка чыккан күнү веб-сайт өчүрүлгөн). Ошондой эле, сиз өз документтериңизди веб-баракчада жайгаштырып, шилтемесин (ссылкасын) фактыларды текшерүүчү редакторго жөнөтүп, же аны компакт-дискке көчүрө аласыз.

Сиз пайдаланып жаткан бардык электрондук жабдуулар ишенимдүү экенине көңүл буруңуз. Биздин бир кесиптешибиз улут аралык кампания тууралуу мыкты материалдын үстүндө иштеп жатып, документтерди сактоочу жай катары веб-сайтты пайдаланган. Анын репортёрлорунун бири башка уюмга ишке орношуп, алар бул веб-сайтты тоношкон. Мындай нерселердин сизде болушуна мүмкүндүк бербеңиз.

## ФАКТЫЛАРДЫ ТЕКШЕРҮҮНҮН АЛДЫН-АЛА БЕЛГИЛҮҮ ПСИХОЛОГИЯЛЫК КЕСЕПЕТТЕРИ

**Фактыларды текшерүү процесси сөзсүз түрдө анын катышуучуларына өз таасирин тийгизет, маселе – кандайча? Кесепеттери карама-каршылыктуу болушу мүмкүн, бирок алар өзүнөн өзү жоюлбайт.**

Баарынан мурда, өз маалыматтарыныздын тууралыгына ынануу үчүн аны кайрадан текшерип карай баштаганыңызда, аларды чогултууда сизде пайда болгон эмоциялар кайрадан пайда боло баштайт. Эгерде сиз ал учурда кыжаалат болуп каардансаңыз, же маанайыңыз чөгүңкү болсо, сиз ал сезимдердин калдыктарын сезесиз. Дагы бир нерсе, балким сизде өз иликтөө объектиңизге карата жан тартуу сезими болушу ыктымал, адатта бул сезимдин артында коркуу сезими турушу мүмкүн.

Сиз бул сезимдерди эске алып коюшуңуз туура болот. Журналисттик иликтөө процессинин жүрүшүндөй эле, бул эмоцияларды жазып алуу менен, сиз аларды материалга айландырып, аларды манипуляция кылып, же көзөмөлдөй аласыз. Кээде ушундай учурларда жазылган сиздин жазууларды баяндоо текстинде пайдаланышыңыз мүмкүн.

Аталган процесстин тигил же бул этабында сиз бир нерсени туура эмес түшүнүп алганыңызды өзүңүз же башка бирөөлөр аркылуу сезесиз. Бул инстинктивдүү кооптонуунун бир нече себеби болушу мүнкүн жана алардын бардыгы эле негиздүү боло бербейт.

Балким сиз маанилүү катачылык кетиргенсиз, мындай учурдагы мыкты чечим – аталган тилкедеги өз ишиңизди кайрадан текшерип чыгуу болуп эсептелет.

Ошол эле учурда, сиз чындыгында чындыкты таптыңыз, бирок ал сизге карата коркунучтуу келечекти камтып тургандыгына ишенгиңиз келбей турган абал да жаралышы ыктымал. (Мисалы, качан Анн-Мари Кастере Франциянын жогорку даражалуу чиновниктери СПИД вирусу жуктурулган кан препараттары менен соода кылгандыгын билишкенде, алар өздөрүн акылдан адашкандай сезишкен).

Дагы бир жолу айта кетчү нерсе, мыкты чечим – бул колдогу маалыматтарга дагы бир ирет жакындан көз жүгүртүп чыгуу. Эгерде маалыматтар дүйнөнүн сиз элестеткенден жийиркеничтүү жана катаал экендигин айтып турса, анда сиздин материал аны өзгөртүүгө өз салымын кошоорун ойлоп өзүңүздү сооротуңуз.

Эгерде сиз ката кетирсеңиз, бул катачылыктын орун алышын түшүнөөрүңүз менен, аны тез арада, колдон келишинче эртерээк моюнга алыңыз. Бул башка катачылыктарды издеп табууга көмөк көрсөтөт.

Эсиңизге тута турган нерсе, көптөгөн катачылыктар биздин акыл эсибиз өзүнөн өзү материалдагы боштуктарды өз ой-жоромолдорубуз менен толтурууга умтулгандыгынан пайда болот. (Эгерде сиз кайсы бир кезде «Коломбо» сериалын көргөн болсоңуз, анын көндүм ыкмаларынын бири катары шектенүүчү жакка абалды өзү ойлогондой ой жорумунда айтууга мүмкүндүк берет). Балким, сиз иликтөө текстин түзүп жатканыңызда сиздин акылыңыз сиз менен ушундай тамаша оюнун ойноп жаткандыр. Бул качан өзүңүзгө: Мен эмне болгондугун так билбейм, бирок бул ушундай болгон болушу керек» деп ой жүгүрткөндө келип чыгат. Адатта, жашоодо эмне чындыгында болгон болсо, ошол нерсе кызыктуу. Же сиз аны жоромолдоп жаткандыгыңызды окурмандарга айтыңыз, же өзүңүздүн билбестигиңизди моюнга алыңыз. Эгер сиз бир нерсени билбесеңиз, аны айтуу менен сиз катачылык кетирбейсиз, ошол эле учурда билген нерсеңиздин маанисин күчөтөсүз.

Акырында, автор жана фактыларды текшерүүчү редактор бири-бирин кыжырданта башташат. Алар алдыга коюлган максатка жетүү үчүн чымырkануу менен иш алып барышат, бул алардын сый мамиледе болуусуна шарт түзбөйт. Мунун кесепети абдан олуттуу, ошондуктан мындай абалдын келип чыгуусун жана аны чечүү ыкмасын да олуттуу кароо керек.

Автордун фактыларынын жана интерпретацияларынын шектүү каралышы ага карата чыккынчылык катары кабылданышы мүмкүн. Экинчи жагынан караганда, факты текшерген редактор анын биринчи мугалими жана анын айткандарына ишенбей коюуга болбостугун акыл эси менен сезе алат. Же болбосо автор темага ушунчалык берилип киргендиктен,

ар бир факты анын денесине сиңип калгандай болушу мүмкүн. Мындай эмоциялар түз айтылып, ушундай эле жооп алышы мүмкүн.

Өз кезегинде, фактыларга жооп берүүчү редактор макаларынн авторунун өз ишине жеңил мамиле кылып, же эмоцияга өтө берилип, же болбосо өз ишин жакшыртууга жетиштүү көңүл бурбай жаткандай сезип, ошого камтама болушу мүмкүн. Мындай каршылашуу орун алышы толук ыктымал, эгер эки тарап тең негизги милдет катары материалды кантип мыктылоо керектиги тууралу ойлонбосо, ал күчөшү гана мүмкүн. Эгерде бир, же эки тарап тең өзүмчүл, коркуу же келишпестик мамиледе болуп, бири-бирине ишеним билдире албаса, анда негизги милдет аткарылбастан калат жана экөөнүн бирге иштешпей койгону оң.

Ошентип, иликтөө долбоорунун үстүндө иштей баштаган биринчи күндөн баштап эле журналист анын материалындагы фактыларын ким текшерүүгө алаарын жана алар биргеликте кандай иштээри тууралуу билүүсү маанилүү болуп саналат. Факт-чекердин талапкерлик маселесин акыркы планга калтырууга болбойт. Эгерде иш жүрбөй калса, бардык эмгек текке кетиши мүмкүн.

# 8-глава. ЖАРЫЯЛОО

## ЖАРЫЯЛАГЫЛА!

Автору: Марк Ли Хантер

Биз эмнени карайбыз:

**Изилдөө предмети эмнеден тураарын аныктайбыз**

**Гипотезаны (божомолду) кезектеги текшерүүгө чыгарабыз**

**Гипотезаны текшерүү үчүн ачык булактардан маалымат издейбиз**

**Булак болчу адамдарды издейбиз**

**Маалыматтар чогултулган соң, материалды иликтөө, түзүү жана текшерүүнү жеңилдетүү максатында аларды иреттейбиз**

**Маалыматтарды баяндоо тартибинде чогултуп, материалды түзөбүз**

**Окуянын ырастыгын текшерүү менен, сапатын көзөмөлдөйбүз**

**Материалды жарыялайбыз, жайылтабыз жана аны коргойбуз**

---

**Сиздер маанилүү окуяны ачып көрсөтүүгө жана аны далилдөөгө өзүңүздөрдүн көп убактыңыздарды жана күчүңүздөрдү жумшадыңыздар. Эми сиздер аны, баарынын көңүлүн бурдуруп, чоң чуу кыла тургандай кылып жарыялооңуздар керек.**

**Эмне үчүн? Анткени, андан ары уланбашы керек болгон кээ бир көрүнүштөр токтотулушу керек же өзгөрүлүүсү зарыл. Бул жерде, сизге, өз эмгегиңизди коомдогу ой-пикирден коргооңузга туура келип калышы мүмкүн (Буга чейин, сотто өз эмгегиңизди коргоого**

**кантип даярдануу керектигин караганбыз). Өз эмгегиңизди коргоого туура келеби же жокпу, баары бир сиз эмгегиңизди илгерилетүүгө милдеттүүсүз.**

**Эмне себептен? Себеби, репортер жалгыз эч качан ийгиликке жете албайт. Жакшы болду дегенде, ал байкалбаган бойдон калып, ал эми анын эмгеги эч кандай натыйжа бербейт. Ал эми жаман болду деген-де – ал жазаланышы мүмкүн. Ошону менен катар, бизге эң мыкты эмгек катары белгилүү болгон «Каардуу Журналистика» деген аталыштагы китепте журналисттик иликтөөдө максатка жетүү үчүн, иликтөө долбоорлорунун ийгилигин камсыздоо үчүн союздаштарды тартуу маанилүү экендигин белгилейт.**

**Катардагы журналистикадан айырмаланып, иликтөө көптөгөн убакытты, күчтү жана каражатты талап кылат. Ошондуктан, кеткен күчтү жана каражатты оптималдуу кайтарууга аракет жасабоо, чоң жаңылыштык болмок. Болбоду эле дегенде, ММК жүргүзгөн иликтөөсү үчүн кадыр баркка жетип, башкаларга караганда көрүнүктүүлүгү өскөндөй пайда алышы керек. Ушундай долбоорлордун болушу менен, өзгөчө маңыздагы, маалыматтарга бай материалдарды көрүүчүлөрүнө сунуштаган ММК, мындай жумушту жасабаган ММКна караганда көп пайдалуу экендигин даңазалооого болот.**

**Көрүүчүлөрүңүздүн, сиз көтөрүп чыккан материалдын наркын түшүнүүсүнө бар күчүңүздөрдү жумшаңыздар**

**Мындан ары долбоорду жарыялоодо, коргоодо жана аны алдыга жылдырууда колдонууга зарыл болгон кээ бир минималдык кадамдарды көрсөтсөк болот.**

## ЖАРЫЯЛОО

**Материалыңыздын тиештүү деңгээлде редакцияланышын көзөмөлдөңүз. Иликтөө иштеринде тажрыйбасы болбогон редактор керектүү негизги фактыларды кыркып салуу менен бүтүндөй долбоордун ишин жокко чыгарышы мүмкүн. Маанилүү фактылар үчүн бек туруугa, маанисиз фактыларды моюнга алууга даяр болуңуз.**

Материалыңыздын жакшы сүрөттөлүшүн көзөмөлдөңүз. Графикалык элементтердин же сүрөттөрдүн начар даярдалышы же алардын такыр жок болшу көрүүчүлөрдүн материалды түшүнүүсүн жана кабыл алуусун начарлатат.

**Материалыңыздын ылайыктуу аталышын камсыздаңыз.**

Редактордун, материалдын мазмунуна шайкеш келбеген жана андагы идеяларды чагылдырбаган аталышты берүүсүнө жол бербеңиз.

Материалыңыздын максималдуу түрдө элдин көңүлүн өзүнө татышына жана анын кеңири таркатылышына аракеттениңиз.

## ЖАРЫЯЛООГО КАМЫЛГАЛАР

**Материалыңыздын жарыкка чыга турган күнүн өзүңүзгө жакын булактарга маалымдаңыз жана алардын өздөрүнүн досчөйрөсүнө таркатышы үчүн тиешелүү көчүрмөлөрдү же шилтемелерди алууларын көзөмөлдөңүз. Ошондой эле, сиз алып чыккан маселе мүдөөлөрүнө туура келген парламентарийлерге же башка саясий фигураларга карата да ушундай жасаңыз.**

Жарыялоонун алдында, ММКдагы кесиптештериңизге жана коомдук уюмдарга «ачкыч»-документтер менен чогуу материалдын көчүрмөсүн жеткирүү чараларын көрүңүз. Алар бул документти өз алдынча ала алышпайт, ал эми сиздин кортундуңузду далилсиз жарыялагысы келишпейт.

Өз темаңызды коомдук форумдарда(башка ММК, универститеттер, жарандардын бирикмеси ж.б. ) талкулоо жөнүндө макулдашыңыз.

Каршылаштарыңыздын каршы чабуулдарына, алардын ой-пикири, көз карашы боюнча сизде болгон маалымат менен алдын ала даярданыңыз. Жана ошондой эле, кандай жаңы маалыматтарды аларга каршы колдоно алышыңызды терең ойлонуп көрүңүз. Бул ыкма Анн-Мари Кастере тарабынан оору жугузулган кан боюнча материалда ийгиликтүү колдонулган.

## ЖАЙЫЛТУУ

**Материалыңыз жөнүндө, негизги корутундуларды камтыган, бир нече сүйлөмдөрдөн турган пресс-релиз даярдаңыз.**

Материалды сизге атаандаш болбогон чет элдик ММК менен биргеликте чыгаруу жолдорун карап көрүңүз(мисалы, басылмаларда, эгер материалыңыз радиого даярдалса, жана тескерисинче).

Материалыңыз жарыяланары менен өз материалыныз жөнүндө Интернет-форумдарга жана кызыккан топторго маалымдаңыз.

## АЯГЫНДА

**Даярдаган материалыңыз чоң ММКга чыгабы же майдасынабы ал маанилүү эмес, тиешелүү маселе кимге маанилүү болсо ошолорго байкалаардык болушу маанилүү. Эгер башка эч кандай жетишкендикке жетишпесеңиз да, аларга, кимдир бирөө, сиздин материал маанилүү экендигин сезүүгө мүмкүнчүлүк бересиз.**

**Өз жумушуңузга баа берип ыракаттануңузга убакыт бөлүңүз. Сын-пикирлерди угуп, аны өз жыргалчылыгыңыз үчүн колдоно билиңиз. Кимдир бирөө сизге жылдызга мамиле кылгандай мамиле кылат, албетте, бул эң сонун, а эң негизгиси – башкача мамиле кылгандардан өзүңүздү сак алып жүрүңүз.**

**Эгер такыр башка теманын үстүндө иштөө керек болсо, иштеңиз. Мүмкүн кызыккан тармагыңызды алмаштыргыңыз келип жүрбөсүн. Мүмкүн бир ордунда айлангандан көрө ийгиликтүү иштеген нерсени үйрөнгүңүз келет. Эсиңизде болсун: ар бир иликтөө менен сиз күчкө толосуз.**

**Кайда жөнөбөңүз, жаныңызда өзүңүздүн методторуңузду ала жүрүңүз, ошентип сиз ийгиликке жетишесиз. Биз ал жакта болуп келгенбиз, ошондуктан билебиз.**

**Кош келиңиз жана сизге ийгилик!**

Кээ бир журналисттер, журналистиканы өздөрүнүн чыныгы кесиптик ишмердүүлүгү менен алектениш үчүн эмес, мамилелерди түзүү каражаты катары карашат. Бул окуу куралы, журналистиканы өзүнүн кесиптик ишмердиги катары караган журналисттер үчүн кызмат кылат.

## Казакстан Республикасындагы IWPR Өкүлчүлүгү

Казакстан 050000, Алматы шаары

Казыбек бий көчөсү - 50, 2-кабат, 84-кеңсе.

Тел.: +7 727 272 5903, 272 6421, 272 6890

E-mail: iwpr.kazakhstan@iwpr.net

http:// www.iwpr.net; www.cabar.asia

## Кыргыз Республикасындагы IWPR Өкүлчүлүгү

Кыргызстан 720001, Бишкек шаары

Киев көчөсү - 114/2, кеңсе №1.

Тел.: +996 312 313 097, 312 955

E-mail: iwpr.kyrgyzstan@iwpr.net; cabar@iwpr.net

http:// www.iwpr.net; www.cabar.asia

## Тажикстан Республикасындагы IWPR Өкүлчүлүгү

Тажикстан 734026, Дүйшөнбү шаары

М. Турсунзаде көчөсү, 45, “Пойтахт” Соода үйү, 5-кабат, 516-бөлмө

Тел.: (+992 44) 640 10 11; 640 10 12

Факс: (+992 44) 640 10 13

E-mail: iwpr.tajikistan@iwpr.net

http:// www.iwpr.net; www.cabar.asia

**Story-Based Inquiry:**

**A manual for investigative journalists**

* * *

**Окуяга негизделген иликтөө:**
**Журналисттик иликтөө үчүн колдонмо**

Китептин автору: Марк Ли Хантер / Mark Lee Hunter

Авторлош: Нильс Хансон / Nils Hanson

Рана Саббах / Rana Sabbagh

Пиа Тордсен / Pia Thordsen

Люк Сенгерс / Luuk Sengers

Флемминг Тейт Svith / Flemming Tait Svith

Форматы 60x84 $^{1}/_{8}$.
Көлөмү 18,5 накта бас. таб.
Офсеттик кагаз. Офсеттик басма.
Нускасы 1000.

«V.R.S. Company» ЖЧКсында басылды
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы
e-mail: vrs-co@mail.ru